3-МОДУЛЬ

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПКЕ БАЛДАР КИТЕБИН ПАЙДАЛАНУУ

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

БИШКЕК – 2020

УДК 372.3/.4
ББК 74.26
Ү-99

**Түзүүчү-авторлор:**

Орозова Р. А., Эсенгулова М.М., Усупова М. К., Фадеева Г.Н., Юсупова А.Д.,
Brattle Publishing Group, LLC® басма тобунун бөлүмү Brattle Education

П.и.к.И.А.Низовскаянын жалпы редакциясынын алдында.

Ү-99
**3-Модуль Башталгыч мектепте балдар китебин пайдалануу**
Түз. авт. Р. А.Орозова ж.б. – Б.: 2020, 80 б.
ISBN 978-9967-9313-0-5

Бул окуу модулунда балдар адабияты жана балдарга арналган китептер түшүнүктөрү ачылып берилген жана а) башталгыч класстарда балдар китептерин окуу процессине ар кандай предметтик сабактарга киргизүүнүн маанилүүлүгү; б) балдар китептеринин ар кандай түрлөрү; в) ар кандай балдар китептерин окуу жана жазуу, математика, мекен таануу, турмуш-тиричилик негиздеринин коопсуздугу, этика, кыргыз тил жана орус тил сабактарында колдонуу мүмкүнчүлүктөрү; г) мугалимдер балдар китептерин окуу процессине киргизе ала турган стратегиялар каралган.
Материалдар жалпы билим берүү уюмдарынын, академиялык уюмдардын жана жогорку билим берүү уюмдарынын, Кыргыз Республикасынын квалификацияны жогорулатуу тутумунун өкүлдөрүнөн турган улуттук эксперттик топ тарабынан иштелип чыкты. Бул топ эл аралык эксперттер Ширли Диксон (философия илимдеринин доктору), Карон Харден (билим берүү тармагында илимдер магистри) жана Brattle Publishing Group басма тобу менен тыгыз кызматташтыкта иш алып барды.

Редактор: Абдыжапар уулу Мундузбек

Техникалык редакциялоо, басмага даярдоо жана дизайн Токтогулова Н.К жана Brattle Publishing Group® тарабынан аткарылды

ISBN 978-9967-9313-0-5 УДК 372.3/.4
ББК 74.26

## ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ

USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору – бул башталгыч мектеп окуучуларынын окуу жана математика боюнча окуп-үйрөнүү натыйжаларын жакшыртууга багытталган беш жылдык (2019-2024) долбоор. Бул демилге USAIDдин Кыргыз Республикасында башталгыч мектеп окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган буга чейинки долбоорлорунун жетишкендиктерине негизделет. «Окуу керемет!» долбоору математика жана окуу сабактары боюнча класстан тышкаркы иш-чараларды уюштурууга колдоо көрсөтүү менен башталгыч класстардын бардык окуучуларын сапаттуу билим менен камсыз кылуу багытында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен кызматташтыкта иш алып барат.

«Окуу керемет!» долбоорунун алкагында мугалимдердин окуу сабагын окутуу практикасын жакшыртуу максатында мугалимдерди окутуу үчүн 5 өркүндөтүлгөн окутуу модулдары иштелип чыкты. Бул окуу жана усулдук материалдар Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун Окуу жана усулдук бирикмесинин отурумунда каралып, башталгыч класстарда окуу сабактарын даярдоо жана өткөрүү жана педагогикалык курамдын квалификациясын жогорулатуу максатында колдонууга сунушталды (2020 жылдын 14- октябрындагы отурумдун протоколунан көчүрмө).

USAIDдин «Окуу Керемет!» долбоору Кыргыз билим берүү академиясына жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы РПККЖКДИге материалдарды иштеп чыгуу процессинде эксперттик колдоо көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылык билдирет.

## КИРИШ СӨЗ

*Урматтуу мугалимдер!*

«Окуу керемет!» долбоорунун алкагында иштелип чыккан бул окуу модулуна кош келиңиздер!

«Окуу керемет!» долбоору Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүгүү агенттиги (USAID) тарабынан каржыланат жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен кызматташтыкта ишке ашырылат. Бул долбоор Кыргыз Республикасында жайгашкан башталгыч мектептердин 75%да

1-4 класстарда билим алган 300.000 окуучулардын окуу жана математика боюнча окуп-үйрөнүү натыйжаларын жакшыртууга багытталат.

Аты айтып тургандай, «Окуу керемет!» долбоору ар бир бала үчүн билим алуунун күчүн жана мүмкүнчүлүктөрүн даңазалайт. Мугалимдер – ошол мүмкүнчүлүктөргө түрткү берген катализаторлор. Бизде кандай гана билим берүү уюмдары, китептер, технология же окуу программасы болбосун, балдардын акыл-эсинде түшүнүү учкунун мугалим жандырат. Сапаттуу мугалимдер билимди ар түрдүү балдар үчүн түшүнүктүү кыла алышат. Бул милдетти ийгиликтүү аткаруу үчүн бир катар көндүмдөр талап кылынат. Ал көндүмдөр коомубуздун өзгөрүшүнө, өзгөчө технологиялык инновациялардын темптерине жараша өнүгүп, жаңыланып туруусу шарт.

«Окуу керемет!» буга чейин ишке ашырылган «Сапаттуу билим», «Бирге окуйбуз», «Келгиле окуйбуз» жана «Билим үчүн азык жана балдар тамактануусу» жана башка долбоорлордон соң ишке ашырылып жатат. Демек, биздин аракеттер бекем пайдубалга негизделген. USAIDдин бул демилгесинин алкагында, биз балдардын математика жана окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү багытында иш алып барабыз, себеби бул эки көндүм бири-биринин өнүгүүсүн колдойт жана экөө тең фундаменталдык көндүмдөр. Мисалы, окуганын түшүнүү балдарга математика маселелерин чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. Математикалык маселелердин чыгарылышын түшүндүрө жана негиздей билүү балдарга фактыларды талдоого жана синтездөөгө жана ар түрдүү дисциплиналарда логикалык тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

«Окуу керемет!» долбоорунун алкагында өткөрүлүүчү окутуу программасы математика багытынан тышкары, инклюзивдик билим берүү, теңдик жана жаңы технологияларды билим берүүдө пайдалануу сыяктуу темаларды камтыйт. Окутуу үчүн универсалдуу дизайн жана дифференцияланган окутуу сыяктуу мамилелерин пайдалануу аркылуу мугалимдер ар түрдүү окуучуларды окутууга даяр болушат жана аларга окуучулардын шаар же айыл жеринде жашашына, тил чөйрөсүнө же өнүгүү статусуна карабастан билим алууда ийгиликке жетүүсүнө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү тартуулашат.

Бул модулдар көптөгөн тараптардын кызматташтыгынын натыйжасында иштелип чыкты. Модулдарды иштеп чыгууга Билим берүү жана илим министрлиги, Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Борбор Азиядагы Америка университети, Кыргыз билим берүү академиясы, Социалдык интеграция борбору, Маданият, маалымат жана туризм министрлиги, мугалимдер жана башкалар салым кошушту. COVID 19 пандемиясы жараткан кыйынчылыктарга карабастан, бул ишине берилген адамдар модулдарды бүтүрө алышты. Глобалдык пандемиянын кесепеттеринен улам билим берүү тармагында түзүлгөн кырдаалда педагогдордун окуп-үйрөнүү процессинин катализаторлору катары ролу мурдагыдан да маанилүү болот деп эсептейбиз. Бул модулдар ушундай маанилүү милдетти аткарууда Сиздерге көмөк көрсөтөт деп үмүттөнөбүз.

Мугалимдик кесипте эмгектенген баарыңыздарга эң жакшы каалоо-тилектерибиз менен,



Лиана Герч,
“Окуу керемет!” долбоорунун директору
RTI International, Кыргыз Республикасы

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ ........................................................................................................ 8**

**1-БӨЛҮМ. БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ БАЛДАР КИТЕБИН ПАЙДАЛАНУУНУН МААНИСИ ........................................................................................................ 11**

**2-БӨЛҮМ. БАЛДАР КИТЕПТЕРИНИН АР ТҮРДҮҮЛҮГҮ ........................................ 14**

2.1. Негизги окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсүнө түрткү болгон балдар китептери 15

2.2. Көркөм жана илимий таанып-билүү адабияттары ........................................ 18

2.3. Ар түрдүү форматтарда маалымат берилген балдар китептери ............... 21

2.4. Иллюстрацияланган балдар басылмалары ................................................. 24

**3-БӨЛҮМ. БАЛДАР КИТЕБИ БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТИН ОКУУ РЕСУРСУ КАТАРЫ ........................................................................................................ 29**

3.1. Китеп «кайырмак» катары ........................................................................... 29

3.2. Окуганды талкуулоо аркылуу түшүнүү ......................................................... 30

3.3. Окуганга үйрөнүүдө мугалимдин «жардамды акырындап азайтуусун» (скаффолдинг) камсыз кылуу үчүн китептерди пайдалануу ............................ 31

3.4. Чыгармачыл мамиле ..................................................................................... 31

3.5. Көйгөйлөрдү чечүү жана «инклюзивдик адабиятты» өнүктүрүү ................. 32

**4-БӨЛҮМ. БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ АР ТҮРДҮҮ ПРЕДМЕТТЕРДИ ОКУП-ҮЙРӨНҮҮ ПРОЦЕССИНДЕ БАЛДАР АДАБИЯТЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ИНТЕГРАЦИЯЛОО ........................................................................................................ 34**

4.1. Математиканы окуп-үйрөнүү үчүн балдар адабиятынын чыгармаларын пайдалануу ........................................................................................................ 35

4.2. Мекен таануу жана турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери сабактарында балдар адабиятынын чыгармаларын пайдалануу .................... 36

4.3. Көркөм өнөр сабактарында балдар адабиятын пайдалануу ..................... 37

4.4. Предметтик мазмунду жана балдар адабиятынын чыгармаларын интеграциялоо жолдору ........................................................................................ 38

4.4.1. «Адабий ийримдер» ................................................................................ 38

4.4.2. Үн чыгарып окуу ...................................................................................... 40

4.4.3. Окурмандын күндөлүгү ........................................................................... 43

**5-БӨЛҮМ. БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ПРЕДМЕТТЕРДИ ОКУП-ҮЙРӨНҮҮДӨ БАЛДАР АДАБИЯТЫН КОЛДОНУУ СТРАТЕГИЯЛАРЫ ..................................... 48**

5.1. «Адабий ийримдер» стратегиясы ................................................................ 49

5.2. «Интерактивдүү окуу» стратегиясы ............................................................. 53

5.3. Окуучулардын сандык катарды өздөштүрүүсү үчүн балдар адабиятын пайдалануу стратегиясы ....................................................................................... 56

5.4. «Сократтын семинары» стратегиясы .......................................................... 58

5.5. Иллюстрацияланган китептер аркылуу ар түрдүүлүктү талкуулоо стратегиясы ........ 64
**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР ........ 69**
**МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ ........ 70**
**СӨЗДҮК ........ 72**
**Тиркеме ........ 76**

## КИРИШҮҮ

*Бүгүн балдарды окууга жөн гана үйрөтүү жетишсиз; балдар адабияты аркылуу биз аларга кандайдыр бир абдан баалуу нерсени жеткиришибиз керек. Алардын элестетүүсүнүн өнүгүүсүнө өбөлгө түзүүчү нерсе аларга өз жашоосун түшүнүүгө жардам берет жана алардын жашоо тажрыйбасы айырмаланган башка адамдарга көңүл бурууга түрткү берет.*

*Кэтрин Патерсон, балдар жазуучусу, дүйнөгө белгилүү «Терабитияга кеткен көпүрө» балдар повестинин автору.*

Бул модулда балдар адабияты жана балдар китеби түшүнүктөрү сунушталат. «Балдар адабияты - балдар жана жаштар үчүн көркөм адабият, ага кенже жана орто курактагы балдар жана өспүрүмдөр үчүн жазылган чыгармалар, ошондой эле кайра иштетилген жана кыскартылган классикалык адабияттар кирет»[1].

«Балдар китеби – инсандын, билим берүүнүн, билимди жайылтуунун өнүгүүсүнүн маанилүү каражаттарынын бири. Балдар китеби балдардын кабыл алуусунун, ой жүгүртүүсүнүн, дүйнөнү сезүүсүн өзгөчөлүктөрүн эске алууга чакырат».Балдар китеби окууну гана эмес, аны менен бирге баарлашуунун дагы башка көп жактарын сунуштайт: сүрөттөрдү карап чыгуу, окуп-үйрөнүү, оюндардын бардык түрлөрү, боё, кол өнөрчүлүк, иллюстрация жасоо, чыгарманын темалары боюнча ар кандай импровизациялар ж.б. Ошондуктан, «балдар китеби» түшүнүгү «балдар адабияты» түшүнүгүнө караганда кеңирирээк[2].

Окуу колдонмосунун мазмунунда материалды сунуштоонун максаттары жана милдеттерине ылайык эки түшүнүк тең пайдаланылат.

Балдар китеби билимдин көөнөрбөс булагы болуп эсептелет, анын жардамы менен балдар дүйнөнүн татаал түзүлүшү жана адамдык өз ара мамилелердин жаратылышы менен таанышып, айлана-чөйрөнү таанып-билип жана ар тараптуу өнүгүшөт. Бүгүнкү күндө китеп индустриясында жаңы тенденциялар пайда болуп, маалыматтарды берүүнүн максаты, мүнөзү жана ыкмасы боюнча ар кандай китептер түзүлүп жатат. Мисалы, иллюстрацияланган китептер балдардын визуалдык сабаттуулугун калыптандырууга өбөлгө түзөт; виммельбухтардын жардамы менен сөз байлыгы кеңейет; «деңгээлдүү» китептер баскычтар боюнча шар окууга, окуганды түшүнүүгө, ал эми комикстер жана манга - элестетүү жана тез ойлонууга мүмкүндүк берет. Мындан тышкары, балдар китептеринде ачылган темалардын диапазону акырындык менен кеңейүүдө: укмуштуу жана керемет-

---

[1] См.: Литература и язык. Современная иллюстрированная энциклопедия /Под ред.проф. Горкина А.П.. — М.:Росмэн.2006. URL: https://dic.academic.ru/dic.nsf/enc_literature/1592/

[2] См.: Российская педагогическая энциклопедия/Под ред.В.Г.Панова —М:Большая российская энциклопедия.1993.

сыйкырдуу окуялар өзгөрүлбөстөн сакталууда, ошол эле учурда заманбап балдарды кызыктырган олуттуу маселелерди караган чыгармалар дагы пайда болууда. Мисалы, төмөнкү темалар: экология, маданий көп түрдүүлүк, гендердик тең салмактуулук, эски социалдык ролдор, башка адамдардын айырмачылыктарын, инсандыгын кабыл алуу ж.б.у.с. Балдар китебинин ар түрдүүлүгүн, жанрларын, формаларын, түрлөрүн жана темаларын эске алуу менен, мугалимдер, ата-энелер жана китепканачылар муну окуганга үйрөтүү үчүн ресурс катары гана эмес, башталгыч мектептин ар түрдүү предметтерин окуп-үйрөнүүдө дагы кеңири пайдаланылышы керек.

USAID «Окуу керемет!» долбоорунда иштелип чыккан бул модулунда төмөнкүлөр каралат: а) башталгыч мектептин окуу процессине, ар түрдүү предметтер боюнча сабактарда киргизүүнүн маанилүүлүгү, б) балдар китебинин ар кандай түрү; в) ар кандай балдар китептерин окуу, жазуу, математика, мекен таануу, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери, адеп, кыргыз/орус тилдери боюнча сабактарда колдонуу мүмкүнчүлүгү, г) мугалимдер балдар китептерин окуу процессине интеграция кыла ала турган стратегия сунушталат.

Бул модулда келтирилген кээ бир стратегияларды (мисалы, «Адабий ийримдер», «Сократтын семинары» жана «Интерактивдүү окуу») адабий окуу сабагында гана эмес, ар түрдүү предметтерде да колдонсо болот. Мисалы, математика сабагын өткөрүү үчүн «Окуучулар сандык катарды өздөштүрүүсү үчүн балдар адабиятын пайдалануу» стратегиясы сунуш кылынат, анткени стратегия окуучулардын математикалык ой жүгүртүүсүн калыптандырууга, сандар, фигуралар, өлчөмдөр сыяктуу негизги математикалык түшүнүктөрдү өздөштүрүүгө багытталган. Окуу материалы катары балдар адабиятынын чыгармаларын колдонуу кызыгууну өнүктүрөт, тапшырманы аткаруудан канааттанууну жаратат, математикага болгон кызыгуусун артырат.

Модулда сабактардын предметтик мазмуну менен балдар адабиятын интеграциялоо методдорун жана ыкмаларын колдонуунун мисалдары келтирилет. Бул «Адабий ийримдерде» иштөөнү уюштуруу, үн чыгарып окуу жана окуучулар тарабынан окурман күндөлүгүн жүргүзүү, бул: а) дифференцияланган жана интеграцияланган окутууну камсыз кылат («Башталгыч класста дифференцияланган окутууну колдонуу» 1-модулун жана «Предмет менен тилди интеграциялап окутуу» 2-модулун караңыз); б) окуу менен жазууну бириктирет; в) окуучуларга окууга болгон сүйүү сезимин калыптандырат.

Балдар адабиятынын жана ар түрдүү мектеп предметтеринин материалдарын интеграциялоо идеясын жайылтуусун колдоодо USAID «Окуу Керемет!» долбоору тарабынан балдар китептеринин бай палитрасы тартууланат, анткени долбоорду ишке ашыруунун эң маанилүү компоненттеринин бири окуу боюнча ар түрдүү кошумча материалдарын иштеп чыгуу жана басып чыгаруу болуп эсептелет. Китептер окуу процесси үчүн сунушталган чыгармалардын мазмуну жана жанрдык ар түрдүүлүгүнүн актуалдуулугун, балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн, негизги окуу көндүмдөрүн жана балдардын окуу муктаждыктарын эске алуу менен балдар окуусу үчүн китептердин атайын деңгээлдүү классификациясынын негизинде, окуу максаттарына жана милдеттерине, Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык иштелип чыгуусу пландаштырылат. Сапаттуу балдар китептерин басып чыгаруу үчүн жергиликтүү авторлор, сүрөтчүлөр жана басмаканалар менен максаттуу иш жүргүзүлүшү күтүлөт. Китептер кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жазылат. Бул китептер окуучуларга компетенттүү окурман, ийгиликтүү окуучу болууга, кызыктуу китептер дүйнөсүн сүйүүгө жардам берет.

Модуль төмөнкү уюштуруу түзүлүшүнө ылайык курулган (1-таблицаны караңыз).

**1-таблица. Модулдун түзүлүшү**

| | |
|---|---|
|  | Ар бир бөлүм окурмандын көңүлүн өтө маанилүү маалыматка топтоо үчүн багытталган суроолор менен башталат. Бул суроолор тиешелүү бөлүмдүн бардык мазмунун камтыйт. |
|  | Модулда берилген темалардын кыскача сереби темалардын маанисин, негизги принциптерин жана аларды класста колдонууну камтыйт. |
|  | Ар бир бөлүмдүн аягында кыскача пикир келтирилген, башкача айтканда бөлүмдүн негизги жоболорунун жана принциптеринин жалпыланышы берилет. |
|  | Стратегиялар мугалимдердин ар түрдүү предметтер боюнча сабактарында бул мамилелерди кантип ишке ашыруу жөнүндө конкреттүү көрсөтмөлөрдү жана кадамдарды камтыйт. Ар бир стратегия өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: 1) мугалимдердин сабакка чейинки, сабак учурунда, сабактан кийинки ишмердүүлүгүнүн баяндалышы; 2) окутуу жана баалоо процессинде дифференциациялоо боюнча сунуштар. |
|  | Текстте бөлүмдөгү негизги ойлорду ырастаган маанилүү изилдөөлөр жөнүндө кошумча маалыматтар келтирилген. |
|  | Пайдаланган адабияттар |
|  | Мугалимдер үчүн сунушталган адабияттардын тизмеси |
|  | Сөздүк |
|  | Тиркеме |

# 1-БӨЛҮМ. БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ БАЛДАР КИТЕБИН ПАЙДАЛАНУУНУН МААНИСИ

## Багыттоочу суроолор

- Эмне үчүн башталгыч мектептеги адабий окуу сабагында гана эмес, бардык предметтерди окуп-үйрөнүү процессинде балдар китебин киргизүү маанилүү?
- Бул окуучуларга кандай мүмкүнчүлүктөрдү берет?

*Чыныгы окурман -китепти колуна алып ачуу менен… өзүн ачат – өзүндөгү табияттын улуу тартуусу болгон сезимди бөлүшө билүү талантын, адамгерчилик талантын ачат. Эгерде китеп адамдардын оюн, сезимдерин, кыялдарын жана жосундарын ачып көрсөтүп бере алса, анда ал өзүнүн вазийпасын аткарган болор эле. Демек, бул аркылуу элди, жашоону, дүйнөнү жакшы жагына өзгөртүүгө болот.*

*Чыңгыз Айтматов, кыргыз жазуучусу*

Баланын эрте курактан баштап, китеп чөйрөсүнө камтылышы маанилүү. Адегенде, чоң адамдар балдарга китеп окуп беришет, алар аркылуу өзүлөрүнүкүнөн айырмаланган дүйнө жөнүндө түшүнүктөр жана идеялар менен таанышышат. Башталгыч мектепке кирүү менен, балдар өз алдынча окуганга үйрөнүшөт, акырындык менен өз алдынча окуу көндүмүн өздөштүрүшөт, ал эми ушул максатта иштелип чыккан окуу китептерин атайын предмет катары окушат (мисалы, «Алиппе», «Букварь», «Окуу үчүн китеп» ж.б.). Бирок окуу – бул мектеп программасынын жөн гана предметтик мазмуну эмес, бул фундаменталдык көндүм: жакшы окуган окуучу өзү (эркек бала/кыз) окуп-үйрөнгөн нерсени кабыл алууга даяр, бардык окуган маалыматты аралаштырып, талдай алат, башкача айтканда, натыйжалуу окурман боло баштайт.

Заманбап изилдөөлөр башталгыч мектепте окуучуларды окутуу процессинде бир эле учурда ***«окуганга үйрөтүү»*** жана ***«үйрөтүү үчүн окууну»*** түшүнүктөрүн пайдалануу керектигин белгилейт, бул балдарды окуганга гана үйрөтүп эле койбостон, ар кандай мектеп предметтерин өздөштүрүү үчүн балдар китептерин да колдонуу керектигин билдирет. «Окуу баланы окутуу процессинде чексиз мүмкүнчүлүктөргө ээ кылат жана анын (эркек бала/кыз) жеке өнүгүүсүнүнө да зор таасир тийгизет. Ошондуктан ар кандай мектеп предметтерин үйрөтүүдө окуу көндүмүнө максималдуу басым жасалышы керек. Окуу кайсы предмет жана кайсы класстарда окутулганына карабастан, ишмердүүлүктүн жогорку жемиштүү жана натыйжалуу түрүнө айланышы керек» (Лемов Д., 2016).

Олуттуу окууну ***(үйрөтүү үчүн окуу)*** ар кандай предметтик мазмунга ийгиликтүү интеграциялоо үчүн, башталгыч мектепте окуу процессин ар кандай стилдери менен айырмаланган жана окуу максаттарына, милдеттерине ылайык келген кошумча сапаттуу балдар адабияттары менен камсыз кылуу маанилүү (Би Х, 2011). Бул төмөнкүдөй мүмкүнчүлүк берет:

- балдар китебин тандап алууда жаш курагына, классына, негизги окуу көндүмдөрүнүн өнүгүү деңгээлине жана ар бир окуучунун кызыкчылыктарына ылайык келген окуу процессин жекелештирүүгө;
- балдар адабиятынын ар түрдүү жанрларын, балдар китептеринин түрлөрүн жана форматтарын пайдалануу менен окуучулардын мазмунга жана темага көз караштарын тереңирээк талкуулоого жана кеңейтүүгө көмөктөшүүгө;
- белгилүү окуу стратегияларын колдонуу практикасы үчүн атайын иштелип чыккан балдар китептерин пайдалануу менен окуучуларда окуу жана түшүнүү көндүмүн калыптандырууга;
- окутууну дифференциациялоого (мазмуну, окуу процесси жана окуучулардын билим берүү натыйжаларын көрсөтүү жолдору), анда бардык окуучулардын өзгөчөлүктөрү, мүмкүнчүлүктөрү жана жөндөмдөрү эске алынат («Башталгыч класста дифференцияланган окутууну колдонуу» 1-модулун караңыз);
- окуучулардын социалдык дагы жана жеке өнүгүүсү үчүн дагы керектүү өз маданиятына жана башка адамдардын маданиятына позитивдүү мамилесин өнүктүрүүгө;
- окуучулардын өзүлөрүнүн сезимдери жөнүндө тереңирээк ойлонууга түрткү берүү менен эмоционалдык акылын жогорулатууга;
- жакшы жарандарды тарбиялоо үчүн маанилүү болгон мүнөздөмөлөрдүн сапатын калыптануусуна өбөлгө түзгөн олуттуу жана ынтымактуу болууга демилгелөөгө;
- мектеп дисциплинасын окуп-үйрөнүүдө окуучулар тараптан алган жаңы маалыматтарды адабий чыгармада чагылдырылган турмуштук тажрыйба менен байланыштырууга;
- ар түрдүү билим берүүчүлүк тармактарда окуп-үйрөнүлгөн темалар, түшүнүктөр жана универсалдык концепциялары ачылган балдар адабиятынын чыгармаларын окуп-үйрөнүү аркылуу логикалык ой жүгүртүүнүн, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүүсүнө, окуучулардын негизги компетенттүүлүктөрүнүн калыптануусуна өбөлгө түзгөн предмет аралык байланыштарды түзүүгө;
- ар түрдүү предметтерди окуп-үйрөнүүгө киргизүү максатында окуу үчүн ар кандай китептерди тандап алуу укугун жана мүмкүнчүлүгүн берүү менен окутуу процессин ыңгайлуу, кызыктуу жана жагымдуу кылууга.

Мугалим, ата-эне же китепканачы балдар китебин окуу процессинде (анын ичинде класстан тышкаркы мезгилде) пайдалана алышы үчүн, андан багыт алуусу маанилүү *(балдар китептери кандай болоорун билүү)* жана белгилүү бир категориядагы китептердин максаты жөнүндө түшүнүккө ээ болуусу зарыл *(окуу процессинде балдар китептерин пайдаланууну билүү)*. Бул суроолор кийинки бөлүмдө талкууланат.

## Кыскача пикир

Окуу – бул фундаменталдык көндүм, анын жардамы менен окуучулар жаңы маалыматтарды өздөштүрүшөт жана керектүү билимдерге ээ болушат. Бирок, башталгыч мектепте окутуу адабий окуу сабактарында окуу көндүмүн өнүктүрүүгө

гана негизделбеши керек. Бир эле учурда натыйжалуу окурманды өнүктүрүү жана ар кандай предметтерди окуп-үйрөнүү үчүн окуунун зор дараметин пайдалануу маанилүү, ал үчүн ар кандай сапаттуу балдар адабияттарын жана окуучулар тарабынан башталгыч мектептеги бардык предметтерин окуп-үйрөнүүсүн интеграциялоо керек. Бул билим берүү процессин жекелештирүүгө, дифференцияланган окутууну киргизүүгө, окуучулардын негизги окуу көндүмдөрүн натыйжалуу өнүктүрүүгө, окуучуларды окуу процессине тартууга, башталгыч мектепте көп тармактуу мамилени күчөтүүгө, терең ой жүгүрткөн, эмоционалдык акылдуу, ар тараптуу өнүккөн жана чыгармачыл инсандарды калыптандырууга мүмкүндүк берет.

## 2-БӨЛҮМ. БАЛДАР КИТЕПТЕРИНИН АР ТҮРДҮҮЛҮГҮ

### Багыттоочу суроолор

- Балдар китептери кандай болот?
- Балдар китептери кантип классификацияланат?
- Китептер кептин стили жана маалыматты берүү формалары боюнча кантип бөлүнөт?
- Негизги окуу көндүмүн өнүктүрүүгө кайсы китептер түртkү болот?
- Башталгыч мектепте окуу процессинде эмне үчүн иллюстрацияланган басылмалардын ар түрдүү түрлөрүн пайдалануу маанилүү?


*Сабаттуу балдарды чоңойтуунун кепилдендирген эң жөнөкөй жолу – аларды окуганга үйрөтүү жана окуу – бул жагымдуу иш экендигин көрсөтүү. Бул үчүн, балдарга жаккан китептерди таап, аларга ушул китептерге жеткиликтүүлүктү берүү жана аларды окуганга мүмкүндүктү берүү. Бардык балдар индивидуалдуу жана алар азыркы учурда аларга керектүү китептерди табышы керек.*

*Нил Гейман, балдар фантаст-жазуучусу*

Балдар китебинин негизги өзгөчөлүгү болуп, андагы ойлор балдар тарабынан кабыл алуусу жана түшүнүүсү үчүн жеткиликтүү текст түрүндө (жөнөкөй тил, түшүнүктүү сюжет, чоң шрифт) берилет, ал зарыл учурда иллюстрациялар менен коштолот. Балдар китебиндеги иллюстрациялар кичинекей окурманды чыгармада чагылдырылган доорго өткөрүүгө мүмкүндүк берет; көркөм образдардын негизинде жаткан түшүнүктөрдүн реалдуулугун жана эмоционалдуулугун камсыз кылат; жана баланы алдыдагы аракеттерге багыттайт. Балада «жөнөкөйдөн татаалга» дидактика принцибине негизделген окуу көндүмү өнүккөн сайын, образдар, сюжеттер, балдар чыгармаларынын тили, ошондой эле балдар китептерин басып чыгаруунун техникалык мүнөздөмөлөрү татаалдашат (бир барактагы сүйлөмдөрдүн саны, шрифт, тексттин жана иллюстрациянын катышы жана башкалар).

Бүгүнкү күндө балдар китептери кенен тематикалык ар түрдүүлүктө жана маалыматтарды берүү форматтарында сунушталган. Балдар китебинин арасында өзгөчө орунду иллюстрацияланган китептер же «сүрөттөрү менен китептер» ээлейт. Төмөндө балдар китептеринин ар түрдүүлүгүнүн шарттуу классификациясы келтирилген (1-схеманы караңыз).

**1-схема. Балдар китептеринин классификациясы**




## 2.1. НЕГИЗГИ ОКУУ КӨНДҮМДӨРҮНҮН ӨНҮГҮҮСҮНӨ ТҮРТКҮ БОЛГОН БАЛДАР КИТЕПТЕРИ

Окуганга баскыч боюнча үйрөтүү окуучулардын фонемалык кабыл алуусунун өнүгүүсүн, тамгалар менен таанышуусун, тамгаларды муундарга, андан кийин сөздөргө бириктирүүсүн, адегенде жөнөкөй сөздөрдү, андан соң татаал сөздөрдү окуп, акырында сүйлөмдөрдү жана тексттин бардыгын окууну божомолдойт. Ар бир баскыч үчүн, коюлган милдетке ылайык келген китептердин түрү керек. Ошондуктан, окуганга үйрөтүү үчүн түзүлгөн китептерди классификациялоонун бир жолу окуунун негизги көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багыт болуп эсептелет:

фонемалык кабыл алуу, алфавит менен тааныштыруу, сөз байлыгын кеңейтүү, шар окуу жана окуганын түшүнүү. Төмөнкү таблицада конкреттүү окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсүнө түрткү болгон китептердин мисалдары келтирилген (2-таблицаны караңыз).

### 2-таблица. Негизги окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсүнө түрткү болгон китептер

| Негизги окуу көндүмү | Китептердин мазмуну |
| --- | --- |
| Фонемалык кабыл алуу | Бул китептердин максаты – балдарды бир тыбыштан бири-биринен айырмаланган сөздөрдү тандоого үйрөтүү, фонемалык угууну өнүктүрүү. Бул китептерде негизги көңүл сөздөрдөгү тыбыштарга жасалат. Алар окуучулар менен өтүлүүчү сабактарга арналган. Мугалимдер окуучулар үн чыгарып окуп жаткан учурда, фонемалардын дифференциациясы жана сөздүн тыбыштык курамын аныктоо боюнча суроолорду берүү менен көңүлүн бурат. |
| Сабаттуулукка үйрөтүү, алфавит менен тааныштыруу, окуганга үйрөтүү | Алиппе – башталгыч сабаттуулукка үйрөтүү үчүн китеп. Негизги түзүлүштүк байланыштар: тамгалар, тамгалар айкалышы, муундар, сандар, грамматикалык маалыматтар, балдарга жана ата-энелерге кайрылуулар, насааттар, тексттик жана иллюстрациялык материалдар, схемалар, таблицалар. Баштапкы сабаттуулукка үйрөтүү үчүн окуу китеби; балдарды тарбиялоо, алардын сүйлөө жана логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү максатында кызмат кылат. Окуучуларда жүрүм-турум ченемдерин, улуулар менен кичүүлөрдүн ортосундагы өз ара мамилелерди калыптандырган материалдарды камтыйт. |
| Сөз байлыгын кеңейтүү | Бул мугалимге белгилүү болгон окуу сөздүктөрүнүн жана балдар энциклопедияларынын басылмалары.<br>Балдардын лексикасын кеңейтүү же грамматика жана жазуунун негизги эрежелерин бекемдөө үчүн атайын иштелип чыккан китептер дагы бар. Аларда текстке жаңы сөз киргизилет, тексттин өзү синонимдер жана антонимдер, фразеологизмдер менен толтурулат, аларда ушул сөздөр колдонулат, ошону менен контекст байыйт, андан кийин окуучулардын сөздүгү тематикалык топко өздөштүрүлгөн сөздү кошуу жана сөздөрдүн темасын жалпылоо ж.б. |
| Шар окуу | Шар окууну жакшыртууга багытталган китептер. Бул китептер «жөнөкөйдөн татаалга» принцибине негизделген окуу үчүн тексттердин жыйындысы болушу мүмкүн. Окуучулар аларды окуй алышат жана (балким, өнөктөшү менен бирге каталарды оңдоо үчүн) кайталап окуй алышат.<br>Интонацияны практикалоого арналган китептерде диалогдор бар, алардын мазмуну окуучулардын эмоционалдык реакциясын сыноого багытталган. Эмоциялар окуучуларга |

| Негизги окуу көндүмү | Китептердин мазмуну |
|---|---|
| | «ролго кирүүгө», чыгармаларды керектүү интонация менен, көркөм окууга жардам берет. |
| Окуганын түшүнүү | Окуганын түшүнүү көндүмүн деректүү өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн китептерди пайдалануу маанилүү. «Окуу үчүн төрөлгөн» (Джейсон Буг, 2014) китебинин автору, окуганга үйрөтүү процессинде окуганын түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө ыкмаларды пайдаланууну сунуштайт:<br>Окуучу тексттин негизги учурлары боюнча берилген суроолорго жооп берет.<br>Окуучу окуяны, анын ичинде негизги деталдарды кайра айтып берет жана анын негизги оюн жана анда камтылган адеп-ахлактык түшүнүгүн көрсөтөт.<br>Окуучу каармандарды, аракеттердин ордун жана сюжеттин негизги окуяларын, анын ичинде негизги маалыматтарды сүрөттөйт.<br>Окуучу аңгемеде же кыскача ыр түрүндөгү чыгармада окурмандардын сезимдерин туюндурган жана башынан өткөргөн окуяларды сүрөттөгөн сөздөрдү жана сөз айкаштарын бөлүп көрсөтөт.<br>Окуучу окуган ар кандай түрдөгү тексттердин кеңири жыйындысына таянуу менен, белгилүү бир окуяны жазган китептер менен маалыматтарды чагылдырган китептердин ортосундагы негизги айырмачылыктарды түшүндүрөт.<br>Окуучу аңгеменин ар кайсы бөлүгүндө анын атынан сүйлөп жаткан адамды аныктайт.<br>Окуучу иллюстрациялардын жана баяндоо деталдарынын жардамы менен каармандарды, аракеттенүү ордун жана негизги окуяларды баяндайт.<br>Окуучу окуяларды жана баяндалган каармандардын тажрыйбасын салыштырып жана карама-каршы коет.<br>Окуучу белгилүү колдоонун жардамы менен ылайыктуу татаалдык деңгээлдеги прозалык жана поэтикалык чыгармаларын окуйт. |

Башталгыч билим берүү тармагындагы USAIDдин долбоорлору, анын ичинде «Окуу керемет!» долбоору, окуучунун окуудагы негизги көндүмдөрүнүн өнүгүүсү үчүн, китептерге баа берүү, классификациялоо же китептердин татаалдык деңгээлин аныктоо үчүн пайдалана турган новатордук куралды киргизүүнү пландаштырууда.

## 2.2. КӨРКӨМ ЖАНА ИЛИМИЙ ТААНЫП-БИЛҮҮ АДАБИЯТТАРЫ

Кептин стили боюнча балдар адабияты эки категорияга бөлүнөт: көркөм жана илимий таанып-билүү адабияттары. Башталгыч мектепте китептердин ушул эки категориясынын тең салмактуу айкалышына көңүл буруу керек. Бул окуучуларга окуганды натыйжалуу үйрөнүүсүнө жана башталгыч мектепте ар кандай предметтерди окуп-үйрөнүүдө, ар түрдүү тексттер менен калыптанган компетенттүүлүктөрдү пайдалана алуусуна мүмкүндүк берет (2-схеманы караңыз).

**2-схема. Башталгыч мектепте окуганга үйрөтүү үчүн көркөм жана илимий таанып-билүү адабияттарынын өз ара байланышы**




Фонемалык кабыл алуунун өнүгүүсү, алфавит менен таанышуусу, сөз байлыгын кеңейтүүсү, шар окуусу жана окуганды түшүнүүсү үчүн, балдар үчүн көркөм китептерди да, илимий таанып-билүү адабияттарын да пайдалануу, аларды талкуулап, талдап жана ошонун негизинде ар түрдүү жанрдагы жазуу иштерин жаратуу маанилүү.

Көркөм адабият – искусствонун түрү, анда көркөм дүйнө, образдардын жардамы менен тилдик каражаттар тарабынан жаратылат. Көркөм адабияттын жанрлары - аңгемелер, романдар, мифтер, уламыштар, жомоктор, кыскача ыр түрүндөгү чыгарма. Кээде аракеттердин убактысы жана орду, сюжет жана каармандар чыныгы окуяларга же адамдарга негизделет, бирок көбүнчө алар (чыныгы окуялар) ойдон чыгарылган окуяларды жазууга шыктандыруучу булак болуп

саналат (Грант, 2017). Көркөм чыгармалардагы негизги окуялардын тутуму схема боюнча курулат: башталышы, сюжет, кульминация, чечилиши жана аягы, аны образдуу түрдө тоо чокусуна чыгуу жана түшүү катары элестетүүгө болот (3-схеманы караңыз).

**3-схема. Чыгармадагы окуялардын ырааттуулугу**




**Балдар илимий таанып-билүү адабияты** – бул атайын илимий билимди балага жеткиликтүү формада сунуштаган, аны кандайдыр бир кызыктуу, өзгөчө жана түшүндүрүүгө татаал нерселерге тарткан адабият; баланы чыгармачылык изденүүнүн ырахаты жана акылдуу суроолорго жооп табуу жолдору менен тааныштырат. Бул тарыхый чыгармалар, өмүр баяндар, автобиографиялар, мемуарлар, сөздүктөр, энциклопедиялар, атластар, жол көрсөтүүчүлөр, саякат күндөлүктөрү ж.б. болушу мүмкүн. Мындай китептердин авторлору окурмандарга мазмунун түшүнүүгө жардам берүү үчүн иллюстрацияларды, коштомо жазууларды, баш аталыштарды жана аталыштардын коштомолорун пайдаланышат. Илимий таанып-билүү адабияттарынын негизги милдети - баяндоо, маалымат берүү, түшүндүрүү, ишендирүү жана реалдуу дүйнөдөгү кубулуштар боюнча окурмандарга нускама берүү. Айрым чыгармалар маалыматты кызыктуу жана сүйкүмдүү формада берүү менен, жаңы идеялардын жана чыгармачылык жазуунун эшигин ачуу менен окурмандын көңүлүн көтөрүү үчүн жаратылат. Төмөндө илимий таанып-билүү адабиятынын чыгармаларынын түзүлүшү келтирилген (4-схеманы караңыз).

**4-схема. Илимий таанып-билүү адабиятынын чыгармаларынын түзүлүшү**

| | | |
|---|---|---|
| **БАШКЫ ТЕМА ЖЕ НЕГИЗГИ ИДЕЯ** | **МАЗМУНУ**<br>**СӨЗДҮК**<br>**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ЖЕ РЕСУРСТАРДЫН ТИЗМЕСИ** | **РЕАЛДУУ МААЛЫМАТ**<br>**ФАКТЫЛАР**<br>**ДАЛИЛДЕР (АРГУМЕНТТЕР)** |
| **АТАЙЫН СӨЗДӨР**<br>(мисалы: ар түрдүү илим же билимдер тармагынан: математика, тарых, география, биология, музыка, кулинария) | **ФОТОСҮРӨТТӨР**<br>**СХЕМАЛАР, ГРАФИКАЛАР,**<br>**ТАБЛИЦАЛАР,**<br>**ИЛЛЮСТРАЦИЯЛАР,**<br>**КАРТАЛАР** | |

Илимий таанып-билүү адабияттарында тексттер дайыма («Предмет менен тилди интеграциялап окутуу» 2-модулун караңыз), фотосүрөттөр, графиктер, таблицалар, карталар, схемалар менен ж.б. алмаштырылат. Мындай тексттердин түзүлүшү мазмунду, баптарды бөлүштүрүү, сөздүктү, пайдаланган адабияттардын жана ресурстардын тизмесин камтышы мүмкүн. Текстте, математикадан, музыкадан, көркөм өнөрдөн жана башка билимдер тармагынан алынган терминология пайдаланат.

Илимий таанып-билүү чыгармалары окуучуларга айлана-чөйрөдөгү дүйнөнү ачууга жана жаңы түшүнүктөрдү өз жашоосу менен байланыштырууга жардам берет. Бул окуганга окуп-үйрөнүү процессинде окуучулардын ар кандай кызыкчылыктарын эске алууга жана аларды окуганга тартууга мүмкүндүк берет.

Башталгыч мектептин окуу процессинде сабакта көркөм чыгармалар жана илимий таанып-билүү адабияты менен иштөөнүн айкалышы төмөнкү себептерге ылайык максаттуу жана пайдалуу болот:

- Бул окуучулардын окуу процессине тартылышына өбөлгө түзөт, анткени белгилүү бир окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдө ар кандай жанрдагы тексттерди пайдаланууга мүмкүндүк берет; кээ бир окуучулар көркөм адабиятты окуганды жакшы көрүшөт, ал эми башкалар илимий таанып-билүү адабияттарына артыкчылык беришет. Бир эле окшош тема боюнча көркөм адабиятты жана илимий таанып-билүү адабиятын айкалыштыруу менен, алардын окурмандары ортосундагы ажырымды алып салса жана окуучуларды адабияттын ар түрдүү түрлөрүн окууга тартуу менен, сабакта алардын катышуусун активдештирсе болот.
- Тексттин эки категориясынын касиеттерин жана өзгөчөлүктөрүн түшүнүү окуучулардын окутуунун мазмунуна көз караштарын кеңейтүүгө жана темаларды тереңирээк талкуулоого өбөлгө түзөт.
- Окуучулар адабияттын ар кандай жанрлары менен таанышып, өз сөз байлыгын байытышат, сабаттуу оозеки жана жазуу кебин өнүктүрүшөт.

- Балдар китептеринин ар кандай түрлөрүнүн айкалышы окуучулардын сабаттуулугун өнүктүрүүгө предмет аралык мамилени жүзөгө ашырууга өбөлгө түзөт.
- Китептердин эки түрүн тең айкалыштыруу окуучуларга тексттин татаалдыгын өздөштүрүүдө мугалимдин «жардамды акырындап азайтуу» (скаффолдинг) принцибин сактоону камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Теманы жана контекстти түшүнүү үчүн илимий адабияттардан маанилүү маалыматты алуу менен, бала көркөм адабиятты жакшыраак түшүнөт. Тескерисинче, көркөм адабиятта баяндалган бай тажрыйба илимий тексттеги маалыматты жакшыраак өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт.

## 2.3. АР ТҮРДҮҮ ФОРМАТТАРДА МААЛЫМАТ БЕРИЛГЕН БАЛДАР КИТЕПТЕРИ

Китеп – бул тексттерди жана иллюстрацияларды камтыган, өзүнчө бекитилген кагаз баракчаларынан (беттерден) турган басылма өнүмү деп салтуу түрдө эсептешкен. Заманбап технологиялардын өнүгүшү менен «китеп» түшүнүгү кеңейүүдө. Бүгүнкү күндө басылып чыккан китептерден тышкары, балдар китептери санариптик, видео жана аудио форматтарда жеткиликтүү. Компьютерлештирүү жана жаңы технологиялардан улам, китепте тексттик жана визуалдык элементтер айкалышат, бул барактагы тамгалар жана сөздөрдүн жөнөкөй жайгашуусунун алкагынан чыгышкан түшүнүүнү жана окуу үчүн шыбырап айтууну камтууга мүмкүндүк берет, окуганынын маанисин түшүнүүсүн кеңейтет, окуучуларга тамгалардын графикалык сүрөттөрүн чечмелөөдөн тышкары текст менен өз ара аракеттенүүгө, текстти чечмелөөгө (интерпретация) жардам берет. Окуучулар бул белгилерге жана визуалдык түзүлүштөргө, көбүнчө басма сөз менен байланыштуу эмес шыбырап айтууларга көңүл бурушат. Байланыштын, маалыматтын жана массалык маалымат каражаттарынын формаларынын өзгөрүп жаткан дүйнөсүндө балдар маалымат берүүнүн ар кандай жолдоруна, ошондой эле окуу, чечмелөө, өз ара аракеттенүү жана ой жүгүртүүнүн жаңы ыкмаларына туш болушат (Hammerberg, 2001).

Төмөндө маалымат берүүнүн ар кандай формалары менен китептерди пайдалануунун айрым өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн (3-таблицаны караңыз).

**3-таблица. Балдар китебинде маалымат берүүнүн ар кандай формалары**

| Китептин форматы | Китептин өзгөчөлүктөрү | Башталгыч мектептин сабактарында пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү |
|---|---|---|
| Аудиокитептер | Бул аудио форматта жаздырылган адабий чыгарма. Мындай чыгармалар кесипкөй окурман же актер тарабынан көркөм окулуп, өзгөчө эффекттер (жамгырдын үнү, деңиздин үнү, курт-кумурскалардын ызылдаганы ж.б.) же музыка менен коштолушу мүмкүн. | Аудиокитептерди фонемалык кабыл алуунун өнүгүүсү үчүн тыбыштарды жана сөздөрдү туура айтууну эсинде сактоо жана өздөштүрүү үчүн пайдаланса болот.<br>Аудиокитептер окуучуларга чыгармаларды көркөм окууга үйрөнүүсүнө мүмкүндүк берет. Окуучулар үчүн кесипкөйлүк |

| Китептин форматы | Китептин өзгөчөлүктөрү | Башталгыч мектептин сабактарында пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү |
|---|---|---|
| | Аудиокитепчени аудиоспектаклдин түрүндө берүүгө да болот, анда диалогдор үн кубултуп окуу менен, ал эми кыймыл аракеттер ар кандай үн эффекттери менен коштолот. | окуу –үлгүлүү же моделдүү окуу көрсөтүлүшү мүмкүн.<br>Аудиокитептер тырышчаактыкты, көңүл буруну жана көңүл топтоону өнүктүрүүгө жардам берет, себеби китепти үзүндүлөрүн калтырбастан угуу керек, көзүңүз менен окуганга караганда, аларга кайтып баруу оорураак.<br>Аудиокитептер көрүүсү начар же акыл-эсинин өнүгүүсүндө өзгөчө муктаждыкка ээ балдарды окутуу үчүн дагы пайдаланылат.<br>Аудиокитептерди пайдалануу окугандан кыйналган, ошондой эле маалыматты кабыл алуунун аудио каналы алдыңкы орунда болгон окуучуларга адабияттардын жеткиликтүүлүгүн кеңейтет. |
| Видеокитептер | Бул тасма түрүндө жаратылган жана ар кандай видео каражаттардан чыгарылган чыгарма.<br>Видеокитептерде, аудиокитеп сыяктуу эле текст окулуп берилет, иллюстрациялар пайдаланылат, ошондой эле фотосүрөттөр, карталар, схемалар, таблицалар жана видеокатардын башка объектилери дагы колдонулушу мүмкүн.<br>Тасмадан айырмаланып, видеокитебиндеги видеокатар туруктуу. | Видеокитеп окуучулардын көрүү жана угуу рецепторлорун активдештирүүгө мүмкүндүк берет.<br>Видеокитепти окууну түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн пайдаланса болот: визуализация, тексттин иллюстрациялар менен байланышы, маңыздык божомолдорду колдонуу, башкы каармандын баяндалышы, аракеттердин жайгашкан орду жана убактысы ж.б.<br>Эгер видеокатар субтитрлерди камтыган болсо, угуусунун өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон балдарды окутууда китептин мындай форматы ыңгайлуу. |

| **Китептин форматы** | **Китептин өзгөчөлүктөрү** | **Башталгыч мектептин сабактарында пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү** |
|---|---|---|
| | | Видеокитепти үлгү, моделдүү окуу катары пайдаланса дагы болот. |
| Ыңгайлаштырылган китептер (Адаптацияланган китептер) | Ыңгайлаштырылган китептер – жеңилдетилип, окуучунун же окуучулар тобунун конкреттүү муктаждыктарына жооп берген белгилүү бир максат үчүн түзүлгөн китеп.<br>Ыңгайлаштырылган китептердин ар кандай түрлөрү бар: техникалык мүнөздөмөлөр боюнча (шрифт, көлөмү, формасы, даярдоо материалынын өзгөрүүсү) же мазмуну боюнча (текстин кыскартылган варианттарын берүү же окуучулардын социалдык, эмоционалдык, интеллектуалдык өнүгүүсү үчүн текстин атайын кайра иштелип чыгышы), тил боюнча (ылайыкташтырылган котормо, кайра айтып берүү, көп тилдүү китеп). | Ыңгайлаштырылган китептер дифференцияланган окутууда («Башталгыч класста дифференцияланган окутууну колдонуу» 1-модулун караңыз), атайын билим берүүдө, көп тилдүү окутуу болгон жерлердеги класстарда, ошондой эле өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар балдарды дарылоодо пайдаланылат.<br>Ыңгайлаштырылган китептер тилди окуп-үйрөнүү үчүн дагы колдонулат.<br>Ыңгайлаштырылган китептер колдонууга оңой, аларды салттуу китептердин жардамы менен материалды өздөштүрүүдө кыйналган окуучуларды окуганга тартышат. |
| Тактилдик (сезим) китептер | Тактилдик китептер - бул чыныгы буюмдун өзүнө максималдуу түрдө окшоштурулуп ар кандай материалдардан жасалган китеп. Тактилдик китепти кол өнөрчүлүктүн ар кандай түрлөрүн колдонуп жасаса болот: сайма аркылуу (китептин аталышы, кийимдин дизайны), токуу жолдору менен (өсүмдүктөр), жумшак оюнчуктар,(башкы каармандар, жаныбарлар), мончоктор, (жамгыр, көлчүк), камыр менен ( адамдардын беттерин) ж.б. жасоого болот.<br>Буларга балдардын аракеттерине мүмкүндүк | Тактилдик китептерди окуу менен (башкача айтканда, буюмдарды манжалар менен сезип), окуучу жомок, табигый кубулуштар, жапайы жаратылыш, үй тиричилик буюмдары жана башкалар менен таанышат. Ар кандай материалдагы кичинекей буюмдарды сезүү менен, окуучу аларды чыныгы буюмдар менен ассоциативдүү байланыштырышат.<br>Тактилдик китептердин жардамы менен окуучу предметтердин чыгарган тыбыштары, кээде жыттар жөнүндө түшүнүккө ээ болот, бул баланы курчаган дүйнөсүн |

| Китептин форматы | Китептин өзгөчөлүктөрү | Башталгыч мектептин сабактарында пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү |
| --- | --- | --- |
| | берген: айтып берүү, өзгөртүү, кыймылдоо, шылдыңдоо, айкалыштыруу, чечим чыгаруу ж.б.у.с. бүткүл сюжеттерди жараткан аппликациясы, саймасы, чаптагычы менен кездемеден жасалган «үнсүз китептер» деп аталган өнүктүрүүчү китептер кирет. | кабыл алууга жана иликтөөгө көмөктөшөт. |
| Санарип түрүндөгү китеп | Бул санарип түрүндөгү китеп, аны компьютерге же мобилдик шаймандарга (планшеттер, смартфондор ж.б.) жүктөөгө болот.<br>Мындай китептерге музыка, анимация, интерактивдүү элементтер (алар окууну видео оюнга окшоштурушат), ошондой эле инфографика, документалдык видео жана фото кириши мүмкүн. | Китептердин мындай форматы окуучуларга окуганга түрткү берет жана шыктандырат.<br>Кээде интерактивдүүлүктүн элементтери балдарга сунушталган материалды жакшыраак түшүнүүгө, жаңы маалыматтарды окуучулардын турмуштук тажрыйбасы менен байланыштырууга, китепте сүрөттөлгөн жагдайларга (ордуна, убакытка, шарттарга) максималдуу жакындоого мүмкүндүк берет. Санариптик шаймандын мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууда, китеп окуучуларды кызыктырып жана алардын окурмандык тажрыйбасын байытууга мүмкүндүк берет. |

## 2.4. ИЛЛЮСТРАЦИЯЛАНГАН БАЛДАР БАСЫЛМАЛАРЫ

Иллюстрацияланган балдар басылмалары салттуу түрдө текстке ылайык иллюстрацияланган китептер менен сунушталат. Иллюстрация бала адабий текстти түшүнүүсүнө, анын тема, каармандар жөнүндө түшүнүгүнүн калыптануусуна, көркөм образдарды кабыл алуусуна, жакшылык менен жамандыкты, чындыкты жана жалганды, баалуулуктарды түшүнүүсүнө өбөлгө түзөт.

Заманбап басылмалар балдар китептеринде да камтылып, аларда окуя тексттин минималдуу саны жана сүрөттөрдүн ырааттуу топтому менен жеткирилет.

Мындай балдар китептеринде иллюстрация тексттин бөлүгүнүн жөн гана визуалдык колдоосу болуп эсептелбейт, ал анын башкы булагы, ошондуктан бул

китептердеги иллюстрацияны визуалдык байланыш каражаты катары караса болот.

Визуалдык байланышта башкы идеяны берүү объектилердин сүрөттөрүн тартуу аркылуу жүзөгө ашырылат: ал окурманга кандайдыр бир эмоционалдык таасирин тийгизген сүрөттөрдү жаратууга багытталган, ал мазмун жөнүндө маалыматты берүүгө жана ой жүгүртүүдө белгилүү образдарды коюуга мүмкүндүк берет. Өз көңүлүн сүрөткө буруу менен, бала китепке автор тарабынан башталышында негизделген бардык керектүү маалыматтарды ала алат. Демек, иллюстрацияланган басылмада төмөнкүлөр маанилүү: а) сүрөттүн көрсөтмөлүүлүгү, б) иллюстрацияга маңыздык жүктөм, в) сүрөттүн маалымдуулугу. Төмөндө ар кандай иллюстрацияланган балдар басылмалары келтирилген.

## Сүрөт-китепчелери

**Сүрөт-китепчелери** мазмунду түшүндүрүү үчүн негизинен сүрөттөр басымдуулук кылган жана сүрөткө гана түшүндүрмө жазуусу бар мектепке чейинки жана кенже курактагы окуучулар үчүн басылып чыккан китептер.

Мындай китепте текст жок же ал минималдуу, автор маанинин олуттуу бөлүгүн жеткирүү үчүн бир нече сөздөрдү пайдаланат жана сүрөттөргө таянат. Айрым сүрөт-китепчелеринде автор окуялардын ырааттуулугун алар окуянын ордун, убактысын, каармандарды, сюжетти жана теманы көрсөтүү менен, окуяны айтып беришкендей дыкат жайгаштырат. Китептеги сүрөттөргө жараша сюжет жөнөкөй же татаал болушу мүмкүн.

Сүрөт-китепчелери тил үйрөнүү үчүн натыйжалуу курал. Сөзү жок китепчени окуу, окуучулар бул бетте эмне болуп жаткандыгын аныктоо үчүн өз элестетүүлөрүн пайдаланышат деп божомолдонот. Эгерде окуучулар сүрөт тартууга кызыкса, алар жөнүндө сүйлөшкүсү келет (Найт, 2017). Мугалимдер сураса болот: *«Бул сүрөт жөнүндө эмне деп ойлойсуңар?», «Башкы каарман көңүлү шатпы же капалуубу?», «Ал эмне кылып жатат?» «Эмне үчүн мындай деп ойлойсуңар?»* Мугалимдер окуучулардан класстык бөлмөдө сүрөт-китепчелерин жуп менен талкуулоону өтүнүшү мүмкүн.

Сүрөттөр менен иштөө «визуалдык сабаттуулукту» өнүктүрөт. Окуучуларды иллюстрациялардын жана тексттин функцияларын айырмалай билүүгө үйрөтүү үчүн сүрөт-китепчелерин пайдаланышы мүмкүн. Мугалимдер төмөнкү суроолорду беришсе болот:

- Сиз үчүн эмне кызыктуураак: текстпи же иллюстрациябы?
- Алар бир эле окуяны ар кандайча айтып беришеби же окшош элеби?
- Текст иллюстрациясы жок түшүнүктүү болобу?
- Иллюстрациялар текст жок түшүнүктүү болобу?

Мугалимдер окуяны айтып берүү же кабар жеткирүү үчүн иллюстраторлор кантип ар кандай түстөрдү жана алардын көлөкөлөрүн колдонушуна окуучулардын көңүлүн бура алышат. Окуучулар сунушталган иллюстрациялардын ар бир жагына өзгөчө көңүл бурууга, иллюстраторлор тарабынан пайдаланган түстөр палитрасын, композицияны талдоонун жыйынтыгы боюнча дыкат таразалаган пикирлерди алып чыгууга окуп-үйрөнүшөт.

### Иллюстрациясы менен китептер

Булар тексти менен китептер, анда авторлор маанисинин орчундуу бөлүгүн, каармандардын эмоцияларынын сүрөттөлүшүн, дене тилин жана жаңсоолорун берүү үчүн иллюстрацияларды колдонушат. Бул окурмандарга каармандардын сезимдерин (сүйүү, коркуу, уялуу, өкүнүү, кубануу ж.б.), жүрүм-турумун жана эмоцияларын тереңирээк түшүнүүгө жардам берет. Иллюстрациялар аркылуу авторлор ар түрдүүлүккө карата мамилелерин билдире алышат (мисалы, майыптуулугу менен адамдарга же ар башка этникалык топтордун өкүлдөрүнө).

**Виммельбухтар.** Виммельбух (немис тилинен *Wimmelbuch*, андан кыскартылган. *Wimmelbilderbuch* – «Жылтылдаган сүрөттөрү менен китепче» – ачык, деталдуу, максималдуу каныккан визуалдык маалымат иллюстрациясы менен ири форматтагы балдарды өнүктүрүүчү китеп. Виммельбух китебинде минималдуу текст камтылган (же текст таптакыр жок), бирок сүрөттөр майда-чүйдөсүнө чейин толгон. Ар бир китепте күн, ай, жыл бою кызыктуу жана күлкүлүү окуялар, каармандар бар. Бул окуучуларга ар бир учурда сүрөттөрдү жаңыча «окуганга» жана жаңы окуяларды ойлоп табууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай китептин негизги максаты – тышкы дүйнө менен таанышуу, сөз өстүрүү жана элестетүү. Азыркы учурда, виммельбухтар логопеддер тарабынан сөз өстүрүүсүндө артта калган балдар менен иштөөдө активдүү колдонулат. Виммельбухтар окуучуларды окуяларды ойлоп табууга, каармандарды сүрөттөөгө, алардын аракеттерин, башынан өткөрүүлөрдү жана ойлорун түшүндүрүүгө жардам берет. Мугалимдер окуучулар менен диалогдорду ойлоп чыгарышат, ролдорду бөлүштүрүшөт, окуяны көп жолу кайталаттырышат, анткени ар бир кайталоо сөзсүз түрдө жаңы ачылышты жана деталды алып келет. Ар бир жолу, жаңы толуктоолор менен өсүп, окуяда жаңы сөздөр пайда болот, бул окуучулардын сөз байлыгын кеңейтүүгө жардам берет.

### Комикстер

Комикстер (англис тилинен. comic - күлкүлүү) - кыска тексттер менен сүрөттөрдүн сериясы, байланыштуу баянды түзүү. 19-кылымдын аягында АКШнын гезиттеринде пайда болгон. Заманбап комикстер көбүнчө күлкүлүү мүнөзүн жоготушту, аларды «коркунучтуу» комикстер менен алмаштырышты - кылмыштар, согуш жөнүндө жалган тарыхый комикстер, ошондой эле классиктердин чыгармаларын жөнөкөйлөштүргөн комикстер.

Жапон комикстери, манга - жапон улуттук маданиятынын бөлүгү, Япониянын билим берүүсүндө активдүү пайдаланылат.

**Комикс** – бул бир нече көрүнүктүү сүрөттөр (кара-ак же түстүү), ырааттуу жайгаштырылган, минималдуу текст менен, адатта, диалог формасында, көбүнчө уландысы менен басылып чыккан массалык адабияттын жанры.

Комикстер искусствонун эки түрүн - адабият жана көркөм сүрөт искусствосун айкалыштырат, мына ошентип баяндоонун жана визуалдык аракеттердин биримдигин билдирет. Комикстерде текстин болушу сөзсүз эмес, интуитивдик деңгээлде түшүнгөн сюжети менен «үнсүз» комикстер дагы бар. Көбүнчө комикстердеги төл сөз филактёрдун («тексттик булуттун») – «ооздон көбүктүн» жардамы менен берилет, ал каармандын оозунан «көбүрүп» чыгат. Автордун

сөздөрү, адатта, комикстин жогору же төмөн жагына жайгаштырылат. Комикстер жанры боюнча да, сүрөттөөнүн стили боюнча да ар кандай болушу мүмкүн. Комикстерди жаратууну окуучулардын өз алдынча жана чыгармачыл ишин уюштурууда пайдаланса болот. Өзүлөрүнүн каармандарын жана алар кездешкен жагдайларды ойлоп табуу менен, окуучулар ар кандай турмуштук кырдаалды моделдештиришет жана «жашашат», бул көйгөйлөрдү чечүүсүн ойлоп табууга, окуп-үйрөнүп жаткан тема боюнча диалог ойноого жана тексттерди «активдүү» окууга мүмкүндүк берет.

Иллюстрацияланган балдар басылмаларын башталгыч мектептин сабактарында төмөнкүдөй пайдаланса болот:

- Мугалимдер бул китептерди текст менен иллюстрациянын ортосундагы байланышка көңүл буруп, маңыздык божомолдорду жасоо үчүн колдонушат. Окуучулар шыбырап айтууларды издешип, маңыздык божомолдорду жасашат жана балким, окугандан жаңы көз карашты калыптандырышат (Sanders, 2014).
- Мындай китептердеги сүрөттөр маанилердин орчундуу бөлүгүн камтыгандыктан, окуу көндүмүнө ээ болууда кыйынчылыктарга кездешкен окуучуларды окуганга шыктандырат. Текстти өздөштүрүүгө түрткү кылган иллюстрациялары бар китептердин ушундай түрүн пайдалануу менен, ал жерде сүрөт-китепчелер ылайыктуу болуп эсептелген ушундай окутуу чөйрөсүн түзүү менен, мугалимдер окуу көндүмдөрүнө ээ болууда кыйынчылыкты башынан өткөргөн окуучулар кездешкен стереотиптерди алып салышат.
- Иллюстрацияланган басылмалар окугандан ырахат алчу тепкич болушу мүмкүн. Балким, окуганды каалабаган окуучуларды тартуу оңой эмес болот. Бул учурда, алар эмнеге кызыга тургандыгын, эмнени талкуулоону жакшы көрөрүн (спорт, автоунаа же видео оюндар), эмнени жасаганды жакшы көрөрүн тактоо маанилүү. Балким, алардын көңүлүн кичинекей макалалары бар журналдар тартат. Алар видео оюндарга карата көрсөтмөлөрдү окуганга кызыкдар болушу мүмкүн (видео оюнунда кийинки деңгээлге тез арада кантип өтүү керектиги жөнүндө ылайыктуу маалымат).
- Мугалимдер бул китептерди жазуу иши үчүн шыбырап айтуу катары пайдаланса болот. Мисалы, окуучулар сүрөт-китепчесиндеги анын (эркек бала/кыз) сүрөтүнө негиздеп каарманды баяндай алышат. Мугалимдер адабий окуу сабагында көркөм чыгармаларды жана илимий таанып-билүү иллюстрацияланган китептерин, тил, мекен таануу, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери (ТТКН), математика ж.б. боюнча сабактардын предметтик мазмунун байытуу үчүн пайдалана алышат.
- Иллюстрациялардын жардамы менен турмуштук окуялар берилген иллюстрацияланган китептердин басылмаларын пайдалануу, окуучуларга инсандык, социалдык жана эмоционалдык көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүк берет. Бул китептерди окуу менен, окуучулар турмушта кандай кыйынчылыктарга туш болушканы жөнүндө түшүнүк алышат.
- Иллюстрацияланган басылмаларды окуучулар менен дүйнөнү өзгөртө турган кичинекей жана орчундуу аракеттер жөнүндө сүйлөшүүлөрдүн башталышы үчүн пайдаланса болот. Алар бир кичинекей боорукердик иш болсо дагы же кичи иштерди зор кыймылга айлантуу менен, окуучуларды шыктандыра алышат.

Класста ар түрдүү китептердин бар болушу маанилүү. Класстагы бар болгон китептердин саны жана ар түрдүүлүгү көбөйгөн сайын (мисалы, башталгыч билим берүүсү үчүн USAIDдин долбоорлору, анын ичинде «Окуу керемет!» долбоору), мугалимдерде окуучулардын өз алдынча окуганына үйрөнүү жана түрткү болуу үчүн китептердин темаларын жана түрлөрүн тандоого көбүрөөк мүмкүнчүлүк болот.

### Кыскача пикир

Балдар китеби – бул балдардын кабыл алуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, жаш окурманды окутуу жана өнүктүрүү үчүн түзүлгөн басылма. Ал темалардын жана жанрларынын кенен спектрин камтыйт. Балдар китептеринин ар түрдүүлүгүн форматы, мазмуну, татаалдыгы, белгилүү бир куракка ылайыкташтырылышы, кептин стили, тексттин жана иллюстрациянын катышы боюнча классификацияласа болот.

Окутуу жана тарбиялоо процессинде пайдалануу үчүн мугалимдерге, китепканачыларга жана ата-энелерге жеткиликтүү китептердин санынан жана ар түрдүүлүгүнүн өсүшүнөн улам, окуучулардын окуп-үйрөнүүгө тартылуусуна жана жалпы эле турмушка болгон кызыгуусун өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн темалардын жана жанрлардын кеңирирээк тандоосу пайда болот.

Балдар китептерин ар кандай категориялар боюнча классификацияласа болот: белгилүү окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү болгон китептер, көркөм жана илимий таанып-билүү адабияттар, иллюстрацияланган басылмалар жана маалымат ар кандай форматта берилген китептер. Окуучулардын ар кандай категориядагы китептерге жеткиликтүүлүккө ээ болушу маанилүү, ал эми аларды мугалимдер тарабынан колдонулушу башталгыч мектептин билим берүү чөйрөсүн кеңейтүүнүн ажырагыс булагы болуп, кийинки бөлүмдө каралат.

# 3-БӨЛҮМ. БАЛДАР КИТЕБИ БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТИН ОКУУ РЕСУРСУ КАТАРЫ

## Багыттоочу суроолор

- Башталгыч мектепте балдар китебин кантип пайдаланса болот?

*Балдарды окурман кылуу - мугалимдердин кесиптик милдети. Тамгаларды окуганга үйрөтүү – башкы нерсе эмес. Дал ушул китептерди билүү аларга эң көп жардам берет жана жашоодо эң мыкты колдоо көрсөтөт.*

*Эйдан Чамберс, «Айтып бер: окуйбуз, ойлонобуз, ой жүгүртөбүз» китебинин автору.*

Башталгыч мектептин сабактарында балдар китептерин ар кандай жолдор менен колдонсо болот: китептерди окуучулардын маселеге же изилденип жаткан темага тартуу максатында «илмек» катары окуу, окулган чыгарманын призмасы аркылуу окуп-үйрөнүп жаткан теманы талкуулоо, мугалимдин «жардамды акырындап азайтуу» (скаффолдинг) принцибин жана чыгармачылык мамилесин камсыз кылуу үчүн китептерди пайдалануу, ошондой эле класста көйгөйлөрдү чечүү жана инклюзивдүү маданиятты өнүктүрүү.

## 3.1. КИТЕП «КАЙЫРМАК» КАТАРЫ

Балдар китеби мугалимге сабакты кызыктуу өткөрүүгө жардам берет, эгерде аны окуучуларды кызыктыруу үчүн, окуу процессине «магнит» катары «тартып» пайдаланса же башкача айтканда, китеп окуучуларды окуп-үйрөнүп жаткан темага, түшүнүккө же предметке көңүлүн буруу үчүн, «кайырмак» катары боло алат. Дейв Берждес, «Үйрөнүү укмуштуу окуя катары: сабактарды кантип кызыктуу жана сүйүктүү кылуу керек» китебинин автору ушундай «кайырмактардын» бир нечесин пайдаланууну сунуштайт (Берджес Д., 2017 ылайыкташтырылган):

- «Турмуштагы пайда» кайырмагы. Балдар китебинин жардамы менен, окуучуларга турмушта окуп-үйрөнгөн материалдын пайдасын, анын практикалык колдонулушун, китепте жана алардын жеке турмушунда чагылдырылган окуп-үйрөнгөн материал ортосундагы байланышын көрсөтсө болот.
- «Кызыкчылыктар» кайырмагы. Мугалим окуучулардын кызыгуулары, хоббилери же артыкчылыктары жөнүндө маалыматка ээ болуу менен, окуу материалын берүүдө окуучулардын ар тараптуу кызыгууларын пайдалануу үчүн, ушул темаларга ылайыктуу китептерди, окуучулар эмнеге кызыкса, аны менен окуп-үйрөнгөн материалды байланыштырууну сунуштай алат.
- «Өзгөчө окуя» кайырмагы. Мугалим окуучулар көңүл бура турган окуяны тандап алат, ал аркылуу тема, түшүнүк же предмет жөнүндө билүүгө кызыктуу болот. Мисалы, математика сабагында мугалим окуучуларга каармандардын ич ара таттууларды (жемиштер, момпосуйлар, торт ж.б.) бөлүшкөндүгү жөнүндө китепти окуганга берет, бул сюжетти талкуулоо «Бөлүү» темасын түшүндүрүү

үчүн башталгыч чекит катары кызмат кылат. Сандык катар жөнүндө дагы ушуну айтууга болот – ал окуучуларга математикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө жардам берген маанилүү курал. Мугалимдер, адегенде жүрүп жаткан окуянын ырааттуулугун жана математикалык мейкиндиктерди (объекттер ортосундагы аралык, геометриялык фигуралар ж.б.) жана аларды билдирген терминдерди камтыган окуяларды окуу менен, окуучуларды сандык катар түшүнүгү менен тааныштыра алышат (3-стратегияны караңыз: «Окуучулар сандык катарды өздөштүрүүсү үчүн балдар адабиятын пайдалануу стратегиясы»).

- «Тепкич» кайырмагы. Балдар китеби скаффолдинг катары кызмат кылат, башкача айтканда, татаал темага же абстрактуу түшүнүккө өткөнгө чейин жөнөкөй же конкреттүү мисалды сунуштоонун ыкмасын келтирүү.

## 3.2. ОКУГАНДЫ ТАЛКУУЛОО АРКЫЛУУ ТҮШҮНҮҮ

«Айтып бер: окуйбуз, ойлонобуз, ой жүгүртөбүз» китебинин автору Эйдан Чамберс, китеп жөнүндө жакшы сүйлөй алуу – бул ар түрдүү темаларда сүйлөшүүгө мыкты даярдык деп эсептейт (Чамберс, 2016). Балдарга китеп жөнүндө ой жүгүртүүгө жардам берүү менен, биз аларга турмушта болуп жаткан окуялардын бардыгы жөнүндө ой жүгүртүүгө үйрөтөбүз.

Окуганды талкуулоо жаңы теманы түшүнүүгө жардам берет, турмуштук тажрыйбасы менен байланыштыруусуна жана жеке өсүшүнө өбөлгө түзөт (балдар өзүлөрүн каармандардын ордуна коюшат, китептеги окуяларды өз тажрыйбасы менен байланыштырышат, ушундан улам өзүлөрүн жакшыраак түшүнө башташат), тилди жана сөзгө чебер мамиле кылууга үйрөтөт, элестетүүнү өнүктүрөт, кантип жашоо керектигине үйрөтөт. «Окугандарды талкуулап жатып, биз тексттин ар кандай элементтеринин ортосундагы байланышты издейбиз, тилде, каармандардын мотивдеринде, ушуга окшогон окуяларда, окшош каармандарда, жалпы символикада жалпылыкты көрөбүз жана суроолорубузга жооп тапкан учурда, сюжеттин табышмактарын чечебиз, ал эми китеп бизге түшүнүктүү болуп калат» (Чамберс, 2016). Жаңы теманы окуп-үйрөнгөндө өтүп жаткан предмет боюнча окулган тексттин тексттен сырткары байланышын пайдаланса болот:

- «Дүйнө – китепте»: окуучулар китептеги каармандарды жана окуяларды реалдуу адамдар жана окуялар менен салыштырышат.
- «Китеп жана китеп»: окуучулар эки китепти салыштырышат жана алардын айырмачылыктарын жана окшоштуктарын аныкташат.
- «Китеп – өздүк турмуштук тажрыйбасы»: окуучулар окугандары менен өзүлөрүнүн жашоосундагы окуялардын ортосундагы байланышты табышат.

Класста терең ой жүгүртүү жана мазмундуу талкуулоо үчүн белгилүү бир темага байланыштуу ар кандай жанрдагы чыгармаларды (көркөм жана илимий таанып-билүү адабияттарды) колдонуу сунушталат. Ал (а) окуучуларга талкууланып жаткан теманы камтыган ар кандай материалдардын ортосунда байланыш түзүүгө мүмкүндүк берет, (б) окуучулардын теманы терең түшүнүүсүнө өбөлгө түзөт, (в) окуучулардын сабактын темасы боюнча ар түрдүү көз караштарды баалоо жана талдоо сыяктуу бийик деңгээлдеги ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Мугалимдер текстти жаратуунун ар кандай түзүлүштөрүн колдонуу менен балдар китептерин пайдаланган учурда, алар окуучуларга жаңы билимдерди

(схемалар теориясы) уюштуруунун өздүк тутумун калыптандырууга жана алар билген нерселер менен жаңы маалыматты байланыштырууга жардам берет.

## 3.3. ОКУГАНГА ҮЙРӨНҮҮДӨ МУГАЛИМДИН «ЖАРДАМДЫ АКЫРЫНДАП АЗАЙТУУСУН» (СКАФФОЛДИНГ) КАМСЫЗ КЫЛУУ ҮЧҮН КИТЕПТЕРДИ ПАЙДАЛАНУУ

Балдар китептерин пайдалануу менен, ар түрдүү предметтерди окуп-үйрөнүү учурунда мугалимдер калыптанган көндүмдөрүнө ээ болгон окуучуларга татаал китептерди тандоого, окуу көндүмүнө ээ болууда кыйынчылыктарды башынан өткөргөн окуучуларга керектүү колдоо көрсөтө алышат. Окуучуларга мекен таануу боюнча окуу китебинен текстти окуу жана түшүнүү кыйын болгон учурда, мугалимдер окуганга кошумча китептерди сунуштай алышат, ошону менен окуучуларга окуу тексттин өз алдынча окуп-үйрөнүүсү үчүн мүмкүнчүлүктү камсыз кылышат.

Балдар китебин класста пайдалануу - бул окууну дифференциациялоонун жана окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоонун принциптерин колдонуунун бир жолу («Башталгыч класста дифференцияланган окутууну колдонуу» 1-модулун караңыз). Мугалимдер окуучуларга окуганга шыктануусун жогорулатуу үчүн эмнени окууну тандоо укугун бере алышат. Түшүнүү стратегияларын баскыч боюнча үйрөтүүдө мугалимдер балдар адабияттарын пайдалана алышат. Бул үчүн чыгармаларды табуу керек, алар менен иштөө үчүн конкреттүү түшүнүү стратегияларын:- маңыздык божомолдорду жасоо үчүн негизги идеяны жана шыбырап айтууларды издөөнү, же илимий таанып-билүү тексттин түзүлүшүн талдоону (мисалы, текстте салыштыруу жана карама-каршылык үчүн мүмкүнчүлүк барбы, түшүнүктү же кубулушту киргизүүдө ойду жайылтууда ырааттуулук кантип сунушталган) колдонуу керек. Мугалимдер окуу үчүн татаалыраак тексттерге аларга колдонуу үчүн стратегияларды пайдалануу билгичтигин бекемдей алышы үчүн жөнөкөй, атайын курулган тексттерден баштап окуу куралдарына жана башка тексттерге өтүшөт.

## 3.4. ЧЫГАРМАЧЫЛ МАМИЛЕ

Балдар китептерин бардык предметти окутууда пайдалануу, жаңы теманы ачып берүүдө чыгармачыл мамилеге айланышы мүмкүн. Адабиятта дайыма «күтүлбөстүк» деген элемент көп кездешет, ал бийик деңгээлдеги ой жүгүртүү көндүмдөрүн колдонуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жана көптөгөн пайдалуу учурларды камтыйт. Башталгыч мектептин сабактарында балдар китептерин пайдаланууда чыгармачылык мамилени жайылтуу үчүн окуучуларга текстти иллюстрациялоого берсе болот, же тескерисинче, иллюстрациянын негизинде өз текстин жаратууну сунуштаса болот. Ошентип, окуучулар текст менен иллюстрацияларды айкалыштырууга үйрөнүшөт. Сүрөттөөнүн бир стилин экинчисине которсоңуз болот: мисалы, аңгеменин сюжетинин негизинде комикс, кыска ыр чыгармасын же жазылган тартылган китеп (сүрөт-китепче).

Сабактарда окуучулар тарабынан өзүнүн жеке китептерин жаратуу мүмкүнчүлүгүн пайдалануу: а) каармандарды, окуялардын ордун жана убактысын, сюжетин түзүү, баяндоого сүрөттөөлөрдү (адамдын, жаныбарлардын, окуялардын ордун жана айлана-чөйрөнүн абалын же мүнөзүн) камтууну тандоо билгичтиги, б) китептин түзүлүшү жөнүндө билимдерди бекемдөө, в) байланыш көндүмдөрүн өнүктүрүү;

г) текст менен иллюстрацияларды айкалыштыруу билгичтиги; д) китепке жана окуганга кызыгууну калыптандыруу.

## 3.5. КӨЙГӨЙЛӨРДҮ ЧЕЧҮҮ ЖАНА «ИНКЛЮЗИВДИК АДАБИЯТТЫ» ӨНҮКТҮРҮҮ

Балдар адабияты универсалдуу темаларды камтыйт, алар анын көпчүлүгүндө «эскирбейт, карыбайт», анткени алар окуучуларга турмуштук сабактарды беришет. Окуучулар китептерден адамгерчилик, боорукердик, айкөлдүк, тырышчаактык, достук, жалгыздык жана чынчылдык жөнүндө билишет. Балдар адабияты, ошондой эле, оор турмуштук кырдаалга туш болгон окуучуларга жардам берет, мисалы, ата-энесинин ажырашуусу, айылдан шаарга көчүп кетиши жана чоң ата жана чоң энесинен айрылышы. «Балдар адабиятын көйгөйлөрдү чечүү куралы катары пайдалануу – бул мугалимдерге балдарды түшүнүүгө жана аларга кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берүүнүн маанилүү жолу. Окуяларды окуп-үйрөнүү, аларды талкуулоо жана өз тажрыйбасы жөнүндө ой жүгүртүү аркылуу балдар өздөрү жашап жаткан дүйнөнүн татаалдыктарын кабыл ала башташат» (Tu, 1999).

Учурда «инклюзивдик адабият» активдүү өнүгүп жатат. «Инклюзивдик адабият» – бул майыптуулукту жана адамдардын ар түрдүүлүгүн позитивдүү кабыл алууну калыптандырууга багытталган адабият. Жаш окурмандар, өзүнүн курагына ылайык бейкалыс пикирден алыс болушат, өзү үчүн башкалардын жашоосун ачуу менен, ченем түшүнүгүн кеңейтип, чоң адамдардын баскычына өтүүгө даярдануу менен, дүйнөнүн ар түрдүүлүгүн түшүнүшөт. Мындай китептер майыптуулукту татаал эмес тил менен түшүндүрүүгө жардам берет; кийинки диалогго даярдануунун мыкты жолу болуп эсептелет; жоопкерчиликке үйрөтөт, биздин коомубуздун өзгөчө жарандары бардык адамдар сыяктуу эле, сапаттуу жашоого ушундай эле укуктары бар экендигин түшүндүрүшөт; майыптуулук менен балдарды тааныштырышат. «Ар бир бала китептин каарманы болууга татыктуу» эмеспи. Бул алардын өзүн-өзү баалоосуна жана эмоционалдык абалына таасирин тийгизет, мындай балдардын жалгыздык сезимин жана башкалардан обочолонуусун азайтууга жардам берет (O. Vovk, жана башкалар, 2020).

Бул модулда балдардын колу менен тартылган китептердин призмасы аркылуу ар түрдүүлүк суроосун талкуулоого багытталган стратегиялардын бири сунушталат («Иллюстрацияланган китептер аркылуу ар түрдүүлүктү талкуулоо» аттуу 5-стратегияны караңыз).

### Кыскача пикир

Мугалимдер балдар адабиятынын чыгармаларын жаңы темаларды же түшүнүктөрдү киргизүүдө, окуучулардын жаңы окуу материалын түшүнүүсүн өркүндөтүүдө, ошондой эле окуучуларга бийик деңгээлдеги ой жүгүртүү көндүмүн өнүктүрүүдө пайдалана алышат. Балдар адабияты түшүнүүнүн жаңы стратегияларын үйрөнүүгө өбөлгө түзөт. Бул үчүн ар кандай ыкмаларды колдонсо болот: мисалы, китеп «кайырмак» катары окуучулардын көңүлүн окуп-үйрөнүп жаткан суроого же предметке бурууга мүмкүндүк берет.

Окуган чыгарманын призмасы аркылуу теманы талкуулоо, аны тереңирээк түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет, ал эми окуу үчүн атайын китептерди тандоодо скаффолдинг принцибин пайдалануу ар бир окуучуга даректүү окутуу үчүн

жагымдуу чөйрө түзөт. Ар кандай предметтерди окуп-үйрөнүү үчүн балдар китептери менен иштөөдө чыгармачыл мамиле дагы кызыктуу жана пайдалуу. Окуучулар өздөрү сыяктуу эле турмуштук оор кыйынчылыктарды баштан кечирип жаткан балдар жөнүндө китеп окуй алышат, ошону менен бирге, өтө маанилүү суроолорго жооп табышат. Балдар адабиятынын чыгармалары «инклюзивдик адабияттын» өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

# 4-БӨЛҮМ. БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ АР ТҮРДҮҮ ПРЕДМЕТТЕРДИ ОКУП-ҮЙРӨНҮҮ ПРОЦЕССИНДЕ БАЛДАР АДАБИЯТЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ИНТЕГРАЦИЯЛОО

## Багыттоочу суроолор

- Математиканы окуп-үйрөнүү үчүн балдар адабиятын кантип пайдаланса болот?
- Мекен таануу жана турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери сабактарында эмне үчүн балдар адабиятын пайдалануу керек?
- Көркөм өнөр сабактарында балдар адабияты кантип жардам берет?

*Китеп укмуштуудай күчкө ээ… Сен аны ачасың, ал – сени!*

*Чыңгыз Айтматов, кыргыз жазуучусу*

Окуучулар ар түрдүү билим берүүчү тармактардын предметтеринин мазмунун өздөштүрүү үчүн, алар жашаган дүйнө кантип түзүлгөнү жөнүндө маалыматтардын көптөгөн саны менен таанышышат. Бирок, бул маалыматтарды өздөштүрүү үчүн, алар өз тажрыйбасына таянуу менен, өз таанып-билүүлөрүн кеңейтип, аларды турмуштук кырдаалдарда колдоно биле алышы маанилүү. Ар бир окуучунун турмуштук тажрыйбасын эске алуу үчүн мугалимдер маалыматты ар кандай жолдор менен сунушташы керек. Окуучулардын жеке муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын эске алуусуна жардам берген натыйжалуу мамилелердин бири – балдар адабиятынын жана мектеп предметтеринин интеграциясы болуп эсептелет. Мектептик окуу программасынын ар кандай темалар боюнча жана ар кандай форматта окуй турган балдар китептеринин бар болушу ар бир окуучу тарабынан предметтерди окуп-үйрөнүү үчүн эң ылайыктуу китептерди тандоого мүмкүндүк берет.

Балдар адабиятынын чыгармаларын жана сабактардын предметтик мазмунун интеграциялоонун дагы бир себеби - бул «баланын окуу, жазуу жана эсептөө көндүмдөрүнө ээ болуусу гана эмес, окуучулардын айланасындагы дүйнөнү мүмкүн болушунча жакшыраак түшүнүүгө, алардын инсандыгын калыптандырууга жана өз өлкөсүнүн активдүү жана боорукердик (эмпатиялык) сапаттарга ээ жараны болуусуна жардам берүү» мүмкүнчүлүгү болуп эсептелет (К. Робинсон, 2016). Балдар китеби окурманга окуу китебинде камтылбаган маалыматтарды сунуштоо менен билим тармагын кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

Мындан тышкары, балдар адабияты предмет аралык темаларды жана түшүнүктөрдү камтууга, ал мугалимдерге, ийкемдүүлүктү көрсөтүү менен, сабак убактысын натыйжалуу пайдаланууга жана окуу программасынын мазмунун аткарууга мүмкүндүк берет. Адабият жана предметтик мазмундун интеграциясы курчаган дүйнөнү бүтүн жана өз ара байланышта кароону шарттайт.

## 4.1. МАТЕМАТИКАНЫ ОКУП-ҮЙРӨНҮҮ ҮЧҮН БАЛДАР АДАБИЯТЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ПАЙДАЛАНУУ

Биз математика тууралуу ойлонбогон учурда дагы, ал бизди бардык жерде курчап турат, ошондуктан ар бир адамга математикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү зарыл. Математика логикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт, табигый кубулуштарда, тарыхый процесстерде жана адабий сюжеттердин өнүгүүсүндө мыйзам ченемдүүлүктөрдү табууга жардам берет. Балдар адабияты окуучуларга математиканы түшүнүүнү жеңилдетет жана сандардан, эсептөөлөрдөн жана тапшырмалар алдында коркууну жеңүүгө жардам берет.

Математикалык маселелерди чечүүдө окуучулар математикалык тилди түшүнүү көйгөйү менен кездешиши мүмкүн, анткени окуучулар маселени окуп, анын тексттин түшүнүп, жооп бериши керек болгон суроону аныктап, акыры, сандык теңдемени түзүп, аны чечишери күтүлөт. Окуучулар математикада колдонулган өзөктүү терминологияны түшүнбөгөндүктөн, маселени окуп түшүнүүдө же мазмунун кыскача жазууда кыйынчылыктар болушу мүмкүн. Ошондуктан, балдар адабиятын пайдалануу сунушталат, анда образдар, абстракциялар, турмуштук мисалдар ж.б. аркылуу математикалык тил түшүндүрүлөт. Мисалы, чыгарманын бир каарманында экинчи каарманга караганда бир нерсеси көбүрөөк болгон же бир буюм башка буюмдун көлөмүнөн бир нече эсе чоң болот. Алсак, Дж.Свифттин «Гулливердин саякаты» романында өтө кыска бойлуу адамдардын (лилипуттар) өлкөсүндө, бардык тургундарды курчап турган буюмдар Гулливерди күнүмдүк жашоодо курчап тургандарга караганда 12 эсе кичине болгону айтылат.

Окуучуларга математикалык концепциялар аларга тааныш контекстте болгон китептерди сунуштоо, андан соң аларды көрсөтүү үчүн математикалык терминдерди киргизүү маанилүү.

Булар кызыктуу окуялар болушу мүмкүн, анда сандардын жана алардын маанилеринин, геометриялык фигуралар менен таанышуунун, математикалык эсептөө (кошуу, алуу, көбөйтүү, бөлүү), сандык катарлардын, бөлчөктөрдүн, акча жөнүндө түшүнүктөрдүн, мейкиндиктик мамилелердин ж.б. баяндоосу сунушталынат.

Конкреттүү математикалык түшүнүктү окуп-үйрөнүү үчүн ылайыктуу китептерди тандап алуу менен, мугалимдер аларды жаңы тема менен тааныштыруу үчүн пайдалана алышат. Окуучуларды кызыктыруунун бир жолу - бул китепти үн чыгарып окуу, талкуулоо үчүн убакыт берүү, андан кийин классты математикалык түшүнүк менен тааныштыруу жана акыры, китеп менен математикалык түшүнүктүн ортосундагы байланышты талкуулоо. Керек болгон учурда, бул китепти дагы бир жолу окуса же окуп-үйрөнүп жаткан математикалык түшүнүк менен байланышкан башка китептерди класска окуп берсе болот.

Башталгыч билим берүү тармагында USAIDдин долбоорлору тарабынан берилген кошумча окуу үчүн көптөгөн материалдар, анын ичинде «Окуу керемет!» долбоору, башталгыч мектепте математиканы окуп-үйрөнүү үчүн мисалы симметрияны, мейкиндикти жана форманы: «Жоголгон оюм» (К.С. Хан), өлчөөнүн негизги ыкмаларын колдонуу жана салыштыруу үчүн “Сэмдин кенч катылган картасы” (Ж.Ч.Соб), математикалык эсептерди чыгаруу үчүн «Ойноок балдар аянтчасы» (Ж.С. Хе) сыяктуу китептер пайдалуу ресурс катары ылайыктуу келет.

## 4.2. МЕКЕН ТААНУУ ЖАНА ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК КООПСУЗДУГУНУН НЕГИЗДЕРИ САБАКТАРЫНДА БАЛДАР АДАБИЯТЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ПАЙДАЛАНУУ

Мугалимдер темаларды жана түшүнүктөрдү бекемдөө үчүн балдар адабиятынын чыгармаларын пайдаланышса болот. Балдар адабияты окуучуларга өткөндү көрсөтмөлүү элестетүүгө жана темаларды, түшүнүктөрдү толугураак түшүнүүсүн калыптандыруусуна жардам берет. Адабият предметти окуп-үйрөнүүсүнө дайыма кошумча деталдарды алып келет, теманы реалдуураак жана кызыктуураак кылат (Almerico, 2018). Балдар адабиятын пайдалануу:

- окуучулардын билимин жана окуп-үйрөнүп жаткан темага болгон көз карашын кеңейтет;
- фактологиялык маалымат менен турмуштук тажрыйбанын ортосундагы байланышты түзөт;
- окуучуларга мектептик программанын алкагында окуп-үйрөнүлгөн предметтик мазмунду өз тажрыйбасы менен байланыштырууга мүмкүнчүлүк берет.

Мекен таануу предметинин темалары илимий билимдер (мисалы, биологиядан, географиядан, астрономиядан, тарыхтан) менен байланыштуу болгон учурда, балдар адабиятынын чыгармаларын пайдалануу окуучуларга илимий билимдерди айлана-чөйрө менен байланыштырууга жана алардын турмуштук түшүнүүсүн жакшыртууга жардам берет. Балдар адабиятын пайдалануу окуучулардын илимге болгон кызыгуусун дагы арттырат (Mahzoon-Hagheghietal., 2018).

Илим менен байланыштуу темалар боюнча кошумча материал катары сабактарда пайдалануу үчүн китептерди тандап жатканда, мугалимдер маалыматты пайдалануунун коопсуздугун эске алуу менен, илимий түшүнүктөр так, ишенимдүү жана сылык берилгендигине ишенүүсү керек. Иллюстрациялар окуучулар үчүн түшүнүктүү жана жагымдуу болушу керек, анткени алар окуучулардын темага жана аны окуп-үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттырууда өзгөчө ролду ойнойт. Эгерде китептеги визуалдык элементтер (графиктер, диаграммалар, фотосүрөттөр) окуучуларга тааныш эмес болсо, мугалимдер алардын маанисин жана окуп-үйрөнүп жаткан тема менен алар кандай байланышта экендигин түшүндүрүп бериши керек. Акырында, китеп окуучулар үчүн кызыктуу болушу зарыл (Mahzoon-Hagheghietet., 2018).

Мекен таануу же турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери предметтери боюнча окуп-үйрөнүү үчүн балдар адабиятын пайдаланууда, мугалимдер китепти окууну жана түшүнүүнү окутууда кандай колдонсо, ошондой пайдаланышат. Биринчиден, ал окуучулардын актуалдуу билимин активдештирет, окуучулардын ушул тема боюнча билгендерин талкуулашат. Бул үчүн «Билем - Билгим келет – Билдим» (ББкБ) стратегиясын колдонсо болот. Мугалимдер окуучуларды жаңы сөздөрдүн мааниси менен тааныштыра алышат жана окуучуларды алардын мааниси жөнүндө билгендерин айтып берүүсүн (же жазуусун) сунушташат; окуучуларды сюжеттин андан аркы өнүгүүсү жөнүндө божомолдоо жасаганга чакырышат; же окуучуларга «контексттик божомол» стратегиясын колдонууну үйрөтүшөт (буга чейин берилген маалыматтын негизинде) (Almerico, 2018).

Эгер илимий таанып-билүү адабияты пайдаланылса, мугалимдер окуучулардын көңүлүн текст кантип уюштурулганына бурушу керек (Almerico, 2018). Андан кийин мугалим окуучулардын көңүлүн аталыштарга, кошумча аталыштарга,

иллюстрацияларга жана башка визуалдык элементтерге бура алат. Эгерде китеп маалыматты салыштыруу жана карама-каршы коюуну камтыса, анда мугалим окуучулардын көңүлүн автордун маалыматты кантип түзгөнүнө бурушу керек. Эгерде китепте себептер жана натыйжалар жөнүндө маалымат камтылса, мугалим окуучулардын көңүлүн ушуга жана автор себеп-натыйжа байланыштарын көрсөтүү үчүн пайдаланган маркер-сөздөргө бурушу керек. Бул окуучулар окуяны окуп же уккан учурда, андан соң жазуу ишинде түзүлүштү пайдаланууда, аларга маалыматты түзүүгө жардам берет (Dickson et al., 1998).

Мугалимдер чыгармаларды окуучуларга үн чыгарып окуй алышат, же окуучулар аларды жекече же жуп менен окуй алышат. Чыгарманы окуп чыккандан кийин, талкуулоо өткөрсө болот жана окуучуларга китеп жана окуп-үйрөнүп жаткан тема же түшүнүк ортосундагы байланышты аныктоого жардам берсе болот. Мекен таануу сабактары үчүн Ж.Турпанованын «Илбирс», Э. Шүкүровдун «Кыргызстандагы жана дүйнөдөгү жапайы жаныбарлар» же Ж. Турпанованын «Кыргыз үй буюмдары» сыяктуу китептерин пайдалануу сунушталат. Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери боюнча сабактарда окуучуларга А.Казиевдин «Жол кыймылынын эрежелери» жана Пьер Винтерстин «Майпаң Мамалак» китептери менен таанышууну сунуштаса болот.

## 4.3. КӨРКӨМ ӨНӨР САБАКТАРЫНДА БАЛДАР АДАБИЯТЫН ПАЙДАЛАНУУ

«Көркөм өнөр» предмети боюнча сабактарда окуучулар сүрөт искусствосунун негиздери менен таанышышат, ошондуктан мугалим окуучуларга сүрөтчүлөр жөнүндө китептер менен, живопистин багыттары, ар түрдүү техникаларда көркөм өнөр чыгармаларын жаратуу жөнүндө таанышууну сунуштай алат.

Бул сабактарда ар кандай форматтагы (мисалы, графикалык романдар жана аудиокитептер) көркөм жана илимий таанып-билүү адабияттын айкалышы натыйжалуу болуп эсептелет. Бул белгилүү бир теманы ачыктаган китептер болушу мүмкүн, мисалы, жылдын ар кайсы мезгилиндеги жаратылыштын сүрөтү, курамдык жана туунду түстөрдү билүү же Г.Айтиев атындагы Кыргыз улуттук көркөм сүрөт музейинде өткөн сүрөтчүлөрдүн көргөзмөсү жөнүндө аңгеме. Ушундай кенен окуудан улам, балдар предмет боюнча негизги билимге ээ болушат, сөз байлыгын кеңейтишет, түшүнүү көндүмүн өнүктүрүшөт. Бул предмет боюнча сабактарды өткөрүү үчүн төмөнкү басылмалар сунушталат: А. Орозованын «Күз», К.Рымбектин «Оюмдар», С.Позняковканын «Боёктор дүйнөсүндө»; М.Доманованын «Кечээ мен сүрөт тартканмын», А. Осмонованын «Саймалар дүйнөсү» жана башкалар.

Иллюстрацияланган басмалардан улам, окуучулар визуалдык искусствонун тили менен тааныша алышат жана анын маалымдуулугун баалай алышат. Мындай китепти окуп жатканда, окуучулар сүрөт эмне жөнүндө айтып жаткандыгын түшүнүүгө үйрөнүшөт. Бул жерде төмөнкүлөргө көңүл буруу маанилүү (Child Develop, 2020):

- **Түс.** Иллюстрацияда кайсы түстөр көбүрөөк кездешет, белгилүү түстөрдү конкреттүү сезим же аракет менен кантип салыштырса болот. Мисалы, кызыл көбүнчө кызыктуу нерсе менен байланышса, кара - караңгылык, коркуу, тынчсыздануу, көк – капа менен, сары - толкундануу же бакыт менен байланыштуу. Окуучулардын көңүлүн түстүн жардамы менен тексттен таасир алууну күчөтүүгө кантип жардам бергенине буруу.

- **Сызыктар.** Окуучулар китептин сүрөтүндөгү ар кандай сызыктарды аныкташат, манжаларынын артынан ээрчип, ар бир сызык эмнени билдирерин баяндашат. Чекиттүү сызык кубаныч менен секирип, жоон сызык эпсиз сойлоп, ийри сызыктар күлүп, ал эми ичке, курч сызыктар ачууланып тешип жиберишет. Окуучулар менен сүрөттөгү ар түрдүү сызыктардын түрү жана кыймылы кантип окуянын жүрүшүнө өбөлгө түзгөнү жөнүндө талкуулоо сунушталат, ал үчүн узундуктагы жана формадагы окуяны ар кандай сызыктар жана баяндоонун байланышынын мисалы менен китепти тандоо маанилүү.
- **Формалар жана предметтер.** Окуучулар иллюстрацияда сүрөттөлгөн формаларды жана предметтерди атай алышат жана алардын өлчөмдөрүнүн айкалышына комментарий бере алышат. Предмет канчалык чоң болсо жана көрүүчүгө ошончолук жакын болсо, анда ал сүрөттө ошончолук маанилүү болот. Окуучулардан текст канчалык чыгарманын визуалдык түзүлүшүнө шайкеш келгендигин баалоо сунушталат.

## 4.4. ПРЕДМЕТТИК МАЗМУНДУ ЖАНА БАЛДАР АДАБИЯТЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ИНТЕГРАЦИЯЛОО ЖОЛДОРУ

Мугалимдер окуу боюнча предметтерди окуп-үйрөнүүгө интеграциялоо үчүн ишмердүүлүктүн көптөгөн ар түрдүү түрлөрүн пайдаланышат. Өзгөчө «Адабий ийримдер» стратегиясына жана мугалим тарабынан окуучуларга үн чыгарып окууга көңүл буруу керек.

### *4.4.1. «Адабий ийримдер»*

«Адабий ийримдер» - бул кичи топтордо окуу үчүн материалдарды талкуулоо ыкмасы. Тандалган китептердин негизинде окуучулар убактылуу топторду жана китептерди окуу, аларды талкуулоо жүгүртмөсүн түзүшөт, талкуулоого ролдорду бөлүштүрүшөт. Сабакка чейин же сабак учурунда окуучулар бири-бири менен жолугушууга жана окуган чыгармасы жөнүндө сүйлөшүү үчүн убакытты алдын ала кароо керек. Чыгарманын көлөмүнө жана окуучулардын курагына жараша бир чыгарма боюнча «Адабий ийримдер» бир же бир нече сабакка созулушу мүмкүн.

Мугалим – үлгү болуп эсептелип, окуучуларга «Адабий ийримдеги» жаңы ролдор менен таанышууга жардам берет, маектешүүнү демилгелөө менен окуп-үйрөнүүнү уюштурат. Адабий ийримдердин түрлөрү:

- **Тематикалык адабий ийримдер.** Тематикалык адабий ийримдер үчүн тандалган китептер кызыктуу болушу керек, алардын мазмуну окурмандардын эмоционалдык реакциясын жаратып, аларды талкуулоого түртүшү керек. Сабактын максатына жараша, китептер бир эле темага же көйгөйлөргө байланыштуу болушу керек, бирок жалпы класс бир эле китепти окуганга милдеттүү эмес. Мисалы, мекен таануу сабагында «Аалам» темасын окуп-үйрөнүүдө мугалим окуучуларга планеталар, жылдыздар жана космостук изилдөөлөр жөнүндө китептерди бере алат. Эгер үй жаныбарлар жөнүндө сөз болгондо, мугалимдер үй жаныбарларынын ар кандай түрлөрү жана аларга кантип кам көрүү жөнүндө көптөгөн китептерди сунуштай алышат. ТТКН сабактарында, эгерде сабактын темасы «Өрт – дос, өрт – душман» болсо, өрттү өчүрүү, өрттү коопсуз пайдалануу жана анын коркунучтары жөнүндө китептерди тандап алса болот. Китептерди тандоодо мугалимдер үч принципти жетекчиликке алышы керек:

- кичи топтогу ар бир окуучу үчүн бир нускада китептин жетиштүү санда бар болушу (адатта бир топто 6 окуучу болот);
- китептер татаалдык даражасы боюнча же китептерди классификациялоо деңгээли боюнча өзгөрүлүп турат - тийиштүү класстын деңгээлинен бир аз төмөн жана бир аз жогору китептерди тандоо керек;
- китептердин мазмуну толук кандуу талкуулоо үчүн жетиштүү.

- ♦ Окуучулардын тандоосу боюнча адабий ийримдер. Окуучулар окуй турган китептерди жана алар катышкан топторду өзүлөрү тандашат. Алар биргелешип китепти окуу жана талкуулоо графигин белгилешет, талкуу учурунда аткара турган ролдорун, класс менен окуган китебинин мазмунун кантип бөлүшө тургандыгын тандашат. Мугалимдер, балким, окуганга ылайыктуу китепти тандоону окуучуларга үйрөтүшү керек болот(4-таблицаны караңыз). Эгерде окуучулар татаалыраак китептерди тандаса, мугалим окуучуларга жуп менен иштөөнү сунушташы мүмкүн. Эгерде окуучу китептин татаалдыгына байланыштуу кыйынчылыкты башынан өткөрүп жатса, анда мугалимден жардам сурап кайрыла алат.

**4-таблица. Окуучуларга китептерди тандоо боюнча сунуштар**

| Окуганга өтө жеңил болгон китеп. | Окуганга ылайыктуу китеп. | Окуганга өтө татаал китеп. |
|---|---|---|
| 1. Сиз бул теманын экспертисиз.<br>2. Сиз бул китепти мурун окугансыз.<br>3. Сиз бардык сөздөрдү кантип окула тургандыгын билесиз. | 1. Сиз бир аз бул теманы түшүнөсүз.<br>2. Сиз бул китепти эч качан окуган эмессиз жана мугалим сизге аны окуган эмес.<br>3. Сиз сөздөрдүн көпчүлүгүн окуй аласыз.<br>4. Зарыл болсо, кимдир бирөө сизге жардам бере алат. | 1. Сиз бул тема боюнча эч нерсе билбейсиз.<br>2. Китеп көлөмдүү же майда шрифт менен басылган.<br>3. Сиз китептин текстиндеги көп сөздөрдү окуй албайсыз.<br>4. Эгер сизге жардам керек болсо, сиз кимге кайрылууну билбейсиз. |

Окуучуларга китепти тандоодо мугалимдердин колдоно турган ыкмаларынын бири – окуучуларга ар бир китептин кыскача баяндамасын сунуштоо. Мугалимдер тандалган китептерди окуй алышат же аны окуган окуучуларда китеп жөнүндө сүйлөшүүнү суранышат. Мугалимдер окуучуларга китептерди карап чыгууга жана өзүлөрүнүн тандоосу боюнча көздөгөн китептин кичинекей бөлүгүн окуу үчүн убакыт бере алышат. Окуучулар 4-таблицада көрсөтүлгөн биринчи, экинчи жана үчүнчү варианттарды тандап, өз тандоолорун кагазга жазып, мугалимге өткөрүп бериши керек.

- ♦ **Окуучуларды топко бириктирүүнүн негизиндеги адабий ийримдер.** Окуучулардын окуганга бир эле китепти тандап алган алты адамдан турган чакан топтор түзүлөт. Эгерде белгилүү бир китепти тандап алган окуучулардын саны бар нускалардан ашып кетсе, мугалимдер топторду түзүүгө жардам бере

алышат. Муну төмөндөгүдөй жүргүзсө жакшыраак болот: мугалимдер китептин аталышын чоң кагазга жазышат жана ким бул китепти биринчи, экинчи жана үчүнчү вариант катары тандап алгандыгын текшеришет. Окуучулардын, мүмкүн болушунча эң көп тандалган китеп биринчи вариант менен иштөө мүмкүнчүлүгүн алышына мугалимдер аракет кылышат. Ошол эле учурда, алар кесиптик баалоосуна таянышып, окуучулардын кимиси эң популярдуу китептерди алышарын чечишет.

Ар бир топтун өзүлөрүнүн талкуулоосунун жыйынтыгын жазган дептери болот. Топтор каалашса, дептерлерин аныктоо белгилери менен кооздоп алышса болот (китептин темасы, топтун аталышы боюнча ж.б.). Адабий ийримдин ар бир мүчөсү белгилүү ролду ойнойт. Окуучулар өзүлөрү үчүн ролду тандай алышат же мугалимдер окуучуларга өздөрүнүн тандоосуна багыт бере алышат. Бул стратегия менен «Башталгыч мектепте предметтерди окуп-үйрөнүүдө балдар китебин колдонуунун стратегиялары» аттуу 5-бөлүмдөн кененирээк тааныша аласыңар.

### *4.4.2. Үн чыгарып окуу*

Үн чыгарып окууну моделдештирип же үлгүлүү окуу деп да аташат. Бул форма мугалим окуучуларга китепти көркөм окуп берет деп болжолдойт. Үн чыгарып окуу аларга өз алдынча окуй албаган китептерди түшүнүүсүнө мүмкүнчүлүк берет. Окуучулар жаңы сөздөрдү өздөштүрүшөт, сөзүн жана ой жүгүртүү көндүмүн өстүрүшөт, өз алдынча окууга түрткү алышат. Үн чыгарып кооз, көркөм окуу – бул окуучуларга китепти жана окуганды сүйүүгө үйрөтүү мүмкүнчүлүгү. Бул методду адабий окуу сабактарында гана эмес, ар түрдүү предметтер боюнча башка сабактарда да практикаласа болот.

Үн чыгарып окуу үчүн китепти тандап алуунун эң маанилүү чен-өлчөмдөрүнүн бири болуп окуунун максаты эсептелет. Мугалим математика сабагында окуучуларга жаңы математикалык түшүнүктү тааныштыруу үчүн, ал эми мекен таануу сабагында окуучулар кыштын Кыргызстанда кандай өтүп жаткандыгын же Кыргызстандын аймактарынын биринде жашоо образын жакшыраак түшүнүп, элестете алышы үчүн китеп окуй алат. Окуучуларга түшүнүүнүн жаңы стратегиясын окуп-үйрөтүү же аларды сыйлык алган автор же балдар китеби менен тааныштыруу үчүн үн чыгарып окууну дагы уюштурса болот. 5-таблицада окуучуларга үн чыгарып окуу үчүн китептерди тандоо чен-өлчөмү келтирилген.

**5-таблица. Үн чыгарып окуу үчүн китептерди тандоонун сунушталган чен-өлчөмдөрү**

| Класс | Максат | Китеп тандоодо эмнеге көңүл буруш керек? |
|---|---|---|
| 1. | Кооз сөздүн айтылышына кызыгууну жана аны айтуудан эстетикалык ырахат алууну калыптандыруу. | • Бай тил – татаал маанилерге ээ жана окурмандын сезимдерине кайрылган сөздөр жана сөз айкаштары.<br>• Окуучуларды алдын ала айтууга жана андан ары эмне болоорун билүүгө түртkү кылган татаал сюжеттери бар окуялар.<br>• 1-класстын окуучулары менен бирдей курактагы каармандар катышкан чыгармалар. |

| Класс | Максат | Китеп тандоодо эмнеге көңүл буруш керек? |
|---|---|---|
| | | • 1-класстын окуучулары менен боло турган окуяларга окшош окуялар жөнүндө баяндаган чыгармалар.<br>• Кызыктуу фактылар камтылган илимий таанып-билүү адабияттары.<br>• Күлкүлүү окуяларда жана кыска поэтикалык чыгармаларда пайдаланган сөздөрдүн жана тыбыштардын оюну. |
| 2. | Кызыгууларын кеңейтүү, изилдөө көндүмдөрүн ойготуу. | • Каармандардын кызыкчылыктары, тынчсыздануулары жана башынан өткөргөн окуялары китеп окуучулардыкы менен дал келет<br>• Белгилүү адамдын өмүр баяны, жаратылыш жана илим жөнүндө реалдуу окуялар менен тарыхын тааныштырган китептер.<br>• Иллюстрацияланган басылмаларды окугандан баштап тексти басымдуулук кылган китептерди окуганга чейин өтүүгө өбөлгө түзгөн сүрөт-китепчелер.<br>• Ар кандай каармандарга жана деталдарга бай иллюстрацияланган басылмалар. |
| 3-4 | Сөз байлыгын, сөз өстүрүүсүн, боорукердикти (эмпатия) өнүктүрүүнү кеңейтүү. | • Талкуулоого түрткү болгон жана окуучуларга күнүмдүк көйгөйлөрүн чечүүгө жардам берген татаал темаларды камтыган китептер.<br>• Каармандар менен китептер, алар менен окуучулар өзүлөрүн тааный алышат жана алардын окуяларынан сабак алышат.<br>• Активдүү талкуулоого түрткү болгон окуялар.<br>• Сүрөт-китепчелер билимди байытышат жана курчаган дүйнөнүн татаалдыгын чагылдырышат. |

(Reading Rocket set al., 2016)

Төмөндө «Үн чыгарып окуу» ыкмасын натыйжалуу пайдаланууга мугалимдерге максималдуу жардам берүүчү пайдалуу кеңештердин кээ бирөөсү келтирилген.

- Окуучулар аңгеме, кыска поэтикалык чыгарма же илимий текст менен таанышып жана аны бир сабактын ичинде талкуулашы үчүн, мугалим окуганга жетиштүү убакыт бөлүшү керек.
- Ачык иллюстрациясы, күчтүү сюжеттик тилкеси, жагымдуу каармандары жана эсте калаарлык баяндоо тили менен жазылган китептерди тандоо сунушталат. Окуучулар өзгөчө тамашалуу чыгармаларды жакшы көрүшөт. Класста көрсөтүлгөн ар кандай (этникалык, үй-бүлөлүк, жамааттык ж.б.) маданияттардын өзгөчөлүктөрүн ачыктаган чыгармаларды пайдалануу дагы маанилүү.

- Сабактын алдында мугалим чыгарманы, ал кайсы жерде тыным жасоону билиши, окуучулардын көңүлүн буруута баса белгилөө үчүн маанилүү сөздөрдү бөлүп көрсөтүшү, алардын суроолорун жана реакцияларын алдын ала билүү үчүн башынан аягына чейин окуганды практикалашы маанилүү.
- Окуучулардын көңүлүн китептин мукабасына, аталышына жана авторуна буруп, алардан бул китептин эмне жөнүндө болушу, алардын турмуштук тажрыйбасы же буга чейин окуган башка китептери менен кандай байланышы бар экендигин божомолдоосун сунуш кылууну өтүнүү. Мугалимдер ошондой эле эмне үчүн бул китепти окуганга тандаганын кыскача түшүндүрүп бере алышат. Эгерде мугалим бир эле китепти бир нече күндөн бери окуп жатса, анда окуучулардан мурунку күнү окулган нерселерди кайра айтып берүүнү суранса болот.
- Көркөм окуу, окурмандын үнү аңгеменин тонун же каармандардын башынан өткөргөнүн айтып берүүсү, окуу ылдамдыгы тез болбошу, баса белгилөө үчүн өз убагында тыным жасоо же эмне болуп жатканы же андан кийин эмне болушу мүмкүн экендиги жөнүндө ойлонууну сурануу маанилүү.
- Окуп жаткан учурда иллюстрацияларды окуп-үйрөнүүгө жана талкуулоого убакыт бөлүү, каралган китептин башка китептер менен, окуучулардын тажрыйбаларынын же ушул предмет боюнча окуп-үйрөнгөн темаларынын байланышын көрсөтүү, каармандары жана сюжет жөнүндө суроолорду берүү керек. Эгерде мугалим илимий таанып-билүү китебин окуп жатса, анда окуучулардан негизги ойлорду жана деталдарды белгилөөнү өтүнсө болот. Окуучуларга маалыматтын ар кандай бөлүктөрү кантип өз ара байланышкандыгын көрүүгө жардам берүү үчүн, тактада графикалык уюштуруучуну түзсө болот. Окуучулардан мугалим окуп жаткан чыгарманын мазмуну жөнүндө ой жүгүртүүсүн сурануу маанилүү. Окуучуларга алар үчүн окуп жаткан чыгармадан ырахат алууга жана мазмундуу талкуулоолорго катышуу мүмкүнчүлүгүн берүү ортосундагы тең салмактуулукту сактоо сунушталат.
- Окуу процессинде мугалим окуучулардан, алардын оюу боюнча, кийинки окуялар жөнүндө ойлонуп, андан кийин окуя кандай болоору жөнүндө сураса болот, андан соң бул божомолдоолорун окуянын өнүгүүсүнөн улам текстти колдонуу менен тастыктоого же кайра карап чыгууга жардам бере алат. «Туура» жоопторду гана эмес, ар түрдүү идеялардын жана чечмелөөлөрдүн маанисин белгилөө керек. Туура же туура эмес сын-пикирлерди же ой-пикирлерди кабыл алуунун же четке кагуунун ордуна, мындай комментарийлерди колдонуу сунушталат: «Бул мүмкүн болгон варианттардын бири. Келгиле, автор эмнени айткысы келгенин сүйлөшөлү».
- Окуучулардын жандоолоруна жана дене-боюна, зеригүү же башаламандык белгилерине байкоо жүргүзүү сунуш кылынат. Балким, мугалим планын өзгөртүп, китепти алмаштырып же кийинки жолу жакшы даярданышы керек болот.
- Чыгарманы окуп бүткөндөн кийин, окуучуларга окуган китеп жөнүндө өзүлөрүнүн оюн бөлүшүү үчүн, убакыт бөлүү керек. Туура же туура эмес жооптор болбойт жана «ооба» же «жок» деп жооп бере албаган ачык суроолорду берсе болот. Мисалы, китепте окуучуларга эмне жакты (же жаккан жок) жана эмне үчүн; каармандар жөнүндө алар эмне деп ойлоп жатышат; көйгөй кантип чечилди; китеп алар буга чейин тааныш эскерүүлөрдү, же

кандайдыр бир турмуштук тажрыйбаны же башка китептердин ой-пикирлерин чакырдыбы?

- Мугалим окуучуларда кандайдыр бир сезимдерди же акыл-эс образдарын жараткан кызыктуу фразаларды же үзүндүлөрдү кайрадан окуй алат, алардын көңүлүн бурган тексттин башка үзүндүлөрү бар-жогу жөнүндө суроо бере алат.
- Окуучулардан окуган китеби эмне жөнүндө баяндап жатканын айтууну сурануу менен, окуган китепти талкуулоого түрткү кылуу маанилүү.

### 4.4.3. Окурмандын күндөлүгү

Окурмандын күндөлүгү – бул окуганын түшүнүү максатында окурмандык тажрыйба жөнүндө окуучулар тарабынан жазуу жүргүзүү. Окурмандын күндөлүгүнүн зор мүмкүнчүлүктөрү бар, аны башталгыч мектептин окуучулары менен иштөө үчүн колдонуу сунушталынат. Окурмандын күндөлүгүн жүргүзүү төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөрдү ачат:

- окуучуларды окуу процессине тартуунун жолу;
- окуучуларга окуу маданияты үйрөтүлөт;
- окуучуларды окуган чыгармага же өзүнө жаккан китепке кайтып келүү, унутулганды эстөө мүмкүнчүлүгү (эпизоддор, каармандар, сюжеттик кыймыл);
- окуучулардын китеп жөнүндө өз ой-пикирлерин жазуу;
- жазууну өнүктүрүү;
- окуу жана жазууну интеграциялоонун жолу;
- күндөлүк менен иштөө үчүн, окуу программасынан тышкары китеп окуу программасы иштелип чыккан же сунушталган (мектептен тышкаркы окуу);
- бул: а) окуучу - окуучу, б) окуучу - ата-эне, в) окуучу - мугалим, г) окуучу - китепканачы ортосундагы байланышты түзүү мүмкүнчүлүгү;
- окуунун өсүү мониторингисин ишке ашыра алат; буга чейин окуган нерселердин негизинде татаалыраак деңгээлде кийинки китеп тандалат;
- өз алдынча окууга түрткү болот: окуучулар окуу стратегиясын класста сунушталган текст менен колдонушат, ал эми класстан тышкары окуучулар бул стратегияларды башка, жаңы тексттерге колдонууну практикалашат жана өз тажрыйбаларын окурман күндөлүгүнө жазышат;
- окуучулардын кандайдыр бир белгилүү жанрга болгон кызыгуусун колдоого түрткү болот: мисалы, фантастикалык же илимий таанып-билүү адабияты;
- өз алдынча окуу үчүн ар бир окуучу тарабынан көп деңгээлдүү жана көп форматтуу китептерди пайдаланууда баланы окуганга үйрөтүү процессин жекелештирет.

Салттуу түрдө окурмандын күндөлүгү көбүрөөк класстан тышкаркы окууну көзөмөлдөөнүн формасы болуп эсептелген, бирок окурмандын күндөлүгүнүн жардамы менен баланын билим берүү мейкиндигин кеңейтсе болот, окуучулар каалаган нерсесин өз алдынча тандоого, окугандарын башкалар менен бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк алышат. «Окуган китепти талкуулоо анын жалпы маңызын гана ачып бербестен, жаңы түшүнүүлөргө да ээ болушат» (Чамберс, 2016).

Марта Райцес «Окурмандын күндөлүгү» колдонмосунда окурмандын күндөлүгүн жүргүзүү формасын ар тараптуу кылууну сунуш кылат, анын ичинде жаккан цитаталарды жазуу, сүйүктүү каармандарды тартуу, түшүнүксүз сөздөрдүн сөздүгүн түзүү, кроссворд же менталдык картаны ойлоп табуу, китепте айтылган тамактарга рецепт издөө, фанфикти ойлоп табуу[3] (Райцес, 2018).

Окурмандын күндөлүгүнүн формалары ар кандай болушу мүмкүн, төмөндө бир нече мисал келтирилген[4]:

- Күндөлүк өзүнө окуган китептердин тизмесин, анын ичинде китептин аталышын, авторун, жанрын, чыгарылган жылын, барактардын санын (бул 1-2-класстын окуучулары үчүн маанилүү) камтыйт, «жакты» же «жаккан жок» белгисин дагы кошсо болот.
- Күндөлүк окуган китеп жөнүндө кыскача маалыматтарды камтышы мүмкүн, анын ичинде: китептин цитаталары, жагып калган фразалары, окурмандын «ачык» жана «жабык» суроолору, окуган китеби жөнүндө сүрөттөр, окуянын картасы (башкы каарман ким, окуялар кайда жана качан болуп жатат, окуя кантип башталат, башкы көйгөй жана анын чечилиши, окуя кандайча аяктайт) ж.б .
- Күндөлүк-визуализация кыска эстрадалык пьеса, графикалык уюштуруучулар, комикстер, манга түрүндө окугандын изи боюнча түзүлөт.
- Окурмандын күндөлүгү бир китеп боюнча күндөлүк түрүндө, же «кол менен жасалган» - оригами, кол өнөрчүлүк, бөбөктөр үчүн китеп, панорамалык китеп сыяктуу көрсөтсө болот – башкача айтканда, окуучулар окуган китеп боюнча өз чыгармачылыгын жаратышат.
- Күндөлүк окуган чыгарма боюнча жазуу иштеринин жыйнагы болушу мүмкүн, мындай күндөлүк чыгармачыл жазуунун өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.
- Күндөлүк окурмандын блогу түрүндө болушу мүмкүн, аны окуучу мектептин веб-сайтында, окуу маселелерине арналган атайын баракчада же социалдык тармактарда жүргүзө алат.

Төмөндө окурмандын күндөлүгүн жүргүзүүнүн айрым мисалдары келтирилген.

**Бир китептин күндөлүгү.** Мындай күндөлүк окуган китеп жөнүндө өз пикири жана сезимдери менен бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк берет, алар ар кандай форматта болушу мүмкүн: открытка, эскиз, мини-китеп, плакат, постер, инсталляция (китептин идеясын же сюжетин ачып берген объектилер тобу). Жумуштун бул формасы окуучуларга өзүнө жаккан окурмандын күндөлүгүн жасоого мүмкүнчүлүк берет.

---

[3] **Фанфик** (ошондой эле **фэнфик**, англис тилинен *fan* «күйөрман» жана *fiction* «көркөм адабият») - бул күйөрмандардын көркөм чыгармаларынын негизинде түзүлгөн массалык адабияттын жанры. Көбүнчө популярдуу искусство чыгармаларынын күйөрмандарынын чыгармачылыгынын түрү.
Академик.URL караңыз: https://dic.academic.ru/dic.nsf/ruwiki/71454. Кайрылуу күнү 07/04/2020

[4] 2020-жылдын 13-майында «Окуучунун окурмандын күндөлүгү - миф же шаардык китепкананы мектептин билим берүү мейкиндигине киргизүүнүн жолубу?» zoomинарынын алкагында п.и.к., ММПУ жетектөөчү илимий кызматкери Романичева заманбап окурмандардын күндөлүктөрүн изилдөө материалдарын сунуштады, ал эми п.и.к. ММПУнун кафедра башчысы Е.А.Асонова катышуучулардын талкуусуна лаборатория тарабынан иштелип чыккан мектептин билим берүү мейкиндигине шаардык китепканалардын ресурстарын кошуу идеяларын сунуш кылды.
http://www.chtenije.ru/2020/05/blogpost_7.html?fbclid=IwAR1_PTIoTmEEkILd0VJWAgI7ZjA_RXrgb4ZBK1CptPd_C_e0uAX_LlaGi-A. Булакка кайрылуу күнү 06/23/2020.

**Коллективдик окурмандын күндөлүгү.** Күндөлүктүн бул форматы класста «окуу дубалын» түзүүнү камсыз кылат, ал жерге бардык окуучулар чыгармаларын жайгаштырышат, алар төмөнкүлөргө арналат: а) бир эле тема боюнча окуган ар түрдүү китептер; б) бир эле автордун ар түрдүү китептери; в) бардыгы окуган бир китеп, г) бир эле жанрдагы ар түрдүү китептер, д) экранга тартылган китептер ж.б. Ошондой эле класста «окуу дарагын» жайгаштырса болот, ал жерде окуучулар өзүлөрүнө жаккан жана классташтарына сунуш кылган китептер жөнүндө өзүлөрүнүн баракчаларына жаза алышат.Бул ыкма «Адабий квилт»[5] деп дагы аталат.

Окуган китептерди түшүнүү боюнча коллективдик иш окуунун класстык журналын, окурмандык газета, постер, плакат, буклет же брошюраны түзүүгө багытталышы мүмкүн. Окуучулар бир китептин, автордун, жанрдын же китеп форматынын жарнамасын жасашса болот.

**Класстан тышкаркы күндөлүк.** Мугалим окуучулар менен биргелешип класстан тышкаркы окуу программасын түзө алат (мисалы, жайкы окуу), ага жараша өзүлөрүнүн окурмандын күндөлүгүндө окуучулар бул программанын алкагында окугандарын жазып алышат.

Окурмандын күндөлүгүндө окуучулар окуган китептер жөнүндө гана эмес, ошондой эле окурмандардын маданияты менен таанышуу өз тажрыйбалары жөнүндө жазууларды жүзөгө ашырышат. Бул өз шаарында (айылда) балдар китепканасына же шаардык балдардын К.Баялинов атындагы республикалык жаштар китепканасына болгон саякаты болушу мүмкүн, анда дайыма мектеп окуучулары үчүн экскурсиялар жүргүзүлөт же күндөлүктө адабий чыгарманын негизинде түзүлгөн спектакль же көркөм тасма жөнүндө таасирлерин чагылдырса болот.

Окурмандын күндөлүгү ар түрдүү форматта берилиши мүмкүн: аудиожазуу, видеопрезентация, альбом, дептер, ноутбук, колго жасалган китеп же интернеттеги блог.

Төмөндө окурмандын күндөлүгү менен ишти уюштуруу үчүн бир катар сунуштар келтирилген.

- Окуучулар окурмандын күндөлүгүн жүргүзүү максатын билиши керек: ал эмне үчүн керек, аны ким окуйт, күндөлүк жазуунун натыйжасында окуучу эмнеге ээ болот.
- Окуучуларга күндөлүктү жүргүзүүнүн форматын аныктоо сунушталынат: күндөлүк кандай болот, анда жазууларды кантип жүргүзүү керек, канчалык тез, кайсы убакта (сабакта, китепканада же үйдө), күндөлүктү жүргүзүү үчүн кандай материалдар керек (альбом, көлөмдүү дептер, кийиз учтуу калемдер, карталар ж.б.).
- Окурмандын күндөлүгүнүн мукабасында маалыматтарды жазуу сунушталат: окуучунун/окуучулардын аты, фамилиясы, классы, мектебинин атылышы же номуру, күндөлүктү жүргүзүү жылы ж.б.
- Алгач, күндөлүктүн түзүлүшү жөнүндө ойлонуу маанилүү. Окуучу бир түзүлүштү аныктай алат, ага ылайык жазуу жүрөт же ар түрдүү түзүлүштөрдү пайдаланат.

[5] Адабий *квилт* – бул өзүнчө бөлүктөрдөн, сыныктардан турган, бир бүтүн болуп, бир темага бириккен маалыматтык дубал. Квилт менен китепке жооп берүүнүн болжолдуу формалары: коллаж, постер, иллюстрациялар, фотосүрөттөр, сүрөттөр, цитаталар, ноталар, аннотациялар, макалалар, кеңештер ж.б.

Мисалы, бир китеп ББкБ стратегиясы боюнча, экинчиси Венндин диаграммасы боюнча, үчүнчүсү окуянын картасы боюнча ж.б. талданса болот. Окуучу кийинки китепти окуп, өзү (эркек/кыз) жооп бере турган суроолорду түзө алат. Мисалы:

Бул китеп _______жөнүндө, ал кантип ___________________________.

Аны окуса болот, анткени ______________________________________.

Окуп бүткөндөн кийин, мен ____түшүндүм, ___сездим, ____жасадым.

Эң сонун цитата же сонун үзүндү ______________________________.

Сиз ошондой эле _________билесиз.

- Окуучулар окурмандын күндөлүгүн сабаттуу толтурууну, сын-пикирлерди жазууну, ар кандай стиль жана жанрларда колдонууну, текстти түзүп жана редакциялоону билиши керек («Башталгыч мектептеги чыгармачыл жазуу» 4-модулун жана «Башталгыч мектептеги күн сайын жазуу» 5-модулун караңыз). Эскертүү түзүүдө окуучулар текстти гана эмес, диаграммаларды, фотосүрөттөрдү, сүрөттөрдү, карталарды ж.б. пайдалана алышат («Предмет менен тилди интеграциялап окутуу» 2-модулун караңыз).

## Кыскача пикир

Балдар китептерин жана окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн математика, мекен таануу, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери, көркөм өнөр ар кандай предметтер боюнча интеграциялоо мугалимдерге окуучуларды жаңы түшүнүктөр менен тааныштырууга жана окуучулардын окуп жаткан нерселери боюнча түшүнүгүн тереңдетүүгө же кеңейтүүгө жардам берет. Балдар китеби окуучуларга окуп-үйрөнүп жаткан нерселери жана айланасындагы дүйнө менен өз ара байланышты түзүүгө жардам берет. Дыкат тандалган китептер математикага позитивдүү мамилени жана математикалык ой жүгүртүү билгичтигин өнүктүрөт. Балдар адабияты сабактын темаларын актуалдуу жана кызыктуу кылууга мүмкүндүк берет.

Мугалимдерге ар түрдүү үч стратегия сунушталат, аны балдар адабиятын жана сабактардын предметтик мазмунун интеграциялоосу үчүн пайдаланса болот –бул «Адабий ийрим», мугалим тарабынан «Үн чыгарып окуу» жана «Окурмандын күндөлүгүн» жүргүзүү. Адабий ийримдерди уюштуруу үчүн, мугалимдер окуучуларга ар түрдүү китептерди тандап, алардын ар бирине бир нече нускада беришет. Окуучулар окугусу келген китептерди тандашат, топторду түзүшөт, өзүлөрүнө ролдорду тандашат, чыгарманы окушат жана анын талкуулоосун өткөрүшөт.

Үн чыгарып окуу – үлгүлүү окууну көрсөтүү, бул мугалимдерге окуучуларды жаңы темалар менен тааныштырууга жардам берет. Окуучуларга үн чыгарып окуп жатканда, окуунун максатына жараша мугалимдер убакыт бөлүшөт: окуучуларга көркөм окууну угууга мүмкүнчүлүк беришет, ошондой эле программанын мазмунун өздөштүрүү үчүн зарыл болгон чыгарманы талкуулоого катышышат. Окурмандын күндөлүгү – бул башталгыч мектептин бардык предметтери боюнча ар кандай

темадагы, жанрдагы, форматтагы китептерди окуп-үйрөнүүдө пайдалана турган окуганы жөнүндө жазууларды жүргүзүү ыкмасы.

## 5-БӨЛҮМ. БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ПРЕДМЕТТЕРДИ ОКУП-ҮЙРӨНҮҮДӨ БАЛДАР АДАБИЯТЫН КОЛДОНУУ СТРАТЕГИЯЛАРЫ

### Багыттоочу суроолор

- Балдар китептерин ар түрдүү предметтер боюнча белгилүү теманы окуучулар тарабынан окуп-үйрөнүшү үчүн кантип пайдаланса болот?

Бул бөлүмдө башталгыч мектепте ар түрдүү предметтик тармактар боюнча сабактарда балдар адабиятын колдонуунун бир катар мисалдары келтирилген. Мисалдар конкреттүү нускамалары менен стратегиялар түрүндө берилген, аларды белгилүү темаларды окуп-үйрөнүүдө, китеп же текст менен таанышуу же сабактын бардыгын өткөрүүдө колдонсо болот. Бул стратегиялар башкача айтканда, «орнотулган тартип» деп аталат - кайталануучу аракеттер, көнүгүүлөр, тапшырмалар, процесстери менен ар бир адам кандай жоопкерчиликти өзүнө алгандыгы жөнүндө мугалимде дагы, окуучуда дагы маалымат бар (системалуу пайдаланганынан билишет) экендигине кепилдик берет. Бул окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, алардын дараметин ачууга шарт түзөт.

Ар бир стратегиянын башталышында окутуу процессинде конкерттүү эмнелерди дифференциация кылуу маанилүү экендиги көрсөтүлөт: мазмун (программаны), окутуу процесси (методдор, көнүгүүлөр, тапшырмалар), окуучунун шыктануусун жогорулатууга түрткү болгон чөйрө же баалоо форматы. Ошондой эле окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо принциби сунушталат, ага көрсөтүлгөн стратегияны колдонууда көңүл буруу маанилүү.

Ар бир стратегияда окутуунун максаттары, окутуу жылы/классы көрсөтүлөт, окутуунун күтүлүүчү натыйжалары аныкталган, стратегияны жана класстык ишти уюштуруунун формасын колдонуу үчүн керектүү материалдардын тизмеси сунушталат. Мындан ары стратегиянын кадам боюнча жол-жоболору баяндалат. Баяндоо дифференцияланган баалоонун сунуштары менен аяктайт.

Берилген стратегиялар Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүсүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарын эске алуу менен иштелип чыккан.

**«Адабий ийримдер»** стратегиясы белгилүү ролдорго же милдеттерге ылайык бир эле китеп менен иштеген окуучулардын топторун түзүүгө багытталган, ошол эле китеп менен иштөөнүн ар кандай стратегияларын караштырат.Окуганды коллективдүү жана ар тараптуу талкуулоо китепти түшүнүүсүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берет. Бул стратегия адабий окуу сабактарында эле эмес, окуп-үйрөнүп жаткан предметтин конкреттүү темасы боюнча китептер менен таанышууда колдонулат.

Бул бөлүмдө сунушталган экинчи стратегия – **«Интерактивдүү окуу»**. Китепти мындай окуу процессинде мугалим токтоп, окуп жаткан чыгарманын маанисин түшүндүргөн бир катар суроолорду берет. Интерактивдүү окуу жаңы теманы өздөштүрүүдө окуучулардын максималдуу катышуусуна өбөлгө түзөт.

**«Окуучулардын сандык катарды өздөштүрүүсү үчүн балдар адабиятын пайдалануу»** стратегиясын математиканы окуп-үйрөнүүгө колдонсо болот. Бул көркөм адабияттын да, илимий жана таанып-билүү адабиятынын да текстеринен

пайдаланууну божомолдойт, алардын жардамы менен окуучулар математика турмушта канчалык маанилүү жана кызыктуу предмет экендигин көрүшөт. Бул стратегия математикалык түшүнүктөрдү балдарга түзүлгөн контекстти пайдаланып түшүндүрүүгө мүмкүндүк берет.

Байыркы грек философунун методу менен аталган «**Сократтын семинары**» стратегиясы окуп-үйрөнүп жаткан теманы тереңирээк түшүнүү максатында сабакта окуучулардын түзүлүштүк талкуулоосун уюштурууга мүмкүндүк берет. Талкуулоо суроолорду берүүнүн жана аларга жооп издөөнүн негизинде жүргүзүлөт, анын жүрүшүндө окуучулар бул тема боюнча эмнени билишкени жана эмнени билбегендиги такталат. Бул стратегияны колдонуу учурунда окуучулар эки тегеректи түзүшөт: тышкы жана ички, талкуулоого катышкандардын тегереги жана байкоочулардын тегереги, алар биринчи талкуулоодон кийин ролдор менен орун алмашышат.

Бул тизмедеги акыркы стратегия иллюстрацияланган басылма аркылуу ар түрдүүлүк маселелерин талкуулоого багытталган, анткени алар ушул милдетти аткаруу үчүн пайдалуу ресурс болуп саналат. Иллюстрацияланган басылмалар ар түрдүүлүктүн кубулушун элестетүү үчүн, окуучуларга өзүлөрүн жана алардын айланасындагы дүйнө менен болгон мамилесин жакшыраак түшүнүүгө мүмкүндүк берген белгилүү образдарды окурманга жеткирүү үчүн ар кандай дизайн ыкмаларын колдонушат. Иллюстрацияланган басылмаларда ар түрдүүлүк кубулушун визуализация кылууга, окурманга белгилүү образдарды жеткирүүгө мүмкүндүк берген ар түрдүү жасалгалоо ыкмалары пайдаланылат, алардын чечмелөөсү окуучуларга өзүлөрүн жана айланадагы дүйнөгө мамилесин тереңирээк түшүнүүгө шарт түзөт. Бул стратегиянын алгоритмин балдар адабиятын колдонуу менен окуп-үйрөнүп жаткан бардык теманы жемиштүү талкуулоо үчүн пайдаланса болот, ушул жерде бул үчүн ылайыктуу китепти тандоо маанилүү.

## 5.1. «АДАБИЙ ИЙРИМДЕР» СТРАТЕГИЯСЫ

«Адабий ийримдер» стратегиясы – бул окуучуларды белгилүү бир функцияларды (ролдорду) аткаруу менен кичи топтордо иштөө үчүн бөлүштүрүүгө багытталган стратегия. Бул стратегия окуучуларга бир эле учурда ар түрдүү жолдор менен окугандарын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет (визуализация, жалпылоо, салыштыруу, турмуштук тажрыйба менен окуганын байланыштыруу, сөз байлыгын кеңейтүү ж.б.).

- Дифференциация: мазмуну, окутуу процесси, окуу чөйрөсү.
- Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо: окутуу процессине окуучулардын катышуусу/тартылуусу, окутуу натыйжаларын көрсөтүү.

### Окутуу максаттары

- Окуганын түшүнүү боюнча стратегияларын колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүү: жалпылоо; суроолорду берүү; тексттен жаңы жана түйүндүү сөздөрдүн маанилерин издөө, окуп бүткөн китепке/текстке окуучулардын оюн билдирүүсү.
- Окуп-үйрөнүлгөн тема менен окуган китептин мазмунунун ортосундагы байланышты түзүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар**

**Окуучулар:**

- китептин баптарын/тексттин бөлүктөрүн жалпылаштырат жана чыгарманын сюжеттик сызыгын аныкташат;
- предмет боюнча окулган темага тиешелүү негизги маалыматты аныкташат;
- китептен/тексттен фактыларды келтирүү менен, өз идеяларын далилдешет;
- предметти окуп-үйрөнүү процессинде талкууланган ылайыктуу идеялар же темалар менен китепте/текстте баяндалган окуялар жана идеялардын ортосундагы байланышты аныкташат;
- чыгармада колдонулган түйүндүү сөздөрдүн маанисин аныктоо максатында глоссарий же сөздүктөр сыяктуу ресурстарды жана контексттик маалыматтарды пайдаланышат;
- өз классташтары менен биргелешип (кичи топтордо) иштешет.

**Окутуу класс (тар):** 1-4-класстар.

**Керектүү материалдар:** бардык китептердин (же тексттин) 6 көчүрмөлөрү (нускалары), алар предметтин темасын окуп-үйрөнүү үчүн пайдаланылат.

**Класста ишти уюштуруунун формасы:** кичи топтордо.

**Стратегияны колдонуу жол-жобосунун баяндалышы**

**Стратегияны колдонгонго чейин**

Мугалимдер бардык окуучулардын классташтары менен (кичи топтордо) биргелешип иштөөгө даяр болгонуна ишениши керек; айрыкча, ар бир окуучу өзүнүн билим алуусу үчүн жоопкерчиликти түшүнүп жана башка классташтарына колдоо көрсөтөт [бир топто иштөө менен] (Томпкинс, 2017).

Бул стратегия колдонула турган сабак башталганга чейин, мугалим төмөнкүлөрдү даярдашы керек:

- Окуп-үйрөнүлгөн тема боюнча 5-7 китептердин топтомун, ар бир китептен 6 көчүрмөнү (эгерде ар бир китептин керектүү саны колдо жок болсо).
- «Адабий ийрим» стратегиясы менен иштөө планын (бул дубал плакат, Power Point презентациясы же өзүнчө баракта стратегиянын жазуу түрүндө баяндалышы). Окуучулар стратегияны колдонгонго чейин дагы, тапшырманы аткаруу учурунда дагы стратегиянын кадам боюнча баяндалышын көрүшү маанилүү.
- «Адабий ийримдер» стратегиясы менен иштөө процессинде ролго жараша жоопкерчиликти аткарууну баяндоо жана көрсөтүлгөн ролдор менен таблица же диаграмма түзүү. Ар бир окуучу өзүнүн ролун тандоого мүмкүнчүлүк алышы керек, ошондуктан ролдордун тизмеси жана алардын баяндалышы класстагы тактага же дубалга илинет. Бул маалыматты көрүнүктүү жерге жайгаштыруу менен, мугалимдер окуучуларга ролдор менен таанышууга жана өзүнүкүн тандоого мүмкүнчүлүк беришет, ошондой эле иштин жүрүшүндө, алар өз функцияларын туура аткарып жатышабы? –деген суроону берүү менен, баяндоону текшеришет.

**«Адабий ийримдер» стратегиясы менен иштөө процессинде окуучулардын ролу**

| РОЛЬ | ЖООПКЕРЧИЛИК |
|---|---|
| Талкуулоонун модератору | Модератор талкуулоону башкарат жана окуучуларга топко берилген тапшырманы аткарууга багыт берет. Натыйжалуу талкуулоону жүргүзүү максатында модератор топко төмөнкү суроолорду бериши мүмкүн: *–Окулган чыгарманын негизги идеясы (негизги оюу) кандай? Ал эмне жөнүндө ойлонууга түрткү берет?* *–Бул чыгарманы окуу процессинде кандай суроолор пайда болот?* *–Окулуп жаткан чыгармада андан ары эмне боло тургандыгы жөнүндө кандай божомолдор бар?* |
| Эпизоддун[6] чебери | Окуучу бир нече орчундуу эпизоддорду тандап алат (же чыгарманын эпизоддорун) жана бүт текстти түшүнүү жана тандоонун себебин билүү үчүн алардын маани-маңызын топко түшүндүрөт. |
| Сөздүн чебери | Окуучу тексттен 4-6 маанилүү же тааныш эмес сөздөрдү аныктап, сөздүктү же глоссарийди пайдалануу менен алардын маанисин табат. Окулуп жаткан текстке ылайык келген гана сөздөрдүн маанисин тандоо керек. Окуучу ошондой эле сөздөрдүн мааниси жөнүндө кызыктуу маалымат таап, топко сунуштай алат. |
| Бириктирүү чебери | Окуучу окуганы менен турмуштук тажрыйбанын ортосундагы байланышты түзөт же окуган китепти мурда таанышкан башка китептер менен салыштырат. |
| Жалпылоо чебери | Окуучу окуган китебинин жыйынтыгын чыгарат (жалпылайт) жана китептин/тексттин негизги идеяларын жалпы топко сунуштайт. Даярдалган жалпылоону үн чыгарып окуу менен, талкуулоону баштаса болот. |
| Иллюстратор | Иллюстратор окугандарынын негизинде сүрөттөрдү же диаграммаларды түзүп, аларды топко көрсөтөт. Топ сүрөттөрдү түшүндүрүп бергенге чейин сүрөттөрдү талкуулайт. |
| Изилдөөчү | Изилдөөчү текстти/китептерди түшүнүү үчүн керектүү маалыматтарды издөө менен алектенет: бул китеп, автор же китепте ачылып жаткан тема жөнүндө маалыматтар болушу мүмкүн. Окуучу маалыматты издөө үчүн |

[6] Эпизод – адабий чыгарманын сюжеттик уюштурулушунун бөлүгү. Эпизоддордун ар кандай түрлөрү бар. Мисалы, негизги окуя менен байланышкан жана анын өнүгүүсүндө чечүүчү ролду ойногон **түйүндүү** эпизоддор, мындай эпизоддордо чыгарманын негизги оюу, анын идеясы камтылган; **баяндоочу** эпизоддор – конкреттүү окуяларды, каармандардын аракеттерин, алардын жүрүм-турумдарын ж.б.у.с. камтыйт. **Баяндоочу эпизоддор** толугу менен ар түрдүү мүнөздөгү баяндоолордон турат: пейзаж, бөлмөдөгү буюмдардын жайгашуусу, каармандардын аракеттенүү орду, ар кандай жагдайлар жана кырдаалдар ж.б.

| РОЛЬ | ЖООПКЕРЧИЛИК |
|---|---|
| | интернетке кирип, энциклопедиядагы же сөздүктөгү маалыматты текшерип, китеп же текст темасы менен байланыштуу билимдери же тажрыйбасы бар адам менен маек өткөрө алат. |

Окуучулардын ишин уюштуруу үчүн, алар иштей турган китептерди тандап алышына ыңгайлуу болгондой кылып бардык китептерди жайгаштыруу керек. Бардык адабий ийримдер иштей турган жерди аныктоо маанилүү.

**Стратегияны колдонуу учурунда:**

**Кичи топтор:**

- 1-кадам. Окуучуларга китептердин топтомун тартууланыз жана аны менен иштөөгө оңой болгон китепти тандап алуу үчүн окуучуларга алардын ар бири менен таанышууну сунуштаңыз. Окуучулар бир нече вариантты тандай алышат: биринчи, экинчи, үчүнчү. Андан кийин окуучулар өз тандоолорун мугалимге көрсөтүшөт.
- Тандалган китеп боюнча окуучулардын тобун түзүңүз. Бир эле китепти тандап алган окуучулар бир топко мүчө болушат. Эгерде өтө көп окуучулар бир эле китепти тандаса, анда алардын көңүлүн экинчи же үчүнчү вариантка бурсаңыз болот. Окуучулар тандалган китеп менен өз алдынча таанышкан учурда топторду түзүңүз, ага 10 мүнөт талап кылынышы мүмкүн жана алар кийинки кадамды аткарууга өтүшөт. Эгерде китеп менен таанышууга көбүрөөк убакыт кетсе, кийинки кадамды башка сабакка жылдырууга болот.
- 2-кадам. Окуучулар адабий ийримдер боюнча бөлүнүшөт жана өз топторунда иштей башташат. Ар бир топ иш графигин аныктайт: мугалим тарабынан белгиленген мөөнөттүн алкагында окуу жана окулган нерсени талкуулоо. Топтогу ар бир окуучу өзүнүн ролун тандайт.
- 3-кадам. Окуучулар тандалган текстти/китепти (же мугалим тарабынан сунушталган китептеги барактар) тексттин/китептин татаалдыгына жараша өз алдынча же жупта окушат. Алар тандалган ролго жараша тапшырманы аткаруу менен, талкуулоого даярданышат.
- 4-кадам. Окуучулар китепти талкуулоону башташат (болжол менен 20-30 мүнөткө созулушу керек). Талкуулоону модератор баштайт. Ар бир окуучу тандалган ролго ылайык аткарылган тапшырмаларды көрсөтөт.
- 5-кадам. Зарыл болсо, окуп-үйрөнүлгөн тема, окуу стратегиясы ж.б. боюнча сабактын үзүндүсүн (фрагментин) өтүңүз.
- 6-кадам. Эгер талап кылынса, окуучулар китепти/текстти талкуулап бүткөнгө чейин 3, 4 жана 5-кадамдарды кайталаңыз.
- 7-кадам. Аткарылган тапшырманын презентациясы же талкуулоо аркылуу ар бир адабий ийримдеги окуучулар окугандарын классташтары менен бөлүшүшөт (Томпкинс, 2017). Окуп-үйрөнгөн теманы түшүнүүдө ар бир окуган китептин ролу кандай экендигин окуучулар менен талкуулоо аркылуу топтордогу иш жыйынтыкталат.

**Стратегияны колдонгондон кийин**

**Үй тапшырмасы:** Окуучулар белгилүү бир барактарды (окуянын уландысы же төмөнкү текст) окуй алышат.

**Баалоо:** Мугалимдер окуучулардын топто тандалган ролду аткаруусун баалоо менен, адабий ийримдерде окуучулардын өсүүсүнүн мониторингин жүргүзүшөт, китеп окууга тартуу, топто активдүү катышуу жана окуганын түшүнгөнүн тереңдетүү. Иштин аягында окуучулар өзүнүн топто катышканына жана окуганын баалоо менен өзүн-өзү баалоо баракчасын толтурушат (Өзүн-өзү баалоо баракчасын караңыз).

| **Өзүн-өзү баалоо баракчасы**<br>Окуучунун аты______________________________Мөөнөтү________ | | | |
|---|---|---|---|
| | Мен тапшырманы эң жакшы аткардым.<br>★★★ | Мен тапшырманы жакшы аткардым.<br>★★ | Мен тапшырманы жакшыраак аткара алам.<br>★ |
| | | | |
| Мен керектүү текстти / китепти окуп чыктым. | | | |
| Мен өз ролумду ойнодум. | | | |
| Мен биздин талкууну кызыктуу өткөрүүгө жардам бердим. | | | |
| Мен бүгүн билдим: | | | |
| Мен түшүнгөн жокмун: | | | |

**Баалоонун варианттары:**

- Окуу көндүмдөрүнүн калыптанбагандыгын көрсөткөн окуучулар: мугалимдер бул окуучуларга талкуулоонун модераторунун, иллюстратор же адабий ийримдеги бириктирүү чебердин ролун сунушташы мүмкүн. Эгер бүт текстти же китепти окуп чыгуу алар үчүн татаал болуп эсептелсе, мугалим тексттин бир бөлүгүн гана окууну сурайт.
- Окуу көндүмдөрүнүн калыптангандыгын көрсөткөн окуучулар: Мугалимдер окуучулардын каалоосу боюнча адабий ийримде ролун тандоону сунуштаса болот.

## 5.2. «ИНТЕРАКТИВДҮҮ ОКУУ» СТРАТЕГИЯСЫ

Мугалим жалпы класска үн чыгарып окуган учурда, окуучулар аны кунт коюп угушат, ошондуктан мугалимдин окуганы гана эмес, аны кантип аткаргандыгы дагы маанилүү. Мугалимдердин назарына интерактивдүү окуу стратегиясы сунуш кылынат, ал мугалим тарабынан китепте эмне болуп жаткандыгын жалпы класс менен талкуулоо аркылуу окуучуларды китеп окуу процессине тартууга багытталган. Талкуулоо мугалим китепти окуп жаткан учурда окуучуларга берген суроолордун жардамы менен ишке ашырылат. Бул суроолор белгилүү түзүлүшкө

жана өтө иреттүү ыраattуулукка ээ. Төмөндө интерактивдүү окуунун эки стратегиясы берилген: «Багыттоо, баалоо, кеңейтүү, реакция кылуу», жана «Шыбырап айтуу», алар өз аталыштарын мугалим тарабынан китепти үн чыгарып окуп жаткан учурда окуучуларга берилген суроолордун милдетинен жана окуганды тереңирээк түшүнүү үчүн окуу шыбырап айтууну пайдалануудан улам алышкан.

- Дифференциация: окутуу процесси, окуу чөйрөсү.
- Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо: окутуу процессине окуучулардын катышуусу/тартылуусу.

**Окутуу максаттары**

- Окуганын түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүү.
- Сөз байлыгын кеңейтүү.
- Суроолорго толук (майда-чүйдөсүнө чейин) жоопту түзүү.
- Текст менен иллюстрациянын ортосундагы байланышты аныктоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар**

**Окуучулар:**

- тексте/китепте түйүндүү маалыматты аныкташат;
- көркөм адабият: чыгарманын түзүлүшү жана маанилүү деталдары (ким, эмне, кайда, качан, эмне үчүн).
- илимий-популярдуу: башкы идея жана колдоочу деталдар.
- окугандарын жашоо тажрыйбасы менен байланышын түзүшөт;
- суроолорго жооп берүүдө жаңы сөздөрдү пайдаланышат.

**Окутуу класс (тар):** 1-класстын экинчи жарымынан 2-класска чейин.

**Керектүү материалдар:** Сабактын темасына байланыштуу (китептин тексти өтө узун, бирок ошол эле учурда өтө кыска болбошу керек) китептин бир нече көчүрмөсү (эгер мүмкүн болсо), китептин тексти иллюстрациялар менен коштолушу керек.

**Класста ишти уюштуруунун формасы:** жалпы класс

**Стратегияны колдонуу жол-жобосунун баяндалышы**

**Стратегияны колдонгонго чейин**

**Мугалим төмөнкүлөрдү даярдоосу зарыл:**

- Окуучулардын көндүмдөрүнүн өнүгүү деңгээлине ылайык окуп-үйрөнүп жаткан теманы камтыган китептерди.
- «Багыттоо, баалоо, кеңейтүү, реакция кылуу[7]» жана «Шыбырап айтуу» стратегияларына дал келген ырааттуу суроолорду.

**«Багыттоо, баалоо, кеңейтүү, реакция кылуу» стратегиясындагы суроолордун ырааттуулугу**

[7] Англис тилиндеги версияда бул стратегия PEER деп аталат: П – багыттоо, шыбырап айтуу, Е - баалоо (баалоо), Е - жайылтуу (кеңейтүү), R жооп берүү (жооп берүү, реакция кылуу).

**Багыттоо:** мугалим окууну багыттоочу суроо менен баштайт, ал окуучуларды окууга тартылуусуна мүмкүнчүлүк берет, алардын көңүлүн окулуп жаткан китепке бурат, бул китеп эмне жөнүндө экендигин түшүнүүсүнө жардам берет. Мугалим китептин аталышын тактайт, окуучулардын көңүлүн иллюстрацияга бурат же биринчи сүйлөмдү окуп бүткөндөн кийин, окуучулардан бул китеп эмне жөнүндө боло тургандыгынын кандай божомолдоосу бар экендигин сурайт.

**Баалоо:** мугалим окуучулардын жоопторун тууралыгын тастыктоо менен баалайт: «Ооба», «Туура», «Албетте», «Макулмун», же «Келгиле, сенин туура экендигиңди карап көрөлү».

**Кеңейтүү:** мугалим окуучунун жообун баяндайт жана окугандарын тереңирээк түшүнүү үчүн маалымат кошот.

**Реакция кылуу:** мугалим окуучулар тарабынан жаңы алынган маалыматты кайталоого шыктандырат. Бул окуучулардын жаңы маалыматтарды өздөштүргөнүн аныктоо үчүн аткарылат.

**«Шыбырап айтуу» стратегиясындагы суроолордун ырааттуулугу**

**«Сүйлөмдү бүтүрүү» шыбырап айтуусу:** мугалим сүйлөмдү окуй баштайт, бирок окуучуларга сүйлөмдөрдү өзүлөрү бүтүрүү мүмкүнчүлүгүн калтырат. Мисалы, мугалим окуйт: «Жазгы аба мелүүн жана таза. Мына, биринчи …жашыл болуп калды», окуучулар: «Жалбырак» - деп жооп беришет. Бул тапшырма поэтикалык тексттерге же кайталануучу фразалар болгон жерлерде колдонулат. Тапшырманы аткаруу бул текстте кайсы тил стили пайдаланганын окуучуларга аныктоого мүмкүндүк берет, бул кийинки окуу үчүн чечүүчү мааниге ээ.

**«Баарын эстөө» шыбырап айтуусу:** мугалим окуучуга китеп же текст окуп бергенден кийин, ал окугандарын эстеп калууга жардам берген суроолорду берет: «Окуя кантип башталган? Андан кийин эмне болду? Окуя эмне менен аяктады?»

**Ачык шыбырап айтуулар:** мугалим окуучулардын көңүлүн китептеги иллюстрацияларга бурат, окуучуларга суроолорду берет: «Сүрөттөн эмне көрүп жатасыңар, айтып бергилечи?», «Иллюстрация бизге эмне жөнүндө айтат?». Бул окуучуларга өз оюн эркин айтууга мүмкүндүк берет.

**«Эмне? Кайда? Качан?»** шыбырап айтуусу: бул суроолор жаңы сөздөрдү өздөштүрүүгө түрткү берет же окуучулардын тексттеги маанилүү деталдарга көңүл буруусуна маани берүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мугалим окуучуларга жаңы же тааныш эмес сөздөрдү окуу менен, аларда эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгына божомолдоолору барбы, бул кайда, качан жана кантип пайдалана тургандыгын ж.б. сурашы мүмкүн.

**«Реалдуу жашоо менен байланыш» шыбырап айтуусу:** мугалим окуп жаткан тексттин/китептин мазмуну жана окуучулардын реалдуу жашоосундагы болуп жаткан окуялар ортосундагы байланышты өткөрөт. Бул жерде окуучулардын эмне айтканын кунт коюп угуу жана алардын сүйлөшүү кебинин, айтып берүү билгичтигинин өнүгүүсүн демилгелөө жана турмуштук тажрыйбасы менен окугандарынын байланышын түзүү маанилүү.

**Стратегияны колдонуу учурунда**

- 1-кадам. Окуучуларга сабактын максатын (сабактын бөлүгүнүн максатын) түшүндүрүңүз, алардын эмнеге үйрөнө турганын, класс менен суроолордун үстүнөн кантип иштешин тактаңыз.

- 2-кадам. «Багыттоо, баалоо, кеңейтүү, реакция кылуу» жана «Шыбырап айтуу» стратегиялар жөнүндө окуучуларга айтып бериңиз.
- 3-кадам. Китептин серебин алдын-ала жүргүзүңүз.
    - Окуучуларды китептин аталышы менен тааныштырыңыз, автор жана иллюстратор жөнүндө айтып бериңиз.
    - Китептин темасы жөнүндө бар болгон алдын ала маалыматтарды талкуулаңыз.
    - Окуучуларга ушул китепте эмне жөнүндө талкуулана тургандыгын божомолдоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
- 4-кадам. «Багыттоо, баалоо, кеңейтүү, реакция кылуу» жана «Шыбырап айтуу» стратегияларын колдонуу менен окуучуларга үн чыгарып окуп бериңиз.

### Стратегияны колдонгондон кийин

**Үй тапшырмасы:** мугалим окуучуларга окулган китепке же текстке карата «ачык» жана «жабык» же «Блумдун ромашкасы» суроолорун түзүүнү сунуш кылат.

**Баалоо.** Мугалим окуучулардын жообун кунт коюп угат жана ага жакшы жооп берүүгө жардам бере турган кийинки суроонун түрүн аныктайт.

### Баалоонун варианттары

- Окуу көндүмдөрү калыптанбаганын көрсөткөн окуучулар: мугалим окуучулар үчүн татаал болуп эсептелген суроолорду кайталайт же өзгөртөт, же текстти кайрадан окуп чыгат.
- Окуу көндүмдөрү калыптанганын көрсөткөн окуучулар: мазмундук божомолдоого, жалпылоого, талдоого («Эмне үчүн?») жана баалоо ой пикирин аныктоого суроолорду берүү.

## 5.3. ОКУУЧУЛАРДЫН САНДЫК КАТАРДЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮСҮ ҮЧҮН БАЛДАР АДАБИЯТЫН ПАЙДАЛАНУУ СТРАТЕГИЯСЫ

Курчаган дүйнөнү математикалык таанып-билүү үчүн зарыл мейкиндиктик жана ырааттуу байланыштар (түзүү, баяндоо, моделдештирүү билгичтиктери жана сандык жана мейкиндик мамилелерин түшүндүрүү) катышкан балдар адабиятынын чыгармаларын окуу. Бул окуялар окуучуларга математикалык маселени чечүү же сандарды салыштыруу үчүн сандык катарды, сандык нур[8] боюнча кыймылды жакшыраак түшүнүүгө жардам берет.

- Дифференциация: окуу чөйрөсү
- Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо: Окутуунун натыйжаларын көрсөтүү жана билдирүүнүн ар түрдүү ыкмалары.

### Окутуу максаттары

- Окуучулар чейин жана кийин, артка жана алдыга, кийинкиси эмне түшүнүктөрүн өнүктүрүшөт.

[8] Сандык нур - бул терс эмес сандардын нур түрүндөгү графикалык сүрөттөлүшү.

- Окуучулар сандык катардагы сандар кантип жайгашканы жөнүндө түшүнүккө ээ болушу үчүн китептеги окуялардын бири-биринен канчалык алыс экендигинин өз түшүнүүсүн пайдаланышат.

**Күтүлүүчү натыйжалар**

**Окуучулар**

- ырааттуулукту (чейин жана кийин, артка жана алдыга, кийинкиси) аныктоонун математикалык түшүнүгүн пайдаланышат;
- маселелерди чечүү, сандарды салыштыруу, сандардын айырмасын түшүнүүгө сандык нур (катар) боюнча кыймылынын багытын аныктоо үчүн мейкиндиктеги элестетүүсүн пайдаланышат.

**Окутуу класс (тар):** 1-класстын экинчи жарымынан баштап 4-класска чейин.

**Керектүү материалдар:** окуяларды ырааттуу баяндоо менен көркөм жана илимий-популярдуу чыгармалар; окуучулардын ар бир тобу үчүн (мугалим класста окуучулардын канча кичи топторун түзсө, ошончо топтомдору болушу керек) чыгармада болуп жаткан окуяларды чагылдырган карточкалардын топтому.

**Класстагы ишти уюштуруунун формасы**: жалпы класс, кичи топтордо иштөө.

**Стратегияны колдонуу жол-жобосунун баяндалышы**

**Стратегияны колдонгонго чейин**

Мугалим төмөнкүлөрдү даярдашы керек:

- Окуялардын ыраатуулугу менен көркөм чыгармалардын жана илимий-популярдуу балдар адабиятынын чыгармаларынын топтомун.
- Окуучулардын ар бир тобу үчүн чыгармаларда болуп жаткан окуяларды чагылдырган карточкалардын топтомун.
- Ырааттуулукту (биринчиден, экинчиден, аягында, чейин, кийин) жана мейкиндикти (алдыда, ортосунда, артында) кароону камтыган бир катар суроолорду.
- Тактадагы сандардын катарынын сүрөтүн.

**Стратегияны колдонуу учурунда:**

**Жалпы класс**

- 1-кадам. Окуучуларга ал текстти/китепти үн чыгарып окуп жаткан кезде, тарыхта болгон окуяларга жана алардын ырааттуулугуна (башында эмне болгон, андан кийин, экинчи окуя эмне болгон, үчүнчү ж.б.) кылдаттык менен байкоо жүргүзүү керектигин эскертиңиз.
- 2-кадам. Интерактивдүү/диалогдук окууну пайдалануу менен, мезгил-мезгили менен тыным жасап, окуучуларга кандай окуя болуп өткөндүгү жөнүндө суроолорун бериңиз. Эгерде чыгармада ырааттуулук же мейкиндик тили пайдаланбаса, анда окуучулар менен чыгармадагы окуяны же ойду талкуулоо аркылуу бул тилди пайдаланыңыз.
- 3-кадам. Чыгарманы окуп чыккандан кийин, окуучуларга алардын көңүлүн окуялардын ырааттуулугуна буруу менен суроолорду бериңиз: «Башында эмне болгон? Андан кийин?». Ушул жерде окуяларга чейин жана андан кийин эмне болгонуна көңүл буруу керек.

### Кичи топтордо иштөө

- 4-кадам. 2-4 кишиден турган кичи топтордогу окуучуларга карточкалардын топтомун таратыңыз жана «Окуя поездин» курууну сураныңыз. Андагы окуялардан (карточкалардан) турган сызык чыгармада алар кабыл алган тартипте болот. Окуучуларга окуялар сандык катар сыяктуу солдон оңго карай тизилерин эскертип коюуңуз.

### Жалпы класс

- 5-кадам. Окуучулардан чыгармада канча окуя болгонун жана алардын бири-биринен кандайча орун алганын аташын сураныңыз. Керек болгондо, тапшырманы өзүңүз баштаңыз (а), окуучулар бул тапшырманы кантип аткаруу керектигин түшүнүшү үчүн, анын аткарылышын тактага жазыңыз, аягына чыгарыңыз. Чыгармада болгон биринчи окуянын сүрөтү бар карточка биринчи номерине коюлат, андан кийин окуучулардан сураңыз: «*Андан кийин эмне болду? Кайсы окуя үчүнчү болуп эсептелет? Жетиден мурун кандай окуя болгон? Эгер сегизинчи окуядан биринчи орунга кайрадан келсек, биз кайда барабыз* (артка кайрылуу)*? Төртүнчү жана тогузунчу окуялар бири-биринен канчалык алыс?*

### Стратегияны колдонгондон кийин

**Үй тапшырмасы:** «Окуя поездинин» негизинде болуп өткөн окуяларды негиз кылып, чыгарманын баянын даярдагыла.

**Баалоо:** окуялардын ырааттуулугу жана мейкиндиктик мамилелери жөнүндө суроолорду кээ бир окуучуларга бергиле. Суроолор жалпы класс менен талкуулоо учурунда сунушталган суроолорго дал келиши керек.

### Баалоонун варианттары

- Окуу көндүмдөрү калыптанбаганын көрсөткөн окуучулар: окуучуларды кичи топко уюштуруу жана алар менен чыгармада жүрүп жаткан сандык катар жана окуялардын айкалышы боюнча өзүнчө иштөө.
- Окуу көндүмдөрү калыптанганын көрсөткөн окуучулар: бул стратегияны эми өз алдынча башка чыгарма менен пайдаланууну сунуш кылуу («Окуялар поездин» түзүү), же сандык катарды (оозеки же жазуу түрүндө) пайдалануу менен конкреттүү окуялардан турган, өзүнүн жеке аңгемесин жаратууну сунуштоо.

## 5.4. «СОКРАТТЫН СЕМИНАРЫ» СТРАТЕГИЯСЫ

«Сократтын семинары» стратегиясы («сократтык семинар», «сократтык маектешүү», «эвристикалык сүйлөшүү» катары дагы белгилүү). Байыркы грек философу Сократ өзүнүн окуучулары менен колдонгон методиканын негизинде иштелип чыккан окутуу стратегиясы.

Бул чындыкты издөө процессинде багыттоочу суроолорду берүү методу, ал талкуулоонун (дискуссия) бир түрү, ошондой эле окутуунун суроо-жооп формасы, анда мугалим окуучуларга даяр билимди бербестен, ойлонулган суроолор менен аларды өз алдынча жыйынтыкка келүүгө түртөт.

Жооп бергенде, эскертүүлөрдү, комментарийлерди киргизсе болот, жоопторду издөөгө, кошумчалоого, кеңейтүүгө түрткү болуу керек: мисалы, «картадан көрсөткүлө», «иш-аракетти талдагыла», «окугула жана айтып бергиле», «текст менен далилдегиле».

Мугалим окуучулардын мүмкүн болгон реакциясын алдын-алуу менен, темага жакшы даярданышы зарыл.

«Сократтын семинары» стратегиясы боюнча текстти талкуулоо ар кандай ыкмалар менен жүргүзүлүшү мүмкүн. Теманы талкуулоого мүмкүн болушунча көп окуучулардын катышуусу маанилүү. Ушуга байланыштуу, талкуулоону өткөрүүнүн ар түрдүү варианттарын колдонсо болот: мугалим суроолорду даярдап жалпы класска берет, окуучулар суроолорду даярдап бири-бирине жана кичи топтордо беришет.

Экинчи вариант суроолорду берүү көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча бардык окуучулар менен алдын ала ишти талап кылат.

Текстти түшүнүү боюнча ишке көбүрөөк окуучуларды тартуу максатында «Аквариум» технологиясын колдонуу менен, «Сократтын семинарын» уюштурууга болот. Технология талкуулоонун жүрүшүндө эки тегеректи: ички (талкуулоонун катышуучулары) жана тышкы (байкоочулар - сынчылар жана аналитиктер) түзүүнү болжолдойт. Ички тегерек даярдалган суроолордун жана жооптордун жардамы менен көңүлүн окулган тексттин, китептин талдоосуна топтойт. Бул мезгилде, тышкы тегеректеги катышуучулар ички тегеректин талкуулоосуна, ага кирбестен, байкоо жүргүзүшөт.

Ички тегеректе талкуулоо аяктаган учурда, тышкы тегеректин катышуучулары бул жөнүндө пикирлерин айтышат. Бул процесстин узактыгы талкуулоонун темасына жараша болот. «Сократтык» тегеректеги мугалимдин ролу, ал (эркек/аял) багыттоочу суроолордун жардамы менен талкуулоону керектүү тарапка багыттаганынан турат, ушул учурда ал (эркек/аял) талкуулоонун толук кандуу катышуучусу болуп эсептелбейт.

### Суроолорду колдонуу боюнча кеңештер

- Бул методдун алкагында мугалим окуучуларды диалогго түртүү үчүн предметти толугу менен билбегендей болот. Ушул «сабатсыз адам менен диалогдон» улам окуучулар тема боюнча толугураак билим алышат. Диалогдун маңызын жана багытын аныктоочу негизги суроолорду алдын-ала ойлонгула.
- Ойлонууга убакыт бергиле: жооп берүүгө кеминде 30 секунд бөлгүлө.
- Окуучулардын жоопторуна байкоо жүргүзгүлө.
- Багыттоочу суроолорду бергиле.
- Талкуулоонун өзөктүү ойлорун жазуу менен, бардык айтылгандарды маал-маалы менен жалпылагыла.
- Талкуулоого мүмкүн болушунча көп окуучуларды тарткыла.
- Мугалим тарабынан коюлган багыттоочу суроолоруна жооп берүү менен окуучуларга өз алдынча жаңы билимди ачууга мүмкүндүк бергиле.

### Сократтык суроолордун түрлөрү жана мисалдары

Сократтык «суроо» техникасы ар кандай суроолордун түрлөрүн камтыйт[9].

| Суроолордун түрү | Мисал |
|---|---|
| Тактоочу суроолор | Сиз эмне жөнүндө айтып жатасыз? |

[9] Paul Richard W. Critical thinking. Foundation for Critical Thinking. – Santa Rosa, CA. – 1995.

| Суроолордун түрү | Мисал |
|---|---|
| | Аны башка сөз менен айта аласызбы?<br>Сиздин оюңузча, башкы көйгөй эмне болуп эсептелет?<br>Мисал келтире аласызбы? Ушул көз караштты кеңейте аласызбы? |
| Көйгөйдүн пайда болушу жөнүндө суроолор | Эмне үчүн бул суроо ушунчалык маанилүү?<br>Бул суроого жооп берүү татаалбы же жөнөкөйбү?<br>Эмне үчүн сиз мындай деп ойлойсуз?<br>Бул суроонун негизинде кандай божомолдорду жасоого болот?<br>Бул суроо башка маанилүү көйгөйлөрдү жана суроолорду жаратабы? |
| Божомолдоо суроолор | Эмнени божомолдоосо болот?<br>Бул учурда _______ эмнени билдирет?<br>Биз дагы эмнени божомолдой алабыз?<br>Сиз мындай деп _______________эсептеп жатат окшойсуз?<br>Мен сизди туура түшүнүп жатамбы? |
| Себептер жана далилдер жөнүндө суроолор | Эмне мисал боло алат? Эмне үчүн бул чындык деп ойлойсуз? Бизге дагы кандай маалымат керек?<br>Себебин бизге түшүндүрүп бере аласызбы?<br>Кандай логикалык ой жүгүртүү Сизди ушундай жыйынтыкка алып келди?<br>Бул далилдерге ишенбөөгө себептер барбы?<br>Мындай ишенимге эмне түрткү берди? |
| Келип чыгышы жана булактары жөнүндө суроолор | Бул сиздин идеяңызбы же аны башка жерде уктуңуз беле?<br>Сиз буга дайыма ушундай мамиле кылгансызбы? Сиздин оюңузга ким же кандайдыр бир нерсе таасир этти?<br>Сиз бул идеяны кайдан алдыңыз?<br>Эмне Сизди мындай ойлогонго мажбурлады? |
| Себеп-натыйжа суроолору | Бул …кантип таасир этет?<br>Бул чындыгында болобу же ал болжолдуу болобу?<br>Кандай альтернативалар?<br>Сиз муну менен эмнени билдирип жатасыз?<br>Эгер ушундай болуп калса, жыйынтыгында дагы эмне болушу мүмкүн?<br>Эмне үчүн? |
| Суроо-пикирлер | Бул суроого дагы бир топ адамдар кантип жооп берет?<br>Эмне үчүн?<br>_____________ көтөргөн каршы пикирге кандай жооп кайтарат элеңиз?<br>_______ ишенген адам эмне деп ойлойт? |

| Суроолордун түрү | Мисал |
|---|---|
| | Альтернатива барбы?<br>______ менен ______ идеялардын ортосунда эмне окшоштуктар бар?<br>Эмне айырмачылыктар бар? |

- Дифференциация: мазмун, процесс, окуу чөйрөсү.
- Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо: Окутуу процессине катышуу/тартылуу, окутуунун натыйжаларын көрсөтүү.

**Окутуу максаттары**

Текст менен иштөө (баалоо пикири, ой жүгүртүү, аргументация ж.б.) боюнча стратегияларды колдонуу боюнча окуганын түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар**


**Окуучулар:**

- «Сократтык тегеректе» пайдалануу үчүн окугандары боюнча суроолорду түзүшөт;
- балдар адабиятынын окуган чыгармалары боюнча жеке өз пикирлерин түзүшөт;
- окулган чыгарма боюнча суроолорго жооп беришет;
- жаңы материалды өздөштүрүү жана андагы «сократтык» суроолорду колдонуу менен, өзүнүн кебин өнүктүрүү үчүн суроолордун ар кандай түрлөрүн пайдаланышат;
- өз ойлорун күндөлүк жазуу көндүмдөрүн кыскача баяндап берүү менен өркүндөтүшөт.

**Окутуу класс(тар):** 3-4-класстар

**Керектүү материалдар:** балдар адабиятындагы чыгармалар, маркерлер, стикерлер, «Сократтык» суроолордун/тастыктоолордун тизмеси (стратегиянын аягында караңыз).

**Класста ишти уюштуруунун формасы:** жалпы класс; отургучтар эки тегерек түрүндө жайгаштырылган: ички жана тышкы. Ички тегеректе талкуулоого катышкан окуучулар (10-12), ал эми сырткы тегеректе байкоочулар отурушат.




**Стратегияны колдонуу жол-жобосунун баяндалышы**

**Стратегияны колдонгонго чейин**

«Сократтын семинары» өткөрүлө турган сабактын алдында, мугалим:

- Окуучуларга чыгарманы окуп берет.
- Мугалим текст абзацтардан тургандыгы, ар бир абзацта ой камтылгандыгы менен окуучуларды тааныштырат. Окуучулар башкы маалыматты бөлүп көрсөтүүнү, алар түшүнбөгөн сөздөрдү табууну жана алардын маанисин ар кандай булактарды (сөздүктөр, глоссарий, энциклопедиялар, окуу китептери ж.б.) колдонуу менен издөөнү жана табылган маанини жазууга (дептерге же сөздүккө) үйрөнүшү керек. Мугалим сөздүн маанисин кантип аныктоо керектигин, сөз байлыгын кеңейтүүгө кайсы стратегияларды колдонуусун мисал аркылуу көрсөтө алат.
- Мугалим окуучулардан текст боюнча эки суроону жазып берүүнү өтүнөт. Суроолор жогорку деңгээлде же ачык суроолор болушу керек. Бул суроолор окуучулардын ойлонушуна түрткү берет, алар окуучулардын маалыматты колдонуу, кайра түзүү, кеңейтүү, баалоо жана талдоо көндүмдөрүнө багытталган. Адегенде, бул эмне деген суроолор экендигин түшүндүрүү жана мисал келтирүү сунушталат.
- Мугалим окуучулардан китеп жөнүндө өзүнүн пикирин билдирүүнү өтүнөт. Бул чыгарманын башкы каарманы (аңгеме же өмүр баяны), автор тарабынан жазуу стили тандоосу (баяндап берүү, сүрөттөө, ой жүгүртүү, ишендирүү), тилдик өзгөчөлүктөр, темалар, каармандар, кубулуштар (эгер илимий таанып-билүү тексти болсо) ж.б. жөнүндө пикир болушу мүмкүн.

- Мугалим «Сократтын семинарын» өткөргөн учурда окуучулардын көңүлүн топтоого бир катар «сократтык» суроолордун катарын тандап алат же окуучуларга ушундай суроолорду түзүүнү сунуштайт.
- Жогорудагы схемада көрсөтүлгөндөй, класстык бөлмөнүн мейкиндигин алдын-ала уюштуруу маанилүү: тышкы жана ички тегеректер жана окуучуларды отургузуу: ички тегеректе – дискуссиянын катышуучулары, тышкы тегеректе – байкоочулар отурушат.
- Окуучулар «сократтык тегерек» үчүн алар даярдаган бардык материалдарды өзүлөрү менен алып алышы керек: суроолор менен стикерлер, сөздүктөр, өздүк тастыктоолор, калыптанган пикрлер, мисалдар, далилдер, цитаталар менен бөлүп көрсөтүлгөн абзацтар ж.б.
- Байкоочулардын тегереги үчүн мугалим кээ бир суроолорду даярдайт, ага жооп берүү менен, окуучулар байкоо жүргүзүү учурунда талкуулоо жөнүндө материал чогултушу керек.

### Байкоо жүргүзүүчүлөр үчүн болжолдуу суроолор:

- Катышуучулардын активдүүлүгүн кандай бааласа болот?
- Кимдердин чыгып сүйлөгөн сөздөрү жакты жана эмне үчүн?
- Кайсы жооптор таасир берди? Эмнеси менен?
- Эмне үчүн айрым окуучулар талкуга активдүү катышышкан жок деп ойлойсуз?
- Сиздин оюңуз боюнча, талкуулоонун негизги максаты аткарылдыбы?

### Стратегияны колдонуу учурунда

### Жалпы класс

- 1-кадам. Окутуунун максатын жана күтүлүүчү натыйжаларын түшүндүрүңүз. Кийинки 15-20 мүнөттүн ичинде окуучулар классташтарына даярдалган суроолорду беришет жана аларга «сократтык» талкуулоону уюштуруу менен, жооп беришет.
- Дискуссияга катышып жаткан окуучулардын арасынан чыккан ыктыярчы, талкуулоону биринчи суроо же текстке комментарий берүү менен баштайт. Ал (эркек бала/кыз) суроого жооп бере турган же комментарий бере турган окуучуну аныктайт. Бир суроону талкуулоого 3-4 мүнөт убакыт бөлүнүшү керек. Андан кийин, талкуулоону башкаруу башка окуучуга өтөт. Ички чөйрөдөгү окуучулар (талкуулоонун катышуучулары) өзүлөрүнүн суроолорун (ар бири эки суроо) берүү менен талкуулоого өз салымын кошушат.
- 2-кадам. Дискуссиянын биринчи баскычынан кийин (суроолордун биринчи топтомдору), талкуулоонун катышуучулары байкоо жүргүзүүчүлөрдөн кайтарым байланыш алуу үчүн аны токтотуңуз (Байкоо жүргүзүүчүлөр үчүн болжолдуу суроолор).
- 3-кадам. Эми окуучулар алмашышат: ички тегеректеги окуучулар сырткы тегерекке өтүшөт, демек, тышкы тегерек ички болуп калат. Анан талкуулоо улантылат.
- 4-кадам. Окуучуларды дискуссиянын үчүнчү баскычын өткөрүү үчүн ордуларын алмаштырыңыз.

- 5-кадам. Окуучуларга өз партасына отурууну жана «сократтык» талкуулоо боюнча кыска жалпылоо жазууну сунуш кылыңыз. Мындай жалпылоонун үлгүсүн көрсөтүңүз. Бул өз алдынча иш экендигин, ошондуктан тынчтык сакталууга тийиш экендигин көрсөтүңүз.

**Стратегияны колдонгондон кийин:**

**Үй тапшырмасы:** окуучулар жазуу тапшырмасын бүтүрүшү керек.

**Баалоо:** талкуулоого катышуу суроолордун берилиши жана катышуучулардын жооптору боюнча бааланышы мүмкүн.

**Баалоонун варианттары**

- Окуу көндүмдөрү калыптанбаганын көрсөткөн окуучулар: сөздөрдүн дубалы (тексте, китепте пайдаланылган жаңы же түйүндүү сөздөр), мугалим талкуулоо учурунда окуучулардын ушул сөздөрдү пайдалануусун демилгелейт.
- Окуу көндүмдөрү калыптанганын көрсөткөн окуучулар: мугалим бул окуучуларга ички тегеректе талкуулоону баштоону сунуштайт, же окуучуларга өткөрүлгөн дискуссиянын негизинде аргументтештирилген эссе жазууга сунуштоо.

## 5.5. ИЛЛЮСТРАЦИЯЛАНГАН КИТЕПТЕР АРКЫЛУУ АР ТҮРДҮҮЛҮКТҮ ТАЛКУУЛОО СТРАТЕГИЯСЫ

Иллюстрацияланган балдар китептери же сүрөттөр менен китептер деп аталган башталгыч мектептин көп түрдүүлүк маселелерин окуп-үйрөнүү үчүн пайдалуу жана баалуу ресурс болуп эсептелет, анткени бул китептерде визуалдык сүрөттөр аркылуу, маданий, тилдик, биологиялык, социалдык, физикалык, расалык, этникалык жана коомдогу ар түрдүүлүктүн башка түрлөрү түшүнүктүү жана терең ачылып берилет. Сабакта бул китептерди пайдалануу инклюзивдик маданиятты өнүктүрүүгө, окуучулардын ар түрдүүлүк (анын ичинде майыптуулук) жөнүндө маалымдуулугун жогорулатууга жана окуучуларда эмпатияны (сезимталдык, боорукердик) жана толеранттуулукту (ар түрдүүлүктү кабыл алуу) пайда кылууга мүмкүнчүлүк түзөт. Ар түрдүүлүк темасын ачуу үчүн сүрөттөрү менен китептердин авторлору колдонуп жаткан көркөм ыкмаларынын көп түрдүүлүгү балдарга тигил же бул маданияттын өзгөчөлүктөрүн тереңирээк билүүгө, ошондуктан аны түшүнүүгө жана кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет.

- Дифференциация: мазмуну, процесс, окуу чөйрөсү.
- Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо: окуунун натыйжаларын көрсөтүү, окуучулардын окутуу процессине катышуусу/тартылуусу.

**Окутуу максаттары**

- Окуганын түшүнүү жана визуалдык сабаттуулук көндүмдөрүн өнүктүрүү.
- Ар түрдүүлүккө (майыптуулук, көп маданияттуулук, көп тилдүүлүк) позитивдүү (басмырланбаган) мамилени өнүктүрүү.
- Окуучулардын бири-бирине болгон кызыгуусун арттыруу; ар бир адамдын инсандык баалуулугуна болгон сый мамилени калыптандыруу.

**Күтүлүүчү натыйжалар**

**Окуучулар:**

- ар түрдүүлүк эмне экендигин түшүнүшөт жана аны кабыл алууга үйрөнүшөт;
- китепте чагылдырылган элдердин жана маданияттардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктап, китепте келтирилген далилдердин негизинде өз пикирлерин түзүшөт;
- окугандары менен өзүлөрүнүн турмуштук тажрыйбасы ортосундагы байланышты табышат.

**Окутуу класс (тар):** 1–4-класстар

**Керектелүүчү метериалдар:** көп түрдүүлүк, майыптуулук, басмырлоо, толеранттуулук, көп маданияттуулук ж.б. жөнүндө балдардын иллюстрациялык китептери (Мисалы, Дэвид Смоллдун «Имогенанын Бугу Мүйүздөрү», Джимми Лиаонун «Түстүн үнү», Джулия Дональдсондун «Сонун аюу», Сильвия Веккининин «Алло, балык сүйлөп жатат», Сандра Дикманндын «Керемет», Питер Рейнольдстун «Чекит», Шарон Драпердин «Салам, кел сүйлөшөлү», Кэндзиро Хайтанинин «Коёндун көз карашы», Линда Мэллэли Ханттын «Сырдуу Эллинин көзү менен укмуштуу дүйнө», Р.Ж. Паласионун «Керемет», Алтын Капалованын «Төрт бурчтук өлкө» ж.б., ар бир балага «Биз ар түрдүүбүз» баракчасы.

**«Биз ар түрдүүбүз»**

| **Кимди тапсаңыз ...** | **Аты** |
|---|---|
| Казакстанга барган. | |
| Өзбек тилинде бешке чейин эсептей алат. | |
| Оштон келген. | |
| Пиццанын төрт түрүн атайт. | |
| Ысык-Көлдө туугандары бар. | |
| Беш тилде «салам» айта алат. | |
| Ал удаалаш класстын (А, В же С класстары) он окуучусунун атын айтат. | |
| Ал Англияда пайда болгон популярдуу спорттук оюнду ойнойт. | |
| Нарында чоң ата, чоң энесиникинде эс алышат. | |
| Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын атын атай алат. | |
| Беш түрдүү жыпар жыттуу заттарды атай алат. | |
| Дунган ашканаларын абдан жакшы көрөт (ашлямфу, фунчёза, лагман). | |
| Индиялык тамактарды сынап көргөн. | |
| Кыргызстан менен коңшу болгон бардык өлкөлөрдү айта алат. | |
| Үйдө эне тил болуп эсептелбеген окутуу тилин пайдаланат. | |
| Казакстандын, Өзбекстандын жана Тажикстандын борборлорун туура айтат. | |

**Класста ишти уюштуруунун формасы:** жалпы класс

**Стратегияны колдонуу жол-жобосунун баяндалышы:**

**Стратегияны колдонгонго чейин**


Мугалимге сунушталат:

- теманы тандоо, окуп-үйрөнүп жаткан темага ылайык келген китеп тандоо.
- окуучулардын кыймылын болжолдогон жалпы топтук иш үчүн мейкиндикти уюштуруу.

### Стратегияны колдонуу учурунда

- 1-кадам. Окуучуларга сабактын максаты, милдеттери жана жүрүшү жөнүндө түшүндүрүңүз. Окуучуларды окулган китепти активдүү талкуулоого, сабактын ар бир баскычына катышууга чакырыңыз.
- 2-кадам. Окуучулардын окуп-үйрөнүлгөн тема боюнча алдын ала билимин актуалдаштыруу (чыгаруу). Мисалы, окуучулардан балдардын майыптуулугу жөнүндө кандай ойлору бар экендигин же жергиликтүү коомчулукта кайсы тилдер пайдаланарын алар билишеби деп сурасаңыз болот.
- 3-кадам. Окуучуларды китеп менен тааныштырыңыз: китептин аталышы талкууланат, мукабасындагы иллюстрация каралат, автор жана иллюстратор жөнүндө маалымат берилет. Окуучуларга китептин мазмуну жөнүндө өз божомолдоолорун айтууну сунуш кылыңыз.
- 4-кадам. Үн чыгарып окуу техникасын, диалогдук («Багыттоо, баалоо, кеңейтүү, реакция кылуу» жана «Шыбырап айтуу» стратегияларын), интерактивдүү окуу, сүрөттөрдү көрсөтүү, окулган нерселерди талкуулоо үчүн тыным жасоону колдонуу менен окуучуларга китепти окуп бериңиз.
- 5-кадам. Китепти окуп бүткөндөн кийин, окуучулардан башкы/башка каармандардын ортосундагы окшоштуктары жана айырмачылыктары жөнүндө сураңыз, бир китепти экинчиси менен же окуган китепти жеке турмуштук тажрыйбасы менен салыштырып көрүүнү сунуштаңыз. Төмөндө болжолдуу суроолордун айрымдары келтирилген:
    - Чыгарманын ушул эки каарманы эмнеси менен окшош? Китепте кандай далилдер келтирилген?
    - Чыгарманын ушул эки каарманы эмнеси менен айырмаланат? Китепте кандай далилдер келтирилген?
    - Чыгарманын башкы каарманы эмнени сезет? Сиздин оюңуз боюнча, эмне үчүн?
    - Сюжеттин жүрүшүндө каарман же анын чөйрөсү/жашоосу өзгөрдүбү?
    - Сиз анын ордунда болсоңуз, анда сиз кандай сезимде болот элеңиз?
- 6-кадам. Окуучулар салыштырууга өз алдынча же жуп менен графикалык уюштуруучусун толтурса болот.
    1. Чыгарманын башкы каарманы ким?
    2. Чыгарманын башка каарманы (же каармандары) ким?
    3. Алардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктагыла.

**Венндин диаграммасы**




- 7-кадам. Окуучуларга «Биз ар түрдүүбүз» баракчасын таратыңыз, аны кантип толтуруу керек, эмне кылуу керектигин түшүндүрүңүз.
- Окуучулар классташтарына суроолорду берүү менен 10 мүнөттүн ичинде баракчаларын толтурушу керек. Окуучулар өзүлөрүнө керектүү маалыматты таба алышы үчүн класста эркин жүрүү демилгеленет. Мугалим бул «тапшырманы тезирээк аткара турган» жарыш эмес, керектүү маалыматты табуу үчүн классташтары менен баарлашууга мүмкүнчүлүк экендигине көңүл бурат.
- Окуучулар ар бир суроого жооп алуу үчүн классташынын бирөөсүнөн гана эмес, бардык классташтарынын арасында сурамжылоо өткөрүшү керек.
- 8-кадам. Ар түрдүү окуучуларды сурамжылоо менен окуучулардын керектүү маалыматтарды кантип чогултуп жаткандыгына мониторинг жүргүзүңүз.
- 9-кадам. Окуучулар бул тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин, аларды алган маалыматы менен бөлүшүүсүн сунуштаңыз, аларды көбүрөөк таң калтырган жоопторду белгилөөнү сураныңыз.
- 10-кадам. Окуучулар менен бирге ар түрдүүлүктү кабыл алуунун маанилүүлүгүн таануу менен, окуп-үйрөнүлгөн теманын жыйынтыгын чыгарыңыз.

**Стратегияны колдонгондон кийин**

Окуучуларды кызыктырган ар түрдүүлүктүн бардык темаларын толугураак окуп-үйрөнүү китепканага, реабилитациялык борборго, атайын мектепке же сүрөт китебинин темасы жана окуп-үйрөнүлгөн тема менен байланыштуу көркөм сүрөт көргөзмөсүнө баруу аркылуу улантылышы мүмкүн.

**Үй тапшырмасы:** Окуучуларга ар түрдүүлүк жөнүндө кызыктуу китепти табууга жана кийинки сабакка анын презентациясын даярдоо сунушталат.

**Баалоо:** Китепти окугандан кийин, окуганды түшүнүүгө багытталган бир нече суроолорду берсе болот.

**Баалоонун варианттары**

- Окуу көндүмдөрү калыптанбаганын көрсөткөн окуучулар: мугалим «Башкарып окуу» стратегиясын колдонуу менен кичи топто ушул окуучулар менен иштейт.
- Окуу көндүмдөрү калыптанганын көрсөткөн окуучулар: мугалим ушул окуучуларга окуп-үйрөнүлгөн тема боюнча дил баян жазууну сунуштайт.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Children's Picture Books. The art of visual storytelling. Martin Salisbury, Morag style; Laurence King Publishing, 2015.
2. Literacy for the 21st Century. A Balanced Approach. Gail e. Tompkins, California State University, Fresno, Emerita, Pearsom, 2017.
3. Reconsidering read-aloud, Mary Lee Hahn.
4. Serravallo J., «Reading Strategies Book. Your Everything Guide to Developing Skilled Readers». Heinemann, Postmouth, NH, 2015 г.
5. Strategies for Effective Balanced Literacy, Mary Jo Fresch, Shell Education, 2016
6. Аромштам М. Читать!, издательство «Дискурс», Минск, 2018 г.
7. Берджес Д. Обучение как приключение: как сделать уроки интересными и увлекательными. – М.: Издательство «Альпина Паблишер, 2017.
8. Буг Дж., «Рожденный читать: как подружить ребенка с книгой», издательство «АНФ», Москва, 2015 г.
9. Гейман Н. Почему наше будущее зависит от библиотек, чтения и фантазии. URL:http://god-literatury.ru/
10. Как писать крутые тексты. – М.: Издательство «Манн, Иванов, Фербер», 2018.
11. Кузнецова Ю. Расчитайка. Как помочь ребенку полюбить чтение. – М.: Издательство «Манн, Иванов, Фербер», 2018.
12. Лемов Д. Мастерство учителя. Проверенные методики выдающихся преподавателей. – М.: Издательство «Манн, Иванов, Фербер», 2016.
13. Мангуэль А. История чтения. – Екатеринбург: Издательство «У-фактория», 2007.
14. Пеннак Д. Как роман. – М.: Издательство «Самокат», 2013.
15. Подъяпольская О.И. Комикс как средство обучения. – Международная конференция «Дистанционное обучение: взгляд из настоящего в будущее» – 1- 4 июля, 2015. – URL: https://www.youtube.com/watch?v=HlxWeMH1yso
16. Райцес М. Читательский дневник. – М.: Издательство «Манн, Иванов, Фербер», 2018.
17. Светловская Н., Пичеоол Т. С. Детская литература в современной начальной школе. – М.: Юрайт, 2018.
18. Светловская Н.Н. Детская книга и детское чтение в современной начальной школе. — М.: Московский городской педагогический университет, 2011.— 232 с. Режим доступа: http://www.iprbookshop.ru/26466.html
19. Фостер Т. Искусство чтения. Как понимать книги. – М.: Издательство «Манн, Иванов, Фербер», 2015.
20. Чамберс Э. Расскажи.Читаем, думаем, обсуждаем. – М.: Издательство «Самокат», 2016.

## МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Albuquerque Public Schools. (n.d.). Children’s literature with fine arts strategies. URL:https://www.aps.edu/fine-arts/arts-related-literature/arts-related-childrens-literature
2. Almerico, G. M. (2013). Linking children’s literature with social studies in the elementary curriculum. *Journal of Instructional Pedagogies*, 1–13.
3. America Reads at Bank Street College of Education. (n.d.). *Hints on how to read aloud to a group*. Reading Rockets.URL: https://www.readingrockets.org/article/hints-how-read-aloud-group
4. Crippen, M. (2012). The value of children’s literature. *Oneota Reading Journal*. URL:https://www.luther.edu/oneota-reading-journal/archive/2012/the-value-of-childrens-literature/
5. Dickson, S. V., Simmons, D. C., & Kameenui, E. J. (1998). Text organization: Instructional and curricular: Basics and implications. In D. C. Simmons & E. J. Kameenui (Eds.), *What reading research tells us about children with diverse learning needs: Bases and basics* (pp. 279–294. Lawrence Erlbaum Associates.
6. Fadiman, C. (n.d.). *Children’s literature*. Britannica. Retrieved from
7. Fresch, M. J. (2016). *Strategies for effective balanced literacy*. Shell Education.
8. Glaister, B. (2012). Ten reasons for using children’s literature across the curriculum. University of Lethbridge. URL:https://www.uleth.ca/sites/default/files/integratingliteraturereasons.pdf
9. Grant, M. (2017, November 2). *The difference between fiction and nonfiction*. Book Riot. https://bookriot.com/2017/11/02/difference-between-fiction-and-nonfiction/
10. Hammerberg, D. D. (2001). Reading and writing “hypertextually”: Children’s literature, technology, and early writing instruction. *Language Arts, 78*(3), 207–216. URL:https://www.academia.edu/579125/Hammerberg_Hassett_D._D._2001_._Reading_and_writing_hypertextually_Children_s_literature_technology_and_early_writing_instruction._Language_Arts_78_3_207-216
11. Hellwig, S. J., Monroe, E. E., & Jacobs, J. S. (2000). Making informed choices: Selecting children’s trade books for mathematics instruction. *Teaching Children Mathematics*, *7*(3), 138–143.
12. Knight, R. (2017, June 5). The power of picture books in the primary classroom. University of Nottingham. URL:https://blogs.nottingham.ac.uk/primaryeducationnetwork/2017/06/05/power-picture-books-primary-classroom/
13. Mahzoon-Hagheghi, M., Yebra, R., Johnson, R. D., & Sohn, L. N. (2018). Fostering a greater understanding of science in the classroom through children's literature. *Texas Journal of Literacy Education, 6*(1), 41–50. URL:https://files.eric.ed.gov/fulltext/EJ1183979.pdf
14. Minardi, K. S. (1994). *Using children’s literature: An approach to teaching reading*. UNF Graduate Theses and Dissertations. 84. https://digitalcommons.unf.edu/etd/84
15. Mullen, M., Ramers, L., Elia, S., Casey, S., & Wheaton, L. (2014). *AVID Excel volume 1: Academic language acquisition*. AVID Press.
16. Reading Is for Everyone. (n.d.). *Fiction and nonfiction: A perfect pair!*
17. Reading Rockets, Walker, R., & Salvadore, M. (2016). *How to choose read aloud books: Babies to third graders*. URL:https://www.readingrockets.org/article/how-choose-read-aloud-books-babies-third-graders

18. Sanders, J. (2014, November 12). *The importance of picture books for learning*. Whooo's Reading. URL:http://blog.whooosreading.org/the-importance-of-picture-books-for-learning/
19. This Reading Mama. (n.d.). *Books for building fluency with readers*. URL:https://thisreadingmama.com/books-building-fluency/
20. Tompkins, G. E. (2017). *Literacy for the 21st century: A balanced approach.* Pearson.
21. Tu, Wei. (1999). Using literature to help children cope with problems. ERIC Digest. URL:https://www.ericdigests.org/2000-3/cope.htm
URL:https://files.eric.ed.gov/fulltext/EJ1097148.pdf
URL:https://www.britannica.com/art/childrens-literature
URL:https://www.capstonepub.com/sites/reading_is_for_everyone/articles/pairingfictionnonfiction.html
22. USAID. (2019, February 12). *Time to Read project*. USAID. URL:https://www.usaid.gov/kyrgyz-republic/fact-sheets/time-read-project
23. Whitin, D. J., & Whitin, P. (2004). *New visions for linking literature and mathematics.* National Council of Teachers of English.
24. Аромштам М. Читать! - Минск: Дискурс, 2018.
25. Буг Дж. Рожденный читать: как подружить ребенка с книгой. – М.: АНФ, 2015.
26. Кузнецова Ю. Расчитайка. Как помочь ребенку полюбить чтение. – М.: Издательство «Манн, Иванов, Фербер», 2018.
27. Лемов Д. Мастерство учителя. Проверенные методики выдающихся преподавателей. – М.: Издательство «Манн, Иванов, Фербер», 2016.
28. Мангуэль А. История чтения. – Екатеринбург: Издательство «У-фактория», 2007.
29. Пеннак Д. Как роман. – М.: Издательство «Самокат», 2013.
30. Светловская Н., Пичеоол Т. С. Детская литература в современной начальной школе. – М.: Юрайт, 2018.
31. Фостер Т. Искусство чтения. Как понимать книги. – М.: Издательство «Манн, Иванов, Фербер», 2015.
32. Чамберс Э. Расскажи: читаем, думаем, обсуждаем. – М.: Издательство «Самокат», 2016.

# СӨЗДҮК

**Адабий ийримдер** – бул окутуу стратегиясы, анда окуучулардын кичи тобу окуганга жана талкуулоого бир китепти (окуя, кичинекей поэтикалык чыгарма, макала же тексттин бөлүгү) тандап алышат Бул топто окуучулар алдыдагы талкуулоодо ар кандай жоопкерчиликти алышат (эксперт). Китепти окуп жатканда окуучулар китепке эксперттердин ролуна тиешелүү белгилерди жазышат, андан соң жалпы топ ар бир «эксперттин» комментарийлерин эске алуу менен окулган китепти талкуулашат. Ар бир кичи топ окуп-үйрөнгөн темага байланыштуу ар кандай китептерди окуй алат.

**Азбука** – алфавитке негизделип түзүлгөн, окууну жана жазууну үйрөтүү үчүн тамгалар белгилеринин иреттелген тутумун көрсөткөн китеп. Алиппенин мазмуну сүйлөө тыбыштарын билдирген белгилердин сөзмө маанисине маңыздык басым жасоо принциби боюнча курулат. Аларды жаттоо жана кийинчерээк муундарга жана сөздөргө бириктирүү – лексиканы өздөштүрүүгө негиз, андан таанып-билүүнүн эң маанилүү каражаты катары тилди окуп-үйрөнүү башталат.

**Акыл (менталдык) картасы** – бир борбордук идеядан келип чыккан ой-пикирлердин табигый агымын чагылдыруу. Бул жөнөкөй жана натыйжалуу ой жүгүртүү визуализациясы. Бул идеяларды жаратуу, талдоо жана өнүктүрүү үчүн колдонулат.

**Алиппе** – сабаттуулукту окутуу үчүн китеп. Алиппе окуучуларга: а) басылган жана кол менен жазылган тамгаларды жана алардын тыбыштык маанилерин үйрөнүүгө, б) жөнөкөй муундарды жана сөздөрдү чогуу окууга жана туура окугандарды түшүнүүгө; в) кичинекей тексттерди окуп жана түшүнүүгө; г) жөнөкөй сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү жазууга жардам берет.

**Балдар адабияты** – бул балдардын дүйнө таанымын эске алуу менен балдарга арналган адабият. Ар кандай жанрлар (мифтер, жомоктор, тамсилдер, уламыштар, фантазия, реализм, тарыхый проза, поэзия), түрлөрү (иллюстрацияланган, тартылган ж.б.) жана форматтары (электрондук, интерактивдүү, сезим ж.б.) бар.

**Виммельбух** – (немис тилинен *Wimmelbuch*, андан кыскартылган. *Wimmelbilderbuch* – «Жылтылдаган сүрөттөрү менен китепче» – ачык, деталдуу, максималдуу каныккан визуалдык маалымат иллюстрациясы менен ири форматтагы балдардын өнүгүү китеби. Виммельбух китебинде минималдуу текст камтылган (же текст таптакыр жок), бирок сүрөттөр майда-чүйдөсүнө чейин толгон. Ар бир китепте күн, ай, жыл бою кызыктуу жана күлкүлүү окуялар болуп өткөн каармандар бар. Бул окуучуларга ар бир учурда сүрөттөрдү жаңыча «окуганга» жана жаңы окуяларды ойлоп табууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай китептин негизги максаты – тышкы дүйнө менен таанышуу, сөз өстүрүү жана элестетүү.

**Деңгээл боюнча окуу материалдары** - бул татаалдык деңгээлине ылайык китептердин классификациясы: жөнөкөй окурман окуй ала турган жөнөкөй китептерден баштап, илгериленген окурман өздөштүргөн татаал жана узун китептерге чейин. Инклюзивдик мамиле бардыгы үчүн жагымдуу, жеткиликтүү

боло турган социалдык жана физикалык чөйрөнүн кайрадан өзгөрүшүн (трансформацияланышын) билдирет.

**Илимий таанып-билүү адабияты** – маалымат фактыларга негизделген чыгарма. Мындай адабияттын негизги милдети - реалдуу дүйнөнүн аспектилери тууралуу баяндоо, маалымат берүү, түшүндүрүп берүү, ишендирүү жана көрсөтмө берүү. Мындай адабияттарда жеткиликтүү түрдө маанилүү илимий, коомдук жана маданий кубулуштар түшүндүрүлөт. Бул категорияга илим, илимий жетишкендиктер жана окумуштуулар жөнүндө адабий чыгармалар, ошондой эле ашкана китептери, мемуарлар, очерктер, эссе, энциклопедиялар, сөздүктөр, ботаника, биология, медицина, робототехника жана башка китептер кирет. Илимий таанып-билүү адабияты билим берүү, таанып-билүү, өнүгүү, маалыматтык жана тарбиялык функцияларын аткарат, баланын реалдуулукту таанып-билүүсүнө өбөлгө түзөт.

**Иллюстрацияланган китеп** – (тартылгандан айырмаланып) – бул сүрөттөр (иллюстрациялар) китепти эстетикалык жактан жакшыртат, бирок иллюстрациялар текстти гана чечмелейт. Анын милдети текстти кабыл алууну жеңилдетүү же андан алган таасирди жогорулатуу. Иллюстратор оозеки образдарды көрүнгөн формага келтирип, тексттин автору эскербеген деталдары менен оозеки образды толуктай алат, бизге күтүлбөгөн жерден каармандыбызды көрсөтө алат же сюжеттин кагылышуусуна байланыштуу сезимдерин билдире алат. Бирок ал эч качан автор менен ачык карама-каршылыкка кирбейт - же тагыраак айтканда, кирбеш керек.

**Китеп** – бул бир бетине чапталган же тигилген жана чапталган беттерден турган жазуу же басма иши. Маалыматтык технологиялардын өнүгүүсү менен электрондук китептер жайылып жатат - компьютерлерде же атайын шаймандарда окула турган басма китептердин электрондук версиялары.

**Комикстер** (англис тилинен. comic - күлкүлүү) - кыска тексттер менен сүрөттөрдүн сериясы, байланыштуу баянды түзүү. Комикстер искусствонун эки түрүн - адабият жана көркөм сүрөт искусствосун айкалыштырат, мына ошентип баяндоонун жана визуалдык аракеттердин биримдигин билдирет. Комикстерде текстин болушу сөзсүз эмес, интуитивдик деңгээлде түшүнгөн сюжети менен «үнсүз» комикстер дагы бар. Көбүнчө комикстердеги төл сөз филактёрдун («тексттик булуттун») – «ооздон көбүктүн» жардамы менен берилет, ал каармандын оозунан «жарылып» жиберилет. Автордун сөздөрү, адатта, комикстин жогору же төмөн жагына жайгаштырылат. Комикстер жанры боюнча да, сүрөттөөнүн стили боюнча да ар кандай болушу мүмкүн.

**Көркөм адабият** – элестетилген же ойдон чыгарылган адамдар менен окуяларды сүрөттөгөн адабий чыгармалар. Адатта, башкы каарман, окуялар болгон жер, чечиле турган көйгөй, окуялар жана көйгөйдү чечүү бар.

**Манга** – жапон тилинен алынган «гротеск», «таң калыштуу (же күлкүлүү) сүрөттөр» дегенди билдирет. Бул комикс жанры Японияда пайда болгон жана бүгүнкү күндө ал дүйнө жүзү боюнча кеңири жайылган. Манга - бул түстүү жана түшүнүктүү иллюстрациялар менен коштолгон, тексттин минималдуу жыйнагы бар сүрөттөрдөгү окуялар. Ал салттуу комикстерден өзүнүн графикалык жана адабий стили менен айырмаланат. Мангадагы бардык сүрөттөр ак жана кара түстө, эреже

катары, оңдон солго карай окулат, сюжет жана сүрөттөрдү, адатта, бир автор тарабынан түзүлөт.

**Скетчбук** – англис тилинен скетчбук (sketchbook) которулганда эскиз китеп - бул эскиздерге альбом (sketch - эскиз, book - китеп). Бул чыгармачыл документ, жазуу жана визуалдык материалды, өзүнө эскиздер боюнча же өз алдынча аткарууга тапшырмаларды камтыйт. Китептин бул формасы жаратуу процесси жөнүндө ойлонууга мүмкүнчүлүк берет: изилдөө, акыл чабуулу, эксперименттер, тестирлөө, талдоо жана окуя сюжетин тактоо.

**Сократтын семинары** – бул лидер ачык суроолорду берген, текстке негизделген расмий талкуулоо. Талкуу / талкуулоо учурунда окуучулар башкалардын комментарийлерин кунт коюп угушат, окулган текстти сынчыл түшүнүү менен, башкалардын ойлоруна жана идеяларына карата өзүлөрүнүн ой-пикирлерин калыптандырышат.

**Стереотип (социалдык)** (грек тилинен stereos – бекем, бышык typos – форма, үлгү) – адамдардын тобуна карата айтылган түшүнүктөрдүн жалпыланган, жөнөкөйлөтүлгөн жана ригиддүү[10] системасы, тиги же бул топтун бардык мүчөлөрүнүн реалдуу сапаттарынан алыс мүнөздөмөлөрдүн жыйындысын бир адам алып жүрүүчү катары каралат.

**Тартылган китеп** – бул визуалдуу жана кээде оозеки баяндалган китеп форматындагы тартылган окуя. Мындай китептеги иллюстрациялар сүрөттөр китеп сүрөттөрүн чагылдырат, анда иллюстрация текстти коштобойт, бирок текст (эгер бар болсо) сүрөттөрдү коштойт. Иллюстрациялар текстти эмес, окуяны айтып берет. Текст сүрөттү кабыл алууга жардам берет, андан көз каранды болот жана өз алдынча жашай албайт. Өзү эле, сүрөттөрдөн тышкары, ал маанисин жоготот. Оозеки баяндоонун интонациясы нейтралдуу же олуттуу, ал эми сүрөттөр – күлкүлүү же «ээнбаш» болушу мүмкүн. Сүрөт-китепчелери башкы каармандын карама-каршылыктарын дайыма «ачат»: анын жасаган иши, айткандарына карама-каршы келет. Мындай китепти түзүүдө сүрөт тартуунун ар кандай техникалары пайдаланат: май, акрил, акварель, карандаш ж.б.

**Фантастика** – (байыркы грек тилинен fanastiki сөзүнөн – элестетүү искусствосу - фантазия) - бул көркөм адабият жанры, ал реалдуу эмес, учурда ишке ашырылбай турган окуяларды биздин реалдуулук менен айкалыштырат. Бул чыгармаларда идеялар жана образдар автор тарабынан ойдон чыгарылган таң калыштуу жана чындыкка коошпогон дүйнөгө негизделип курулат. Фантастика фэнтэзиден айырмаланып, анда чыныгы эмес көрүнүштөр катары мистикалык эмес, илимий (башкача айтканда, адамдардын алыскы келечеги, жаңы технологиялар, жаңы коомдук тартип жана башкалар) кубулуштар камтылат.

**Фэнтэзи** – (англис сөзүнөн fantasy – фантазия) – бул адабий жанр, фантастиканын бир түрү, ал мифологиялык, фольклордук жана жомок баяндоо мотивдери пайдаланат. Бул чыгармаларда аракеттер реалдуулуга жакын ойдон чыгарылган дүйнөдө орун алат. Мындай дүйнөдө сыйкырчылыктын, кудайлардын, мифологиялык жандыктардын (чөө, эльф, гном, тролль, арбак жана башка фантастикалык жандыктар) кездешкени реалдуу болушу мүмкүн.

[10]Ригиддүү – психологияда жаңы кырдаалдык талаптарга ылайык аракеттенүү программасына даярдыгы жок.

**Электрондук китеп** – бул адабий чыгармалар ар кандай электрондук шаймандарда (смартфондордо, планшеттерде, окурмандарда) окуу үчүн санариптештирилген китеп форматы, ошондой эле ушул форматтагы китептерди окуу үчүн шайман. Китептердин электрондук версиялары ар кандай форматта болушу мүмкүн, ар кандай программаларга жана гаджеттерге ылайыктуу. Электрондук китептердин эң популярдуу форматтары: EPUB, Fb2, Pdf, txt.

## Тиркеме

### Аракеттер планы

Тренингдин аягында ар бир катышуучу тренинг учурунда алган билимдерин жана калыптанган компетенттүүлүктөрүн өз педагогикалык практикасына киргизүү боюнча келечектеги аракеттердин Планын түзүшү өтө маанилүү. Бул план эки нускада түзүлөт. Бир нускасы катышуучунун өзүндө калат, экинчисин ал окутуу тренерине өткөрүп берет. Бул План катышуучу үчүн да, тренер үчүн да маанилүү, анткени тренер катышуучу тренинг учурунда чындыгында эмнени үйрөнгөнү жөнүндө кайтарым байланыш ала алат, ал эми катышуучу ага берилген тренинг жөнүндө ой жүгүртөт, топтолгон тажрыйбаны колдонуу, өркүндөтүү жана бекемдөө боюнча иш-аракеттерди пландаштырууга мүмкүнчүлүк алат. Андан тышкары, бул План тренердин мектепке барган учурунда катышуучуга насаатчылык жардамын камсыз кылат.

**1-кадам:** Азыр дароо эмне кылуу керек экендигин чечиңиз.

| |
|---|
| Жаңы үйрөнгөн нерсеңиздин атын атаңыз, эми аны оңой эле жасай аласыз \ колдоно аласыз \ айтып бералаcыз \ түшүндүрүп бере аласыз: |
| Өзүңүздүн окутуу практикаңызга муну качан киргизе аласыз? |
| Бул идеяны киргизген учурда, Сиз эмнени окутасыз? |
| Сиздин оюңуз боюнча, бул сиздин окуучуларыңызга кантип жардам берет? |

**2-кадам:** Кийинки эки айда жаңы стратегияны («орнотулган тартип») киргизүү боюнча план түзүңүз.

| |
|---|
| Жакынкы эки айда окутуу практикаңызда колдонула турган бир стратегияны («орнотулган тартип») айтыңыз: |
| Сиз окута турган нерсени, предмет/мазмундук тармакты атаңыз: |
| Сиз баштай турган күн: |
| Бул Стратегия сиздин окуучуларга кантип жардам берерин аныктаңыз: |
| Сизге керек боло турган ресурстар жана материалдар: |

| |
|---|
| Сизге керек болгон колдоо (эгер бар болсо): |

**3-кадам:** Жаңы стратегияны колдонуунун баалоосун өткөрүү.

| Бул стратегия сиздин окуучуларыңызга кантип жардам берди? |
|---|
| Эмнени жакшы аткардыңыз? |
| Кандай кыйынчылыктарга туш болдуңуз? |
| Кийинки жолу сиз эмнени башкача кылмак элеңиз? |

**4-кадам:** Мындан ары эмне кыла турганыңызды чечип алыңыз.

| Кийинки жолу кайсы стратегияны колдонгуңуз келет? |
|---|